# ДИНГЕ ИШЕНҮҮ ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНЕ УКУКТУН САКТАЛЫШЫНЫН МОНИТОРИНГИ

## БАЙКООЧУЛАР ҮЧҮН КОЛДОНМОСУ

Бишкек - 2018

УДК 348
ББК 86.3
А 13

**А 13** Авторлор: Абдирасулова Г.Ж., Давлетбаев Ж.Т.

Динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигине укуктун сакталышынын мониторинги. Байкоочулар үчүн колдонмосу. 2-толукталган басылмасы. Бишкек; 2018.- 109 бет.

**ISBN 978-9967-11-663-4**

«Динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигине укуктун сакталышынын мониторинги. Байкоочулар үчүн колдонмосу» Кыргыз Республикасында динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигинин сакталышына байкоо жүргүзүүчү жарандык коомдун активисттери үчүн даярдалган. Колдонмо дин тутуу эркиндиги боюнча адам укуктарын сактоо жаатында мониторинг жүргүзгөн жарандык коомдун активистери үчүн түзүлдү. Колдонмодо мониторинг жүргүзүүнүн негизги принциптери жана ыкмалары баяналып, адам укуктары боюнча улуттук жана эл аралык стандарттарды өзүнө камтыйт.

Бул окуу колдонмосу мониторингге баштапкы даярдыкты уюштуруу үчүн жооптуу кызматкерлерге жана байкоочуларга пайдалуу. Ошондой эле ал Кыргыз Республикасында динге ишенүү жана дин эркиндигин камсыз кылуу жана коргоо маселелери боюнча иштеген башка адистерге да сунушталат.

Бул байкоочулар үчүн колдонмо “Кыргыз Республикасында мамлекеттин жана жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсүнүн аркасында дин тутуу эркиндигин алгалатуу” долбоорунун алкагында коммерциялык эмес “Жалпы кызыкчылыктарды издөө” уюмунун колдоосу менен даярдалды.

Басылма донорлордун жана «Жалпы кызыкчылыктарды издөө» коммерциялык эмес уюмунун Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн расмий көз карашын чагылдырбайт.

**А 0403000000-18** **УДК 348**

**ISBN 978-9967-11-663-4** **ББК 86.3**



**- Эскертүү!**



**- Маанилүү!**



**- Иштөө үчүн даярдануу! Топту окутуу (кызматкерлерди)!**



**- Топтордо иштөө! Биргелешип иш кылуу! Лидерлик!**



**- Байкоо! Анализдөө! Изилдөө!**



**- Суроо! Суроолордун түзүлүшү!**



**- Маалыматты иштетүү! Отчетту даярдоо!**



**- Суроолорго жооп берүү! Манилүү эскертүү!**



**- Нейтралдуулук! Нейтралдык позиция!**



**- Мыйзам! Мыйзам жоболору! Мыйзамдуулук!**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** ... 6

**1-БӨЛҮМ. МОНИТОРИНГДИН ЖАЛПЫ ПРИНЦИПТЕРИ** ... 7
1.1. Мониторингдин негизги принциптери жана милдеттери. ... 7
1.2. Мониторингдин негизги этаптары ... 10
1.2.1. Даярдоо бөлүгү ... 10
1.2.2. Мониторинг жүргүзүү ... 20
1.2.3. Сот процесстеринин мониторинги ... 23
1.2.4. Сурап-билүүлөрдү жана фокус-топторду жүргүзүү ... 30
1.2.5. Анкета жүргүзүүнү өткөрүү. ... 35
1.2.6. Натыйжаларды иштеп чыгуу ... 37
1.2.7. Отчёт түзүү ... 37

**2-БӨЛҮМ. ДИНГЕ ИШЕНҮҮ ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНИН МОНИТОРИНГИ** ... 39
2.1. Эл аралык жана конституциялык стандарттар. ... 39
2.2. Динди башкалар менен бирге тутуу укугу. ... 43
2.2.1. КРнын улуттук мыйзамдары. ... 45
2.2.2. Практикадан алынган мисалдар. ... 47
2.2.3. Маалымат чогултуу усулдары. ... 49
2.3. “Жеке” ынанымдарды тутуу: прозелитизм. ... 51
2.3.2. Практикадан алынган мисалдар. ... 52
2.3.3. Маалымат чогултуу усулдары. ... 53
2.4. Диний адабият жана башка материалдар дин тутуу эркиндигинин ажыратып алгыс бөлүгү катары ... 55
2.4.1. Улуттук мыйзамдар ... 55
2.4.2. Практикадан алынган мисалдар ... 56
2.4.3. Маалымат чогултуу усулдары ... 57
2.5. Диндин же ынанымдардын негизиндеги чыдамсыздык жана кодулоо ... 58
2.5.1. Улуттук мыйзамдар ... 59
2.5.2. Практикадан алынган мисалдар ... 60
2.5.3. Маалымат чогултуу усулдары ... 61
2.6. Динге ишенүү жана дин тутуу эркиндиги камтыган башка чөйрөлөр ... 62

**3-БӨЛҮМ. ЭКСТРЕМИСТТИК МАТЕРИАЛДАРДЫ САКТООДО АЙЫПТОО БОЮНЧА ИШТЕРДИН МИСАЛЫНДА СОТ ПРОЦЕССТЕРИНИН МОНИТОРИНГИ** ... 62
3.1. Экстремизмдин белгилери камтылган диний адабиятты, башка материалдарды ташып келүүгө, сактоого, жайылтууга тыюу салуу ... 63

3.2. Экстремисттик материалдарды сатып алгандык, даярдагандык, сактагандык, жайылткандык, ташыгандык жана тараткандык үчүн жоопкерчилик ........ 65
3.3. Маалыматтык материалдарды экстремисттикдеп табуу боюнча өндүрүш ........ 67
3.4. Дин таануучулук экспертизанын маселелери ........ 68
3.4.1 Мамлекеттик дин таануучулук экспертиза ........ 68
3.4.2. Соттук дин таануучулук экспертиза жана комплекстүү соттук психологиялык-лингвисттик экспертиза ........ 69
3.4.3. Экспертиза жүргүзүү жана анын натыйжаларын жол-жоболоштуруу ........ 71

**ТИРКЕМЕЛЕР** ........ 76
1-тиркеме. Дин тутуу эркиндигине укуктун сакталышынын мониторинги боюнча байкоочу үчүн эскерме ........ 76
2-тиркеме. Мониторингдин куралдары. ........ 79
2.1. Белгилүү бир жазык иши боюнча мониторинг жөнүндө маалымат ........ 79
2.2. Соттон тышкаркы кейстердин мониторинги жөнүндө маалымат ........ 80
2.3. Жазык иштери боюнча сот процессине байкоо жүргүзүүнүн картасы ........ 80
2.4. Маалыматтык материалдарды экстремисттик же террорчулук деп табуу жөнүндө арыздар боюнча сот процессин байкоо жүргүзүүнүн картасы ........ 87
2.5. “Даават” өткөргөндүк үчүн кармалган адамдар үчүн суроолор жыйнакчасы ........ 90
3-тиркеме. Сот адилеттүүлүгүнүн негизги критерийлери: улуттук жана эл аралык стандарттар ........ 92

**БУЛАКТАР** ........ 109

# КИРИШҮҮ

Ушул колдонмо экинчи басылыш болуп саналат жана Кыргыз Республикасында динге ишенүү жана дин тутуу эркиндиги боюнча адам укуктарын сактоо жаатында мониторинг жүргүзгөн жарандык коомдун активисттери үчүн түзүлгөн. Биринчи басылыштан айырмаланып, ал өзүнө айкын учурда маалымат чогултуунун кандай усулун колдонууга болоорун белгилөө менен динге ишенүү жана диндердин эркиндигин камсыз кылуунун практикасынан алынган иштердин баяндамасын камтыйт. Колдонмодо мониторинг жүргүзүүнүн негизги принциптерин жана ыкмаларын баяндалып, адам укуктары боюнча улуттук жана эл аралык стандарттарды өзүнө камтыйт.

Ушул колдонмо соттук угуулардагы байкоолорду даярдоого жана ишке-ашырууга карата негизги аспекттерди камтуу менен биргеликте, сот адилеттүүлүгүнүн жана процессуалдык кепилдиктердин стандарттарын камтыйт.

Колдонмо үч бөлүмдөн турат: биринчиси – мониторингдин жалпы принциптерине арналып, ал даярдануу бөлүгүнөн башталат, андан ары маалымат чогултуу усулдары аныкталуу менен биринчи бөлүм отчёт түзүүгө карата сунуштамалар менен аяктайт; экинчи бөлүм динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигине кепилдик берүүчү укуктук негиздерди өзүнө камтыйт жана дин тутуу эркиндиги чөйрөсүндөгү айрым мисалдардын негизинде мониторинг жүргүзүүнүн практикасына түшүндүрмө берет; “Экстремисттик материалдарды сактоодо айыптоо боюнча иштердин мисалында сот процесстеринин мониторинги” аттуу үчүнчү бөлүм мыйзамдык жана практикалык иштердин өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалыматты камтыйт.

“Тиркемелер” аттуу бөлүк сот процесстерин байкоо карталарынан жана сурап-билүү менен камтылган адамдар үчүн суроолордун жана анкеталардын мисалдарынан турган мониторингдин эрежелерин камтыйт. Бул бөлүккө адилеттүү соттун негизги эл аралык жана улуттук стандарттары да киргизилген.

Бул окуу колдонмосу мониторингге баштапкы даярдыкты уюштуруу үчүн жооптуу кызматкерлерге жана байкоочуларга пайдалуу, ошондой эле ал КРда динге ишенүү жана дин эркиндигин камсыз кылуу жана коргоо маселелери боюнча иштеген башка адистерге да сунушталат.

Ушул окуу колдонмосу “Кыргыз Республикасында мамлекеттин жана жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсүнүн аркасында дин тутуу эркиндигин алгалатуу” долбоорунун алкагында коммерциялык эмес “Жалпы кызыкөылыктарды издөө” уюмунун колдоосу менен даярдалган.

# 1-БӨЛҮМ. МОНИТОРИНГДИН ЖАЛПЫ ПРИНЦИПТЕРИ

## 1.1. Мониторингдин негизги принциптери жана милдеттери

Мониторинг – белгилүү бир жааттагы кырдаалды байкоону, иликтөөнү жана документтештирүүнү билдирет. Ал узак мөөнөт ичинде ар кандай булактардан алынган маалыматтарды тутумдуу чогултууну, каттоону жана иликтөөнү өзүнө камтыйт. Мониторингдин көңүлүнүн топтолушу ал мониторингди жүргүзүп жаткан уюмдун же айрым адамдардын мандатына, ресурстарына жана артыкчылыктарына жараша ар кандай болушу мүмкүн. Андыктан өлкөдөгү жалпы кырдаалды иликтөө жана баяндоо үчүн бир же бир нече белгилүү бир жааттардагы кырдаалды документтештирүү үчүн жүргүзүүгө болот. Ал кыйла кеңири тенденцияларга же жеке иштерге жана/же учурларга тиешелүү болушу мүмкүн.

Төмөнкүлөр мониторингдин негизги компоненттери болуп саналат:

- тандалып алынган жаатта адам укуктарын бузуулардын түрлөрү жана алардын жасалышынын жыштыгы менен байланышкан мүмкүн болушунча эң толук маалыматтарды активдүү, максатка багытталган жана пландуу чогултуу жана иштеп чыгуу менен ал маалыматтар боюнча иш жүзүндөгү абалды баяндоону түзүү;

- чыныгы абалды мамлекетте кабыл алынган мыйзамдар менен салыштыруу, ички укуктун эл аралык укукка ылайык келүүсүн текшерүү жана бизди кызыктырган жаатта анын укукта колдонулушун изилдөө;

- ал жааттагы абалды жакшыртуу үчүн эмнени өзгөртүү керектигин көрсөтүү менен укук бузуулардын себептерин аныктоо;

- тутумдук өзгөртүүлөрдүн пайдасына андан аркы иш үчүн материалдарды топтоо.

### Туура уюштурулган мониторинг бир эле убакта бир нече милдетти чечүүгө жардам берет:

**1. Таанып-билүү иш-милдети.** Мониторинг адам укуктарын бузуулардын түрлөрү жана алардын көптүгү жөнүндө тастыкталган маалыматтарды алууга, мындай мүчүлүштүктөрдү мыйзамдарды туура ишке ашыруу менен чектөөгө боло тургандыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берет.



**2. Коомдук пайда үчүн аракеттерди колдоо.** Бийликти жана жарандарды бул жаатта өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн зарылдыгына ынандыруу үчүн аныкталган фактыларды, укук бузуулардын далилдерин жана аргументтерин чогултуу мониторингдин милдети болуп саналат.

**3. Алдын алуу иш-милдети.** Мамлекеттик бийликтин ишмердүүлүгүнө дайыма байкоо жүргүзүү, коомдук көзөмөлдөө аркылуу мамлекеттик бийлик органдарынын жүрүм-турумуна таасир көрсөтүүгө, ар бир учурга карата адам укуктарын сактоого мажбурлоого жөндөмдүү болуп саналат. Андыктан биз үчүн сот процессинин мониторинги мындай таасир көрсөтүүнүн бир мисалы болуп саналат, анткени мониторингди жүргүзүү учурунда мамлекеттик бийлик органдарынын иш-аракеттери байкоо алдында тургандыгы жөнүндө эскертилүү менен адам укуктарын бузууга тоскоолдук кылат.

**Адам укуктарынын мониторинги адам укуктары жаатында каралып жаткан кырдаалдар жөнүндө отчёттуулуктун тыкыр, калыс, так, ынанымдуу жана маанилүү тутумун түзүүнү максат кылууга тийиш.**

Бул максатка жетүү үчүн төмөнкүлөр маанилүү[1]:

- Справкалык маалыматтын негизги булагы катары **адам укуктары боюнча эл аралык стандарттарды** пайдалануу. Мониторингди жүзөгө ашыруучу адистер адам укуктары бузулгандыгын жана кандайча бузулгандыгын аныктоо үчүн адам укуктары боюнча эл аралык стандарттардын көз карашынан адам укуктары менен болгон кырдаал жөнүндө маалыматты талдоого тийиш. Адамдын маанилүү укуктарынын стандарттарын ийне-жибине чейин билүү адам укуктарынын мониторинги үчүн базалык кадам шилтөө чекити болуп саналат. Ал жашоодогу жан кейиткен бирок адам укуктарын бузууга тийешеси болбогон чыр-чатактардан, адам укуктарын бузулушун камтыган окуяларды айырмалоого жардам берет. Адам укуктарынын мониторингинин суроолорундагы шилтеменин кошумча, маанилүү булагы – адам укуктары боюнча эл аралык уюмдар тарабынан мамлекеттик бийликтерге берилген сунуштар кирет.
- Маалыматты **дыкат** түзүү жана айрым учурлар менен окуяларды **тыкыр** жана **майда-чүйдөсүнө чейин** документтештирүү. Мониторинг боюнча адистер эмне болгондугуна, качан жана кайсы жерде, ал окуяларга ким аралашкандыгына ж.у.с. тиешелүү бардык негизги суроолорго жооп берүү үчүн өздөрү байкоо жүргүзүп жаткан кырдаал жөнүндө жетиштүү маалыматты түзүүгө/чогултууга дайыма умтулууга тийиш. Эгерде маалыматта кемчиликтер болсо, кошумча

[1] БУУнун АУЖКБ, Адам укуктарынын сакталышын контролдоо боюнча окуу куралы (V глава). http://www.ohchr.org/Documents/Publications/training7part1ru.pdf; Адам укуктары боюнча Норвегия Борбору

изилдөө жана иликтөө талап кылынышы мүмкүн.

- **Калыс мамилени** сактоо**.** Мониторинг боюнча адистер адам укуктары жаатындагы бардык окуяларды эч кимге тартпаган түрдө документтештирүүгө тийиш. Алар иликтенип жаткан маселелердин ар кайсы тараптары жөнүндө маалымат алууга жана өздөрү документтештирип жаткан учурлар жана окуялар жөнүндө баардык маалыматтарды кароого тийиш. Алардын жеке сезимдери же пикирлери аткаларылып жаткан иш-аракеттерге таасир көрсөтпөөсү зарыл.
- **Маалыматтын тактыгын жана аныктыгын** иликтөө жана ага баа берүү. Мониторингдин адистери чогултулган маалыматтардын ынанымдуу жана ишенимдүү болушун аныктоо үчүн өздөрү тапкан маалымат булактарына баа берүүсү зарыл. Ар кандай булактардан маалымат алууга жана аны салыштырууга жана ал булактар ырааттуу болуп санааларын жана алар бири-бирин толуктап тургандыгын текшерүүгө болот. Ар кайсы булактардын ар кандай карама-каршылыктары же төп келбөөчүлүктөр маалыматтын аныктыгына доо келтирет. Бир нече көз карандысыз булактар колдогон айыптоолор бир булакка негизделген айыптоолордон дайыма күчтүү болуп чыгат. Айрым учурларда адам укуктарын бузуулар жөнүндө маалыматтын тактыгына жана аныктыгына баа берип жатып, ал жакшылап документтештирилген укук бузуулардын өзгөчөлүктөрүнө, мисалы, ал укук бузуулардын өзгөчөлүктөрү, алардын курмандыктарынын мүнөздөмөлөрүнө, болжолдонгон бузуучулардын өзү экендигине ж.у.с. коошо тургандыгын карап көрүү пайдалуу болмок.



Өз ишин аткарууда адам укуктарынын мониторинги боюнча адистер дайыма **зыян келтирбе** принцибин сактоого зарыл. Башкача айтканда, мониторинг учурунда өздөрү менен иштеген адамдар үчүн коркунуч алып келиши мүмкүн болгон аракеттерден бардык ыкмалар менен кармануу зарыл. Атап айтканда, маалымат берген адамдардын коопсуздугун эске алуу, ошондой эле мониторинг боюнча ишке байланыштуу коопсуздуктун мүмкүн болуучу коркунучтарынын проблемасын чечүү үчүн тиешелүү чараларды көрүү.

Ал жоопкерчиликти алмаштыруу эмес, адам укуктарын коргоо үчүн мамлекеттин жоопкерчилигин күчөтүү адам укуктарынын сакталышынын мониторингинин максаты болууга тийиш. Окуяларга байкоо гана жүргүзбөстөн, маалымат гана чогултпастан, проблемаларды табуу, алардын себептерин аныктоо, мүмкүн болуучу чечимдерди кароо жана проблемаларды чечүүгө көмөктөшүү зарыл.

## 1.2. Мониторингдин негизги этаптары

### 1.2.1. Даярдоо бөлүгү

**Кырдаалды алдын ала талдоо**

Алдын ала талдоо менен салыштырмалуу оңой жетүүгө мүмкүн болгон булактардан маалымат издөөдө болуп саналат. Ал жашоо чындыгынын бул жааты жөнүндө, мүмкүн болуучу проблемалар жана күтүлбөгөн фактылар тууралуу жалпы түшүнүктү кеңейтүүгө жардам берет. Бирок буга окшогон талдоонун өзү эле мониторинг болуп саналбайт: биз мониторинг жүргүзүүдөгү чечкиндүүлүгүбүз анын натыйжасынан көз каранды болот. Иштин бул стадиясында төмөнкү булактар пайдаланылат:

- эксперттер (бул проблеманын үстүндө иштеп жаткан же качандыр бир иштеген окумуштуулар, адистешкен ӨЭУдын кызматкерлери, юристтер жана башка адамдар) менен маектешүүлөр;

- фокус-топтор – бул темалар менен байланышкан, аны ар кандай көз караштан караган адамдардын (мамлекеттик чиновниктер, жабыр тарткандар же алардын үй-бүлөлөрү, өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү ж.у.с.) топтук интервьюсу;

- тандалып алынган жаат менен байланышкан укуктук жоболорду алдын ала талдоо (ички жана эл аралык укук);

- илимий институттар жана ЖОЖдор ар кайсы мамлекеттик органдар (мисалы, КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы), өкмөттүк эмес же эл аралык уюмдар тарабынан жүргүзүлүүчү илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын талдоо;

- контент-талдоо – басма сөздү талдоо, бул жаатта иштеген журналисттер менен маектешүүлөр;

- биз кызыккан тема боюнча жарандардын ар кайсы уюмдарга (омбудсмен башкармалыгы, укук коргоо уюмдары, адвокаттык конторалар ж.у.с.) келип түшкөн даттануураларын талдоо;

- визиттер, б.а. алардын проблемалары жөнүндө билимдерди кеңейтүү максатында же мониторингдин концепциясын иштеп чыгуу үчүн өзүнчө кармоо мекемелерине жана жайларына (сот, ведомство, психиатрдык оорукана, түрмө, балдар үйү ж.у.с.) бир жолку баруу.

Алдын талдоого негизденүү менен биз эми бизге кандай түрдөгү билимдер керек экендигин так аныктай алабыз[2].

**Изилдөө тапшырмасын туюндуруу жана тандап алуу**

Изилдөө үчүн тапшырма изилдөө керек болгон жаатты, белгиленген максатка жетүү үчүн зарыл болгон фактыларды жана айкын учурларды аныктайт. Мүмкүн болуучу бир нече тапшырманын арасынан максатты тандап алуу критерийлерине окшош критерийлерди жетекчиликке алып, демейде бирин тандап алабыз.

**Мыйзамдарды талдоо. Эл аралык укукта бекитилген адам укуктарын коргоо стандартын ички мыйзамдарда аныкталган мындай коргоонун стандарты менен салыштыруу**

Мониторингдин муктаждыгы үчүн эл аралык укуктук эрежелерден баштап ички укукка чейин талдоо ишке ашырылат жана мониторингди жыйынтыктоо бөлүгүндө анын натыйжалары жөнүндө доклад түзүүлөт. Эл аралык укукка келсек, мамлекет аларды сактоого милдеттүү болгон ченемдер, б.а. мамлекет тарабынан ратификацияланган келишимдерде камтылган ченемдер, ошондой эле ар кайсы эл аралык уюмдардын сунуштамалары, резолюциялары, декларациялары ж.у.с. түрүндө кабыл алынган, мындай атаганда жумшак эл аралык укуктун ар кайсы актылары да талданат. Ички мыйзамдардын актыларын изилдөө Конституциядан башталат. Андан кийин конституциялык мыйзамдар, кодекстер, мыйзамдар, ошондой эле Президенттин жарлыктары, Өкмөттүн токтомдору жана тескемелери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик актылары, берилген ыйгарым укуктардын алкагында кабыл алынган мыйзамга баш ийген актылар жана ар кайсы мекемелердин (мисалы, соттор, балдар үйлөрү) ички уставдары ж.у.с. талданат.

КРнын Конституциясына ылайык Жогорку соттун Пленуму соттук практиканын маселелери боюнча түшүндүрмөлөрдү бере тургандыгына, алар КРнын бардык соттору жана судьялары үчүн милдеттүү экендигине байланыштуу соттук практиканы жалпылоонун болушун да иликтөө керек (2016-жылдын 28-декабрындагы редакциясындагы КРнын Конституциясынын 96-бер. 2-п.).

Мониторинг менен камтылган жаатта адам укуктарын эл аралык укук кандай коргогондугун аныктап алып, биз мамлекетибиз тарабынан ратификацияланган

[2] Адам укуктары боюнча Хельсинки фонду. Практикалык коомдук иштин көндүмдөрүнүн мектеби. Адам укуктарынын мониторинги. http://www.hrights.ru/monitoring/metod_rekomend.htm

эл аралык укуктун актыларына ички мыйзамдардын ылайыктыгын талдоо жүргүзүүгө тийишпиз. Мында ички укук эл аралыкка караганда азыраак укуктук кепилдик бербөөгө тийиш

экендигин, бирок ал көбүрөөккө кепилдик бере алаарын эске алуу керек. Мындай талдоо – бул мониторингдин түздөн-түз бөлүгү, анткени укуктардын белгилүү бир жаатында адам укуктарын бузууларды изилдөөнү биз өзүнөн-өзү адам укуктарын жана эркиндиктерин бузган же аларды тутумдук бузуулардын мүмкүнчүлүгүн ачкан мыйзамдардын жоболорун идентификациялоодон баштайбыз.

**Улуттук мыйзамдарындагы коллизияларды жана ошол мыйзамдар эл аралык келишимдерине ылайык экендигин аныктоо**

Эл аралык стандарттарды ичкилер менен салыштыруудан тышкары биз ички мыйзамдардын актыларын талдоону да жүргүзөбүз. Юридикалык күчү ар кандай даражадагы укуктук актылардын ички ылайык келүүсүн изилдеп жатып, көп учурда ал ченемдик укуктук актынын юридикалык күчүнүн даражасы канчалык төмөнүрөөк болсо, ал адам укуктарын коргоо боюнча эл аралык стандарттарга азыраак даражада ылайык келгендигин байкайбыз. Мындай талдоого юридикалык күчү төмөнкү даражадагы актылар коомдук мамилелердин, Конституция тарабынан аларга уруксат берген даражада гана жөнгө салаарын текшерүү кириши мүмкүн. Мыйзамдык актылардын мыйзамдарга ылайык келерине келе турган болсок, аларды кыйла жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ЧУАлар талап кылган денгеелде жөнгө салынгандыгын (кемчиликтердин жоктугу), мыйзамсыз "кыймыл-аракеттерди жасап жатпагандыгын" (карама-каршылыктардын бар экендиги, укуктук жөнгө салуунун кеңейиши) текшерүү керек.

**Биз кызыккан жаатта адам укуктарын коргоонун стандартынын кеңири баяндамасын түзүү**

Мониторингдин так концепциясын түзүү жана мониторинг жүргүзүүнүн тактикасын кийинки пландаштыруу үчүн биз кызыккан жаатта сактоо зарыл болгон укуктук стандартты билүү өзгөчө маанилүү. Бул стандартты баяндоону биз эл аралык укук боюнча (бул коргоонун минималдуу стандарты болот), ошондой эле ал стандартты кеңейтиши мүмкүн болгон улуттук укуктун негизинде да беребиз. Көп учурларда, өзгөчө төмөнкү рангдагы укуктук актылардын ал Мыйзамга ылайык келерине карабастан, эл аралык укукка каршы келиши мүмкүн. Адам укуктарын коргоо жаатындагы стандарттар – жандуу же убакыттын өтүшү менен өзгөрүп турат. Ошондуктан колдонуудагы мыйзамдарды гана эмес, соттук практиканы жана соттордун чечимдерине карата комментарийлерди да билүү керек.

**Тандалып алынган тапшырманын алкагындагы изилдөө проблемаларын аныктоо**

Тандалып алынган изилдөө тапшырмаларынын ар биринин алкагында биз бир катар кыйла майда проблемаларды аныктай алабыз.

**Айрым проблемалар боюнча изилдөө маселелерин түюндүрүү**

Бул стадияда тандалып алынган изилдөө проблемалары боюнча өтө майда суроолор коюлуп калат. Коюлган суроолор изилдөөнүн милдеттерине жана максаттарына ылайык келүүгө тийиш, ал эми болжолдонгон жооптор бүткүл мониторингдин натыйжалары катары пайдаланылышы мүмкүн. Көп учурларда көпчүлүк изилдөөлөр бул этапта каталык кетирет жана ошондо бүткүл изилдөө күтүлгөн натыйжаларды бербейт.

**Изилдөө усулдарын тандап алуу жана аларды пайдалануу ыкмасы, маалымат чогултуу үчүн колдонмону иштеп чыгуу**

Ар бир изилдөө суроосуна эми туура келген изилдөө усулдарын жана эрежелерди кыйла так тандап алууга болот. Мисалы, басма сөздү талдоо, физикалык ченөөлөр, статистикалык маалыматтарды экинчи салыштырып талдоо, иштер боюнча актыларды иликтөө (мисалы, мекемелерде же иштин катышуучуларынын өздөрүндө болгон документтери менен сот иштерин), даттанууларды талдоо, топтук интервью (focus group), дректик интервью, анкета жүргүзүү (жабык, ачык суроолор менен же бир эле убакта эки түрү менен), байкоо жүргүзүү ж.у.с.

Ар бир изилдөө суроосуна жооп үчүн бир нече булак жана мүмкүн болушунча ар кандай усулдар пайдаланылат. Изилдөөлөрдүн натыйжалары мүмкүн болушунча кыйла анык болушу үчүн алынган ар кандай маалыматты текшерүү зарыл. Изилдөө колдонмолорун иштеп чыгууда бир эле убакта изилдөөлөрдүн убагында алынган маалыматтарды иштеп чыгуунун тутуму, натыйжалар бериле турган тариз да белгиленет.

Мониторингдеги өзүнө гана тиешелүү методологиялык мамиле айкын документтештирилген “казустарды” – бир жагынан кыйла кеңири кубулушту көрсөткөн, ал эми экинчи жагынан тандалып алынган жаатта адам укуктарын сактоо менен болгон иштин абалын жакшыртуу боюнча аракеттер үчүн негиз жана кадам шилтөө чекити болуп кызмат кылган, адам укуктарын бузуунун учурларын топтоодо турат.

Казустар мониторингдин убагында чогултулат. Айрым казустарды укуктук мүнөздөгү андан аркы аракеттер үчүн пайдаланууга болот. Алсак, тиешелүү ишти конституциялык сот өндүрүшүнө же чечим чыгаруучу жактарга чейин жеткирүү мыйзамдарды өзгөртүүгө жана ошону менен проблеманы тутумдук чечүүгө алып келиши мүмкүн. Албетте, бул учурда жабыр тарткандын өз атынан зарыл укуктук аракеттерди жүзөгө ашырууга макулдук берүүсү алгачкы, талашсыз зарыл тандап

алуу критерийи болууга тийиш.

Мындай казустарды майда-чүйдөсүнө чейин документтештирүү зарыл. Айрым учурларда расмий документтерди чогултуу эле жетишсиз болот, фактылар жөнүндө маалыматты кошумча топтоо, күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүн чогултуу, окуяларды реконструкциялоо, экспертизаларды жүргүзүү ж.у.с. керек.

Мониторинг үчүн пайдаланууга мүмкүн болгон маалыматтын булактары негизги үч категорияга – жазуу жүзүндөгү булактарга, жеке булактарга жана байкоо жүргүзүүлөргө же физикалык ченөөлөргө бөлүнөт.

### Жазуу жүзүндөгү булактарга баарынан мурда төмөнкүлөр таандык болот:



- Ченемдик укуктук актылар;
- Мекемелердин ички документтери, мисалы, ал мекемедеги бардык окуяларды эсепке алуу журналдары, камоодогулардын (түрмөдө) өздүк делолору, каттардын келип түшүү журналдары, даттануулар китеби, ошондой эле ар кандай формулярлар жана бланктар ж.у.с.;
- Мекемелердин ишинин түпкү натыйжалары болуп саналган документтер. Бул ал мекеменин иш-аракеттерине арналган документтер: мисалы, соттук чечимдер жана процесстик документтер, административдик чечимдер, мезгилдүү докладдар, рапорттор, экспертизалар ж.б.с;
- Жарандар менен мамлекеттик администрациянын мекемелеринин жана башка мамлекеттик мекемелердин (сот, оорукана, өз алдынча башкаруу органы ж.у.с.) ортосундагы кат алышуу;
- Жарандардын мамлекеттик мекемелерге (жогоруда аталган) даттануулары, жабык жана жарым-жартылай жабык мекемелердеги жарандардын ал мекемелердин дирекциясына же башка көз карандысыз мекемелерге (омбудсмен, өкмөттүк эмес уюмдар ж.у.с.) жиберилген даттануулары;
- Маалыматтардын жыйнактары: статистикалык, ведомстволук докладдар, илимий изилдөөлөрдүн натыйжалары ж.у.с.
- ЖМК: басма сөз, интернет-басылмалар;
- Башка документтер: мисалы, мекемелердин (сот, шайлоо участогу, оорукана ж.у.с.) стенддериндеги жазуу жүзүндөгү маалымат.

**Коомдук жайлардын мониторингинде алардын кызматкерлери жана "кардарлары" маалыматтын негизги жеке булактары болуп саналат:**

Ар кайсы деңгээлдеги мекемелердин жана ар кайсы бөлүмдөрдүн кызматкерлери. Негизги кызматкерлер (судьялар, врачтар, тарбиячылар, мугалимдер) гана эмес, көмөкчү жана техникалык кызматкерлер (катчылар, жардамчылар ж.у.с) да.



"Кардарлар" (камоодогулар, камакка алынгандар, прокурорлор, адвокаттар, тергөөчүлөр, пациенттер, балдар үйлөрүндөгү балдар, сотко келгендер ж.у.с.).

Белгилүү бир социалдык топторго таандык адамдардын укуктарынын сакталышын изилдөөдө төмөнкүлөр маалымат булактары болушу мүмкүн:

- Бул топ менен байланышкан уюмдардын лидерлери (бул топтун мүчөлөрү тарабынан түзүлгөн же бул топту колдогон). Мындай адамдар маалымат гана бербестен, мониторинг жүргүзүүнү жеңилдетиши да мүмкүн..
- Бейформал, адамдарды өзүнө тартып алган лидерлер: интеллектуалдар, топтордун башчылары ж.у.с.
- Топтун коомдук активдүүлүктү көрсөткөн мүчөлөрү, пассивдүү мүчөлөрү да, ошондой эле өз тандап алуусу боюнча же топ тарабынан жектөөнүн натыйжасында топтон тышкары жашоого умтулган мүчөлөрү.
- Врачтар, саламаттык сактоо, социалдык жардам көрсөтүү кызматкерлери, укук коргоо органдарынын кызматкерлери, элге билим берүү мекемелеринин өкүлдөрү – кандай топтор изилденип жаткандыгына жараша.
- Өз милдеттеринин алкагында бизди кызыктырган проблема менен иштеген кызматкерлер.
- Бул проблеманын үстүндө иштеген окумуштуулар жана журналисттер, топтордун мүчөлөрү болбогон жарандар: коңшулар, кесиптештер, тааныштар ж.у.с.

Окшош мүнөздөмөсү бар белгилүү бир коомдоштуктан маалымат алууда дал фокус-топ усулун пайдалануу алгылыктуу болот.

**Байкоо жүргүзүүлөрдүн жана физикалык ченөөлөрдүн жардамы менен төмөнкү маалыматты чогултууга болот:**



- жеке адамдар жөнүндө: алардын тышкы кебетеси, ден соолугунун абалы, адамдарды медициналык күбөлөндүрүү, маектешүүнүн убагындагы жана башка жагдайдагы жүрүм-туруму, шарттуу рефлекстери (мисалы, баланын ишараттарга жасаган жообу баланы көп жолу сабашкандыгы жөнүндө күбө болот) ж.у.с. боюнча.

- ал боюнча мониторинг жүргүзүлүп жаткан объект – мекеме же жай жөнүндө: имараттын, жайдын абалы (мисалы, түрмөдө м$^2$ге, м$^3$ге канча адамдан туура келет, люкс менен ченелүүчү жарык берүү, вентиляция, эмерек, төшөнчү ж.б.), өзүнчө кармоо жайларынан качып кетүүдөн коргоо тутуму, анын натыйжалуулугу жана кемчиликтери, алардагы эмгекти жана жашоону уюштуруу ж.у.с.

- буюмдар жөнүндө: камоодогуларды ташуу үчүн автомобилдер, тикелей күч колдонуу үчүн арналган буюмдар (калтектер, чынжырлар, кишендер, тынчтандыруучу көйнөктөр жана кысуучу курлар) ж.у.с.

- сот процесси, шайлоо же тынчтык митигтер сыяктуу бизге көз карандысыз пландаштырылган же өзүбүз пландаштырган эксперимент сыяктуу (мамлекеттик бийликтерден белгилүү бир маалымат алуу аракети, кандайдыр бир укукту сактоону же ыйгарым укукту ишке ашырууну талап кылуу менен кайрылуу, мисалы, ага коркунуч туулганда адамга же жабыр тарткanга укуктук же күч колдонуу менен коргоого алуу талабы ж.у.с.); пландаштырылбаган, бирок алдын ала айтууга болгон, мас абалында милиция тарабынан кармоо сыяктуу; же алдын ала айтууга болбогон, мисалы, табигый кырсыктардын убагында бийликтердин жүрүм-туруму сыяктуу окуялар жөнүндө.

**Мониторинг жүргүзүүчү топтун курамын алдын ала пландаштыруу, иштин графигин аныктоо**

Белгиленген мониторингдин мүнөзү аны жүргүзүү үчүн керек адамдарды тандап алууну да алдын ала аныктайт. Алдын ала психологиялык дит коюу – психикалык оорулуулар, балдар, аялдар же кылмышкерлер менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзө билүү (кандай болсо да бул топтордун өкүлдөрүнө карата кооптонуунун жоктугу), чечим кабыл ала, жамаатта иштей билүү ж.у.с. тандап алууда маанилүү критерий

болушу мүмкүн. Усулдарды, колонмолорду даярдагандан кийин, тандалгандардан тандап алуу принциптерин иштеп чыгып, мониторингге кетүүчү чыгымдарды алдын ала эсептөөгө аракет кылсак болот – изилдөөлөрдүн үстүндө канча адам канча убакыт иштээрин, аларга кандай жабдуулар керектигин, транспортко, байланышка ж.у.с. канча каражат кетерин алдын ала эсептей алабыз.

Мониторингдин планына аракеттердин тизмеги, убакыттык график жана аларды ишке ашыруу үчүн жооптуу адамдардын тизмеси кирүүгө тийиш.

Мониторинг жүргүзүүнү пландаштырып жатып, ал качан жүргүзүлө тургандыгын жана канчалык узакка созулаарын ойлонууга тийишпиз. Мониторингдин логистикасына, ошондой эле анын натыйжасына таасир тийгизиши мүмкүн болгон саясий календарды, өлкөдөгү же региондогу башка окуялардын календарын (мисалы, соттун имаратына кирүүнү кыйындатышы мүмкүн болгон соттогу чуулгандуу иштердин болушу же башка коомдук каршылык көрсөтүү акциялары) эске алуу керек.

**Жумушчу топтун болжолдуу курамы жана иш-милдеттери:**

**А) Жумушчу топ төмөнкүлөрдөн турушу мүмкүн:**



– жумушчу топтун жетекчисинен;
– региондук координатордон;
– талдоочулардан;
– статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча адистен;
– байкоочулардан;

**Б) Жумушчу топтун жетекчисинин иш-милдеттери**

Жумушчу топтун жетекчиси региондордогу региондук координаторлор, статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча адистер менен тыгыз өз ара байланышта иштеген талдоочулар менен өз ара аракеттенет. Ал ошондой эле мониторингди усулдук жана маалыматтык коштоону камсыз кылат, сот бийлигинин өкүлдөрү менен учурдагы маселелерди чечет, судьялар менен фокус-топтордун модератору катары чыгат, байкоочулар менен тренинг өткөрөт, иштин сапаты, статистикалык арадагы отчётторду талдоо жана жыйынтыктык талдоо отчёту үчүн жоопкерчилик тартат. Ал каржылык отчёттуулукту да жүргүзүшү мүмкүн.

Эгерде мониторинг бир нече региондо жүргүзүлүп жатса, анда ар бир аймактык алыскы регионго жумушчу топтун жетекчисинин төмөнкүлөр үчүн баруусу талап кылынат:

– байкоочуларды ишке алуу;
– фокус-топ;
– байкоочулардын тренинги;
– мониторингдин жүрүшүн контролдоо жана толтурулган колдонмону арадагы чогултуу;
– семинарга, ал эми андан кийин мониторингдин натыйжалары боюнча пресс-конференцияга катышуу.

**В) Региондук координатордун иш-милдеттери (мониторингдин камтуусу чоң болгон учурда)**

Региондук координатор жер-жерлердеги байкоочулардын ишти аткаруусунун сапатын контролдоо жүргүзөт, ал үчүн мониторинг жүргүзүү жерлерине барат. Баруулардын жүрүшүндө ал супервизия өткөрөт, б.а. ар бир байкоочунун байкоо жүргүзүүсүнө катышат, колдонмонун толтурулушунун тууралыгын текшерет, суроолорго жооп берет. Ал байкоолордун толтурулган карталарын, жарым-жартылай түзүмдөштүрүлгөн интервьюлардын бланктарын текшерүүнү жүзөгө ашырып, мониторинг жүргүзүүнүн процессинде кээде түзүлгөн таатаал кырдаалдарды чечүүгө да катышат. Байкоочулардын ар бир айлык отчётторун текшерүү жана жалпылоо жана алдын ала сүйлөшүлгөн даталарда уюштуруу отчётун жумушчу топтун жетекчисине берүү да анын милдеттерине кирет. Региондук координатор судьялар менен, зарыл болгондо - райондук соттун төрагасы менен да өз ара аракеттенет жана байкоочулар үчүн жана фокус-топто судьялар, прокурорлор, адвокаттар ж.у.с. үчүн тренингдерди өткөрүүгө катышат.

**Г) Талдоочулардын иш-милдеттери**

Талдоочулардын тобуна жүргүзүлгөн мониторингдин натыйжаларын талдоо жүргүзүүчү эки адисти – юрист-талдоочуну жана мониторинг жүрүп жаткан темалар боюнча түздөн-түз адистешкен адисти (мисалы, дин таануучу) киргизүү максатка ылайык.

Талдоочулардын тобу маалыматтарды статистикалык иштеп чыгуунун үстүндө иштеген адистер менен өз ара аракеттенет. Талдоочулар жумушчу топтун жетекчисинин жетекчилигинин астында иштейт. Сунуштарды жана сунуштамаларды иштеп чыгуудан тышкары алар эдвокаси үчүн жүргүзүлгөн мониторингдин натыйжалары боюнча презентация даярдоого катышат.

**Д) Маалыматтарды статистикалык усулдар менен иштеп чыгуу боюнча адистердин иш-милдеттери**

Зарыл болгон учурда жумушчу топто статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу боюнча программаларга (мисалы – SPSS) маалыматты киргизип, зарыл маалыматты талдоочуларга жана жумушчу топтун жетекчисине берүүчү адистер болушу мүмкүн.

**Е) Байкоочунун иш-милдеттери**



Байкоочу мониторинг боюнча ишти натыйжалуу уюштуруу максатында судья жана судьянын аппараты, прокурор, тараптар жана тараптардын өкүлдөрү менен биргеликте аракеттенет. Кыйын учурларда региондук координаторго кайрылып, ага түзүлгөн кырдаалды баяндоо менен түшүндүрмө кат жиберет. Байкоочулар тренингдин жана супервизиянын жүрүшүндө алынган көндүмдөрдү пайдаланып, байкоолордун карталарынын, жарым-жартылай түзүмдөштүрүлгөн интервьюлардын бланктарынын сапаттуу толтурулушу үчүн жоопкерчилик тартат, ай сайын уюштуруу отчетторун даярдайт жана аларды региондук координаторго электрондук почта боюнча же колмо-кол жиберет.

**Пилоттук изилдөөлөр жана алынган маалыматты алдын ала иштеп чыгуу**

Пилоттук – бул мониторингдин концепциясын, маалыматтарды иштеп чыгуунун тандалып алынган усулдарын, колдонмолорун жана ыкмаларын текшерүү боюнча аракеттердин жыйындысы. Алар чакан тандалмаларга карата жүргүзүлөт. Пилотттук изилдөөлөр иштелип чыккан инструменттердин жана кабыл алынган изилдөө усулдарынын натыйжалуулугун иш жүзүндө текшерүүгө, даярдануу убагындагы күтүлбөгөн кыйынчылыктарды аныктоого, изилдөө жүргүзүүнүн мөөнөттөрүнө жана анын бюджетине карата алгачкы божомолдордун аныктыгына баа берүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Андан тышкары, пилоттук биздин маектештерибизге өзүбүз пайдаланган лексика түшүнүктүү экендигин текшерүүгө мүмкүнчүлүк берип, биздин изилдөөлөрүбүзгө ал чөйрөнүн иш жүзүндөгү жообун көрсөтүп, пилотчулук жүргүзүүчүлөргө өздөрүн мониторингди жүзөгө ашыруучулардын ролунда текшерүүгө мүмкүнчүлүк берип, бөлүктөр боюнча докладдарды түзүүгө үйрөтөт жана алардын стандартын текшерет, жамаатта милдеттерди оптималдуу бөлүштүрүүгө жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Пилотчулуктун убагында чогултулган маалыматтарды натыйжаларды иштеп чыгуунун пландаштырылып жаткан тутумун текшерүү үчүн иштеп чыгууга дуушар кылуу зарыл. Көпчүлүк учурда маалыматтарды иштеп чыгуунун алгачкы аракеттери иштелип чыккан колдонмолордун айрым элементтеринин кемчиликтерин табат.

**Пилотчулуктун натыйжалары боюнча изилдөөлөрдүн концепциясына сын баа берүү жана аны жеткире иштеп чыгуу**

Пилоттук изилдөөнү жүргүзүүдө кийин демейде маалыматтарды иштеп чыгуунун пландаштырылган усулдарына, инструменттерине жана ыкмаларына тигил же бул өзгөртүүлөрдү киргизүүгө туура келет. Көп учурларда убакыттын, каржы каражаттарынын жана эмгектин болжолдонгон жана иш жүзүндө зарыл болгон сарптоолорунун ортосунда чоң айырмачылыктар байкалат, мунун өзү графикти жана бюджетти кайра кароону, ал эми акыркыга түзөтүү киргизүү мүмкүн болбогон учурда – мониторингдин көлөмүн кайра кароону талап кылат.

**Мониторингдин жамаатын/катышуучуларын окутуп-үйрөтүү**



Окутуп-үйрөтүү кесипкөй даярдыктан, тандалып алынган усулдарды жана колдонмолорду колдонуу боюнча тренингден, маалыматты чогултуунун жана документтештирүүнүн ыкмаларын аныктоодон (маалыматтарды салыштырууну камсыз кылуу үчүн), ошондой эле изилденип жаткан проблемалар боюнча укуктук ченемдер (эл аралыктан ички мыйзамдарга жана мыйзамга баш ийген актыларга чейин) менен кеңири таанышуудан туруууга тийиш. Жамаатты ар кандай мониторгдин убагында келип чыгышы мүмкүн болгон тааныш эмес кырдаалдарда кандай кылуу керектигине даярдоо керек. Мониторинг жүргүзүүчү бүткүл мониторингди жүргүзүүнүн максатын жана ыкмасын, ошондой эле маалыматтарды иштеп чыгуунун белгиленген усулдарын мыкты түшүнүүгө милдеттүү. Бул мониторингдин максатынын көз карашынан чынында эле маанилүү маалыматты алууга мүмкүнчүлүк берет.

## 1.2.2. Мониторинг жүргүзүү

**Соттук практиканын мониторинги маалымат алуу усулу катары**

Дин тутуу эркиндигин камсыз кылуу мониторингинин убагында бул жаатта иштеген адамдар адилет соттук териштирүү укугу жана процесстик укуктар сыяктуу башка укукка сөзсүз туш болот.

Негиз болуучу укуктарга жана эркиндиктерге кийлигишүү мамлекеттин **"тиешелүү укуктук жол-жобону"** камсыз кылуу милдетин туудурат, ал анын ичинде алардын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөгө ниеттенген адамдар үчүн "**укуктук коргоо каражаттарына"** да кепилдик берет. Алар болжолдонгон бузууну болтурбоого же аны токтотууга, ошого тете болуп өткөн бузуу үчүн төп келген компенсация берүүгө тийиш болгон мааниде практикада, ошондой эле теорияда да **«натыйжалуу»** болууга тийиш[3].

Азыркы убакта тиешелүү укуктук жол-жобону талап кылуулар адилеттүү сот жүргүзүү жаатындагы эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери деп толук негизденүү менен аталышы мүмкүн. Ошол эле убакта **"тиешелүү укуктук жол-жобо" процесстик** гана эмес, **материалдык да кепилдиктерди** билдирет. Тийиштүү же тиешелүү укуктук жол-жобо принцибинин укуктун жана мыйзамдуулуктун жогору туруу принциби менен түздөн-түз байланышы бар. Тиешелүү укуктук жол-жобону талап кылуу бийликтердин бардык аракеттери мыйзамдын талаптары менен ылайык келүүгө тийиш дегендикти билдирет. Бул принцип бийликтердин өзүм билемдигине жана өзү билгендей башкаруусуна каршы кыйла маанилүү коргонуу болуп саналат.

Колдонуудагы ички мыйзамдардын жоболору "тиешелүү укуктук жол-жобонун" камсыз кылынышына канчалык кепилдик беререрине, ошондой эле бул жоболор иш жүзүндө кандай мерчемде ишке ашырылып жаткандыгына баа берүү байкоочунун милдеттеринин бири болуп саналат. Ошондуктан мониторинг жүргүзүүнүн алдында байкоочу адилеттүү сот жүргүзүүнү камсыз кылуу жаатындагы эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери жана ички мыйзамдардын тиешелүү бөлүмдөрү менен тыкыр таанышып чыгууга милдеттүү.

Укуктук документтердин минималдуу тизмегине төмөнкүлөр кириши мүмкүн: **а) КРнын Конституциясы, өзгөчө анын адам укуктары жана сот тутуму жөнүндө жоболору; б) КРнын Кылмыш-жаза кодекси жана КРнын Жазык-процесстик кодекси; сотторду жана прокуратураны уюштуруу жана алардын юрисдикциясы жөнүндө мыйзамдар.**

### Сот иштерин талдоо

Сот иштерин талдоо адам укуктарынын мониторингинин белгилүү бир түрү. Негизги максат адам укуктары боюнча эл аралык стандарттардын, ошондой эле тиешелүү улуттук мыйзамдардын көз карашынан сот процессинин адилеттүүлүгүнө баа берүүдө турат. Кошумча максаттарга төмөнкүлөр кирет:

[3] Караңыз. "Кудла (Kudla) Польшага каршы" иши боюнча АУЕСтин чечими, 152-161-пп., ошондой эле "Кляхин Россия Федерациясына каршы".

a) сотко жана бийликтин башка органдарына сот процессинин адилеттүүлүгүнө карата кызыкчылык жана кабатыр болуу бар экендиги жөнүндө билдирүү;

b) катышуучуларга (атап айтканда, судьяга жана прокурорго) алар байкоонун алдында тургандыгы жөнүндө маалымдоо, мунун өзү адилеттүү соттун стандарттарына карата сыйлоону камсыз кылууга көмөк болот;

c) көз карандысыз жана эч кимге тартпаган отчёт даярдоо.

Сот иштерин талдоо төмөнкү этаптарды өзүнө камтыйт: а) маалымат чогултууну; б) талдоону; в) адвокатташтырууну; жана г) сунуштамалардын аткарылышын кийинки талдоону.

**Биринчи этап** маалымат чогултууга – сот процесстеринин мониторинги жана маалымат чогултуунун башка усулдары кирет, аларга төмөнкүлөрдү таандык кылууга болот:

a) **байкоо жүргүзүү (сот отурумдарында түздөн-түз болуу);**

b) **сурап-билүүлөрдү, фокус-топторду жүргүзүү (сот адилеттиги тутумунун субъекттери укуктары бузулган адамдар менен);**

c) **документтерди иликтөө (ЖМК, интернет, социалдык тармактар, соттордун чечимдери, аткаруу бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чечимдери, мыйзамдардагы өзгөрүүлөр, башка маалыматтык материалдар).**

Тиешелүүлүгүнө жараша мониторинг үчүн маалыматтын булактарын төмөнкүдөй бөлүүгө болот: **баштапкы булактар** – бул байкоо жүргүзүү жана интервью; жана **экинчи булактар** – басма сөздөгү маалымат, мыйзам чыгаруу демилгелери, башка документтер.

**Экинчи этапта** аныкталган маалыматтар иликтенүү менен улуттук жана эл аралык укукка салыштырмалуу талданат, мунун өзү белгилүү бир тыянактарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет. Андан кийин, **үчүнчү этапта** отчёт түзүлөт жана бийликтер сунуш кылынган сунуштамаларды эске алышына багытталган адвокатташтыруунун максатка ылайык чаралары жөнүндө чечим кабыл алынат. Андан соң, **төртүнчү этапта** сунуштамалардын аткарылышынын максаттуу мониторингин жүргүзүү маанилүү.

Акыркы этап демейде кошумча талдоону, адвокатташтыруу чараларын жана

кийинки иш-чараларды өткөрүүнү талап кылышы мүмкүн болгон андан ары маалымат чогултууну талап кылгандыктан, маңызы боюнча бул процесс мезгилдүү аракеттерди эске салат.

### 1.2.3. Сот процесстеринин мониторинги

Сот процесстеринин (отурумдарынын) мониторингин жүзөгө ашыруу укугу ачык соттук териштирүү укугунан келип чыгат. Кыргыз Республикасында бул укук Конституциянын 99-беренеси менен бекитилген. Мында мониторингди жүзөгө ашыруу укугу ачык соттук угууларга гана бекитилгендигин белгилей кетүү зарыл, демек, мониторингди жүзөгө ашырып жаткан байкоочу жабык соттук териштирүүгө жетүүнү талап кыла албайт.

Сапаттуу белгилөө, ошондой эле маанилүү учурларды эстен чыгарып жибербөө үчүн сот процесси жана анын негизги катышуучулары жөнүндө негизги маалыматтарга тиешелүү суроолордун тизмесин, ошондой эле алардын жооптору адилет сот өндүрүшүнүн стандарттарын сактоо боюнча тыянактарды чыгарууга жардам берүүчү суроолорду аныктап алуу зарыл.



Андан ары, алар боюнча демейде соттук териштирүүнүн жүрүшүндө байкоо жүргүзүлгөн суроолордун контролдук тизмеги менен таанышуу сунуш кылынат, бирок адилеттүү соттун негизги критерийлерин билбей туруп аларды камсыз кылууга/сактоого сапаттуу баа берүүгө мүмкүн эмес. Окуу колдонмосу байкоочуга "Адилеттүү соттун негизги критерийлери" менен таанышууну да сунуш кылат. (Тиркемени караңыз).

Сот процессинин мониторингинин колдонмолору каралып жаткан иш жөнүндө негизги маалыматтарды жана сот ишинин негизги катышуучуларын (судья, айыптоо, коргоо, соттолуучу, жабырлануучу) белгилөө үчүн жалпы суроолорду камтууга тийиш. Мисалы, бул төмөнкүлөргө карата суроолор болушу мүмкүн:

- байкоочунун аты-жөнү;
- байкоо жүргүзүүнүн датасы;
- соттолуучунун маалыматтары: аты-жөнү, жынысы, туулган датасы, улуту;
- коюлуп жаткан жосундун квалификациясы;
- өндүрүштүн түрү;
- соттук териштирүүнүн стадиясы;
- ишти териштирүү жүзөгө ашырылып жаткан соттун аталышы;
- ишти карап жаткан судьянын (судьялардын) аты-жөнү;

- мамлекеттик айыптоочунун аты-жөнү;
- жабырлануучунун аты-жөнү;
- коргоочунун аты-жөнү;
- сот отурумунун башталган жана аяктаган убактысы;
- сот отуруму жүргүзүлгөн тил;
- бөгөт коюу чарасы;
- соттолуучу жөнүндө кошумча маалымат (иштеген жери, үй-бүлөлүк абалы, социалдык статусу).

Сотко чейинки стадияларда байкоого болгон болжолдуу сурап-билүүлөр:



- өзүм билемдик менен камоодон жана кармоодон эркиндик укугу;
- суракка алуу убагындагы укуктар. Камоодогу адамдардын маалыматка укугу;
- сотко чейин коргоочуга укук жана коргоого даярдануу үчүн жетиштүү убакыт жана шарттарды берүү укугу;
- ишти токтоосуз соттук кароо укугу жана камоонун/кармоонун мыйзамдуулугун талашуу укугу;
- тышкы дүйнө менен карым-катнаш укугу;
- кармоонун татыктуу шарттарына жана кыйноолордон эркин болуу укугу.

Сот стадияларында байкоого болгон болжолдуу маселелер:

- иштин мыйзам менен аныкталуучу компетенттүү, көз карандысыз жана эч кимге тартпаган сот тарабынан угулушуна укук;
- ачык соттук териштирүү укугу;
- адилет соттук териштирүү укугу;
- сотко катышуу жана өзүн өзү коргоо укугу;
- күнөөсүздүк презумпциясы жана көрсөтүүлөрдү берүүгө же күнөөнү моюнга алууга мажбурланбоо укугу;
- кыйноолордун жана мажбурлоонун башка түрлөрүнүн натыйжасында алынган көрсөтүүлөрдү болтурбоо;
- квалификациялуу, компетенттүү жана натыйжалуу адвокаттын жардамы менен коргонуу укугу;
- тилмечке жана жазуу жүзүндөгү котормого укук;
- күбөлөрдү суракка алуу укугу;
- тараптардын теңдиги;
- жазык мыйзамдарынын ченемдеринин өткөн мезгилге карата колдонулушуна тыюу салуу;
- бир эле иш боюнча кайталап куугунтуктоого тыюу салуу;

Сот тарабынан чечим чыгарылгандан кийин байкоого болгон негизги маселелер:

- Даттануу укугу.
- Жасалган соттук ката үчүн зыяндын ордун толтурууну талап кылуу укугу.

**Мониторинг процессине карата даярдык**

**А) Мониторингге жаткан сот иштерин аныктоо**

Байкоо жүргүзүүгө жаткан соттук угууну тандап алуу үчүн жоопкерчилик мониторинг программасынын жетекчисинде болот. Эгерде иштерди тандап алуу байкоочуларга жүктөлсө, анда мониторинг программасынын жетекчиси жалпысынан сот иштерин тандап алуу программанын усулуна жана анын максаттарына жооп бериши үчүн андайга нускама менен камсыз кылууга тийиш.

Бул максатта соттун администрациялык регламенти менен таанышуу керек: ал соттордун кызмат адамдарын угуулар жөнүндө маалымат берүүгө милдеттендириши мүмкүн. Көпчүлүк сот тутумдарында соттун эрежелери сот иштерин угуунун графиктерин милдеттүү түрдө жалпыга билдирүүнү карайт. Бирок, айрым судьялар өзүнүн иштерди кароо графигин өздөрү контролдошу мүмкүн жана сот угуулардын жалпы графигин киргизүүгө каршы болушу мүмкүн. Мониторинг жүргүзүүгө байланыштуу эрежелерди сактоо жөнүндө маселени соттун төрагасынын алдында көтөрүү менен мониторинг программасы соттун жетекчилигине анын угуулардын графигин бириктирүүгө жана көбүрөөк ачыктыгына жетишүүгө умтулуусуна тышкы колдоо көрсөтүшү мүмкүн. Бул сот иштерин аныктоо менен байланышкан кырдаалды жакшыртууга гана көмөк көрсөтпөстөн, көпчүлүк алдында соттук териштирүү укугунун сакталышына карата соттун практикасын жакындатышы мүмкүн.

Жадагалса сотко жетүү планында эч кандай тоскоолдуктар болбосо да, бул программа үчүн кабыл алынган тандап алуу критерийлеринин негизинде айкын иштерди аныктоо, мисалы, ал ишти кайсы бир судьяга өткөрүп бергенден кийин иштердин кыймылынын борборлоштурулган эсепке алуу тутумунун жоктугу, угуулардын датасы жөнүндө кулактандыруулардын жоктугу же иштердин кыймылын эсепке алуунун эскирип кеткен тутумун колдонуу сыяктуу бир катар себептер боюнча оорчулук келтириши мүмкүн, камакка алуу жөнүндө маселе боюнча угуулар алдын ала маалымдалбастан жүргүзүлүшү же маалымдоосуз кийинкиге калтырылышы ж.у.с. мүмкүн.

Ар кайсы соттордун ишин уюштуруу тутумундагы олуттуу айырмаларды эске алуу менен байкоочулар айрым иштерди аныктоонун жана угууларды өткөрүүнүн даталары жана убактысы жөнүндө маалымат алуунун ар кандай усулдарын алдын ала кароого мажбур болушу мүмкүн. Тиешелүү мүмкүнчүлүк болгондо, мындай

усулдарды жазуу жүзүндө расмий бекитүү керек. Ошону менен бирге, эгерде соттордун кызматкерлери жана кызмат адамдары макул болсо жана ал соттогу иштерди угуунун графиги жөнүндө үзгүлтүксүз маалымдап турууну камсыз кылса, алар бейформал да болушу мүмкүн.

Бириктирип айтканда, байкоо жүргүзүүгө жаткан айкын сот иштерин аныктоону камсыз кылуу үчүн байкоочуларга төмөнкүлөрдү жасоо керек:



- ✓ соттордун төрагаларынан реестрге киргизилген иштер жөнүндө маалыматты, ошондой эле дайындалган угуулар жөнүндө маалыматты байкоочуга берип туруучу соттун атайын кызматкерин дайындоону өтүнүү;
- ✓ эгерде сот алыста турса, соттун катчысы, прокуратура менен же башка расмий адамдар менен сот иштери жөнүндө маалымдамаларды жиберип турууну макулдашууга аракеттенүү;
- ✓ маалыматтын альтернативдүү булактарына кайрылуу. Аларга газеталарды жана башка жалпыга маалымдоо каражаттарын үзгүлтүксүз кароо, мониторингдин башка программалары менен маалымат алмашуу жөнүндө макулдашуулар, ишке тиешеси бар адамдар тарабынан даттануулар, юристтер жана коомчулук менен маектешүүлөр ж.б. кирет.

**Б) Сот коомчулугуна алдын ала маалымдоо**

Мониторинг жүргүзүү үчүн талаага жетүү маанилүү даярдык иш-чараларынын комплекси менен камсыз кылынышы мүмкүн. Мониторинг жүргүзүп жаткан уюм айкын сот участокторун мониторингге киргизүү өтүнүчү менен райондук/шаардык/областтык/жогорку соттун төрагасына иштин максаттары жана милдеттери жөнүндө маалымат катты өз кароосу боюнча жиберет. Оң чечим кабыл алынгандан кийин соттун төрагасы алардын участокторунда мониторинг жүргүзүлө тургандыгы жөнүндө судьяларга оозеки же жазуу жүзүндөгү тескеме менен маалымат берет. Сот участокторунун тизмегин алып, мониторинг жүргүзүүчү уюм анда иштин максаттары жана милдеттери көрсөтүлгөн жана фокус-топко (эгерде изилдөөдө каралса) чакыруу камтылган маалымат катты ал сотторго жибериши мүмкүн. Мына ошентип, сотко жетүү уюштуруучулук түрдө бекитилет.

### В) Байкоочулардын даярдыгы



Сот башталганга чейин байкоочулар сот тарабынан каралуучу иш менен айыпкерге жана ага каршы айыптарга карата фондук маалыматты, айыптоо актысын, колдонулуучу мыйзамдарды жана башка маанилүү документтерди талдоо жолу менен таанышууга тийиш.

Ошондой эле, байкоочулар адам укуктары боюнча эл аралык келишимдер, ошондой эле улуттук мыйзамдар менен белгиленген адилет соттук териштирүүнүн кепилдиктери менен тааныш экендигине ынанууга тийиш. Соттук териштирүүнүн убагында соттук териштирүүнүн адилеттигин жана айыпкердин укуктарын сыйлоону аныктоо үчүн байкоо жүргүзүүгө жаткан урунттуу учурлардын тизмесин пайдалануу максатка ылайык болушу мүмкүн.

Мониторинг үчүн белгиленген сот отурумунун так датасын, убактысын жана өткөрүү ордун соттун катчысынан алдын ала билип алуу зарыл. Сотко эрте келүү керек. Иш үчүн зарыл болгондордун баары (байкоолордун карталары, интервьюнун бланктары, калем) өзү менен болууга тийиш.

### Г) Соттун имаратына жана сот отурумдар залына кирүү

Эгерде ишти угуу ачык болуп саналса, соттун имаратына жана сот отурумдар залына эркин кирүү мыйзамдарга ылайык конституциялык кепилдик берилген укук болуп саналат. Бул ченемди иш жүзүндө сактоо мониторингдин базалык аспекттеринин бири болуп саналат. Байкоочулар соттун имаратына жана отурумдар залына эч кимдин көңүлүн бурбастан жана башка отургандардан айырмаланбастан кирүүгө тийиш. Эгерде кайсы бир этапта эркин кирүүнү алуу менен проблемалар келип чыкса, байкоочуга төмөнкү аракеттерге кайрылуу сунушталат:

- Соттун имаратына киргизүүдөн баш тартылган учурда байкоочулар кайтаруу кызматына (соттун кызматкерлерине) өзүнүн келүүсүнүн максаттарын түшүндүрүп берүүгө жана байкоочунун ырастамасын (эгерде болсо) көрсөтүүгө тийиш.
- Сот отурумдарынын залына киргизүүдөн баш тартылган учурда байкоочу өзүнүн ал жерде болушунун максатын судьяга түшүндүрүп берүүгө жана байкоочунун ырастамасын көрсөтүүгө тийиш.
- Эгерде судья менен маектешкенден кийин киргизүүдөн мурдагыдай

эле баш тартылса, байкоочу райондук соттун төрагасы же анын өкүлү менен жолуктурууну сурануугa, ошондой эле бул учур жөнүндө региондук координаторго кабарлоо тийиш.

Судьяга же соттун төрагасына берилүүчү маалымат мониторингдин максаттарына жана милдеттерине, максаттуу топтун мүнөздөмөсүнө ылайык келүүгө тийиш. Эгерде көрсөтүлгөн кызмат адамдары соттук угууга киргизүүдөн баары бир баш тартса, байкоочу баш тартуунун келтирилген негиздемелерин белгилеп алууга жана бул чатак жөнүндө региондук координаторго токтоосуз маалымат берүүгө тийиш.

**Д) Байкоочунун ырастамасы (өзүнүн кароосу боюнча)**

Байкоочунун ырастамасын дайыма өзү менен алып жүрүү, соттун кызмат адамдарынын талабы боюнча аны көрсөтүү керек. Байкоочулар өз ырастамасын арналышы боюнча эмес пайдаланбоого тийиш. Байкоочунун ырастамасында (уюмдун фирмалык бланкына басылышы мүмкүн) уюмдун аталышы, иштин түрү (мониторинг), байкоочунун аты-жөнү, мониторинг жүргүзүү мөөнөттөрү көрсөтүлүп, уюмдун мөөрү басылат жана жетекчисинин колу коюлат.

**Байкоочулардын жүрүм-турум эрежелери.**

**А) Соттогу жүрүм-турум**



- Соттун бардык кызмат адамдары жана процесстин катышуучулары менен өзүн сылык, сабырдуу жана олуттуу алып жүрүү.
- Кийимдин тиешелүү стилин тандап алуу.
- Сот залында сот отурумунун бардык майда-чүйдөлөрүн көрүп, угуп жана түшүнүп турууга мүмкүнчүлүк берүүчү ыңгайлуу орун ээлөө.
- Сот отурумдарынын убагында кеңири жазууларды ачык жазуу.
- Жазылгандардын сакталышын жана купуялыгын камсыз кылуу.

Байкоочулар угуулардын башынан тартып жадагалса эч кандай проблемалар аныкталбаган учурда да аягына чейин болууга тийиш, анткени мурда чыгып кетүү байкоочуга бардык угуу жөнүндө маалыматтуу пикир алууга мүмкүнчүлүк бербейт, сотко карата сый көрсөтпөө катары бааланышы же териштирүүнүн жүрүшүн бузушу мүмкүн.

Байкоочулар юристтерди, тараптарды, соттолуучуларды, жабырлануучуларды, күбөлөрдү, соттордун административдик кенже кызматкерлерин, тилмечтерди

ж.у.с. кошуп алганда, процесстин бардык катышуучуларынын жүрүм-турумун байкап турган практика пайдалуу болуп саналат. Мында сүйлөнгөн сөздөрдү угуп эле койбостон, үндөрдүн кыраатын, жаңсоолорду, жалпы жүрүм-турумду жана башка адамдар менен өз ара аракеттенүүнү (мисалы, угууга кечигип келүү, угуулардын жүрүшүндө уктап калуу, тараптардын бири менен бейформал жана ыклас менен сүйлөшүү) белгилөө керек.

## Б) Көз карандысыздыкты жана эч кимге тартпоону сактоо

Байкоочулар мүмкүн болушунча доолашып жаткандар менен катар отурбагандыгы, процесстин катышуучулары менен иштин маңызы боюнча пикир алышпагандыгы маанилүү. **Байкоочулардын соттун кызмат адамдарына, процесстин катышуучуларына же башка адамдарга өз байкоолорунун жүйөсү боюнча комментарийлерди берүүгө ыйгарым укугу жок.**

## В) Кийлигишпөө



Мониторингдин негиз болуучу принциптеринин бири – бул сот бийлигинин көз карандысыздыгын сыйлоо. Судьялардын ишине баа берүү байкоочунун милдеттерине кирбейт. Байкоочулар соттук териштирүүнүн жүрүшүнө эч качан жана эч кандай түрдө кийлигишүүгө же таасир көрсөтүүгө аракеттенүүгө укугу жок. Кийлигишпөө принцибине ылайык байкоочулар төмөнкүлөрдү жасоого тийиш:

Эгерде процесстин катышуучуларынын бири байкоочудан кандайдыр бир суроого жооп берүүнү же сунуштама берүүнү өтүнсө, байкоочу өз ролун жана кийлигишпөө принцибин түшүндүрүп берүүгө жана комментарийлерди берүүдөн баш тартууга милдеттүү.

Байкоочулар чыр-чатактуу кырдаалдардан качуусу керек. Эгерде процесстин айрым катышуучуларынын жүрүм-туруму байкоочуну кабатыр кылса, кайым айтышууга кирбөөсү, маалыматты байкоо картасына киргизүүсү керек. Аны териштирүүгө катышып жаткан иш боюнча байкоочу өз пикирин сот залынын ичинде же анын сыртында да эч качан билдирбөөсү керек.

ЖМКлар менен кандай болбосун жагдайда байланыш түзбөө керек. ЖМКлар мониторингге жаткан айкын иш боюнча байкоочунун пикирин билүүгө аракет жасаган учурда байкоочу өзүнүн мониторинг жүргүзүүгө ниеттенгендиги жөнүндө жана анын максаттары тууралуу гана билдире алат. Андан ары байкоочу

журналистти жумушчу топтун жетекчисине жиберүүгө тийиш, ал тиешелүү консультациялардан кийин өзгөчө учурларда тиешелүү комментарий жасайт. ЖМКга мониторингдин жыйынтыктары жана анын негизинде иштелип чыккан сунуштар берилет.

**Г) Байкоочунун коопсуздугу**

Байкоочу өз коопсуздугуна зыян келтирген кандайдыр бир аракеттерди жасабоого тийиш. Буга байланыштуу алар төмөнкүлөрдү жасоого тийиш:

- ✓ Эгерде бул байкоочунун коопсуздугуна коркунуч түзүшүнүн ыктымалдыгы болсо, процесстин катышуучуларынын бири менен да байланыш түзбөөнү.
- ✓ Эгерде байкоочуга кандайдыр бир коркунуч болсо, бул жөнүндө региондук координаторго кабарлап, байкоону ошол замат токтотууну.

### 1.2.4. Сурап-билүүлөрдү жана фокус-топторду жүргүзүү

**Сот адилеттиги тутумунун субъекттеринен сурап-билүү**

Сот адилеттиги тутумунун ишине түздөн-түз же кыйыр тартылган адамдар менен жолугушуулар, анын ичинде топтук жолугушуулар (фокус-топтор) кенири маалымат берүүгө жөндөмдүү, анын жардамы менен угууларды байкоонун же документтерди талдоонун жүрүшүндө жасалган корутундуларды толуктоого же текшерүүгө мүмкүн. Сурап-билүүлөр сот процесстерин байкоо жолу менен гана табуу кыйын болгон тутумдун иштешинин аспекттерин табышы мүмкүн[4].

Сурап-билүү, фокус-топ жүргүзүүчү кызматкерлер жолугушуу уюштурулгандар менен кандай маалымат алмашуусу мүмкүн экендигин түшүнүшү зарыл. Жолугушууда интервью алуучулар кыйла жалпы же кыйла айкын мисалдарды пайдаланышы мүмкүн, бирок алар кандай гана жагдайларда болбосун купуя маалыматтарга шилтеме жасоого тийиш эмес: биринчиден, бул кесипкөйлүк эмес, ал эми экинчиден – жазык же административдик жоопкерчиликке алып келиши мүмкүн.



Соттун кызмат адамдарынан жана айыпкерлердин же каршы тараптын юридикалык өкүлдөрүнөн сурап-билүү – сот адилеттигин жүргүзүү тутумунун күчтүү жана солгун жактарын түшүнө билүүнүн маанилүү каражаты. Бул

[4] Сот процесстеринин мониторинги. Иш жүргүзгөндөр үчүн маалыматтык жетекчилик. ЕККУ ДИАУБ, 2012-ж., http://www.osce.org/odihr.

адамдардын пикирлери алар өздөрү туш болгон жана аларды башка, өзгөчө сот процесстерине байкоо жүргүзүүнүн жүрүшүндө байкалган кемчиликтердин терең себептерин аныктоо керек болгондо ар кандай башка жолдор менен табууга кыйын болгон проблемаларды ачып көрсөтүшү мүмкүн. Адвокаттар да айыпкерлердин укуктарын, өзгөчө эгерде байкоочуларда ал тараптардын өзүнө жетүүсү жок болгондо, сактоо менен байланышкан тутумдук бузууларга мүнөздөмө бериши мүмкүн. Ал кызматкерлер тигил же бул процесстин бардык тараптары менен байланыш түзүүгө умтулушу маанилүү: бул иш жөнүндө толук түшүнүк алууга гана көмөктөшпөстөн, эч кимге тартпоо принцибин бузуудан шек саноолордон качууга мүмкүнчүлүк берет.

Сот адилеттигинин субъекттеринин сурап-билүүгө/фокус-топторго даярдыгынын негизги аспекттери[5].

Айрым сот тутумдары судьялар менен байкоочулардын ортосунда түздөн-түз маектешүүнүн мүмкүнчүлүгүнө жол бербейт. Эгерде программанын жетекчилери же байкоочулар программанын баштапкы этабында соттордун төрагалары менен жолугушууларды өткөрсө жана өзгөчө, эгерде программа фокус-топторду, тегерек столдорду маалымат чогултуунун усулдарынын бири катары колдоно тургандыгын судьяларга жана соттордун төрагаларына эскертсе, ошондой эле ар бир айрым учурда кийлигишпөөнүн принцибин сактоо жөнүндө эске салса, судьяларга жетүүнү жеңилдетүүгө мүмкүн.

Интервью алуучуларга мындай жолугушууларжөнүндө чакырууларды сунуш кылынган жолугушуунун датасынан көп мурда берүү, судьялардын жумушчу графигин эске алууга даяр экендигинин планында ийкемдүү болушу жана жолугушуунун максатын алдын ала кыска баяндоого даяр болушу керек. Интервью берүүчүлөргө жолугушуунун темасы жөнүндө жана анын күтүлгөн узактыгы тууралуу кабарлап жатып, интервью алуучу катышуучуларга ой топтоого жана тиешелүү маалыматты ойлонууга убакыт берет, ал эми жолугушуунун максатын баяндоо катышуучулардын изилдөөчүгө карата мүмкүн болуучу ишенбөөчүлүк мамилесин четтетүүгө жардам бериши мүмкүн. Интервью алуучу бир эле адамдар менен ар кандай темаларда бир нече жолугушуулар жөнүндө өтүнүүдөн качуусу керек; анын ордуна мүмкүн

> Кийлигишпөө принцибине ылайык интервью алуучулар сот адилеттиги тутумунун кызматкерлерине же процесстин тараптарына байкоо жүргүзүлүп жаткан тигил же бул иште аларга кандай кылуу керектигине карата сунуштамаларды же кеңештерди берүүдөн качуусу керек.

[5] Сот процесстеринин мониторинги. Иш жүргүзгөндөр үчүн маалыматтык жетекчилик. ЕККУ ДИАУБ, 2012-ж., http://www.osce.org/odihr

болушунча бир иш-чаранын убагында ар кандай темаларды камтууга умтулуу керек.

Прокурорлор менен фокус-топтор, сурап-билүүлөр протоколдун сакталышын талап кылышы мүмкүн, ага ылайык адегенде судьялардан сурап-билүү учурундагыдай эле мындай жолугушуу жөнүндө мекеменин жетекчилигине кабарлоону протокол талап кылышы мүмкүн болгондой, адегенде жетекчиге кайрылуу керек. Коргоочулар жана адвокаттар менен жолугушууларды уюштуруу демейде кандайдыр бир өзгөчө протоколду сактоону талап кылбайт.

Ар бир иш-чарага (фокус-топ, сурап-билүү, тегерек стол) карата мүмкүн болушунча кайтарымды камсыз кылуу үчүн тыкыр даярдануу керек. Бул проблема же сот иши боюнча бардык алдын ала маалыматты иликтөөдөн тышкары ар бир суроонун туюндурмасын ойлонуп чыгуу керек. Интервью алуунун, модерациянын көндүмдөрүн өнүктүрүү зарыл, ал үчүн сурап-билүүлөрдү жүргүзүү боюнча нускама кабыл алынышы мүмкүн.

Суроолорду алар бейтарап жана баа берүүсүз болгондой туюндуруу зарыл. Айрым мониторинг программалары адвокатташтыруу менен кийлигишпөө принцибин сактоонун ортосундагы катышты түшүндүргөн нускамаларды иштеп чыккан. Мындай нускамалар да ачык же жабык суроолорду кандай учурларда колдонууга болоорун, ошондой эле интервьюда айкын иштер жөнүндө же болбосо кандайдыр бир жалпы багытты сүрөттөө үчүн, же болбосо маектешүүнүн борбордук чекити катары суроолорду көтөрүүгө (жана кандай түрдө) мүмкүн экендигин айтып бере алмак. Интервью алуучулар өз маектешүүчүлөрүнөн алардын айткандарын отчёттордо же адвокатташтыруу чараларын жүзөгө ашырууда пайдаланууга болоорун суроону унутуп калбашы керек.

Акырында, судьялар, прокурорлор жана коргоочулар сот адилеттиги тутумунун проблемаларын чечүүнүн усулдарына карата көп учурларда кызыктуу сунуштарды айтышы мүмкүн, эгерде алар мындай каалоону билдиришпесе, аларды кийин авторлорун атабастан адвокатташтыруу чараларынын алкагында пайдаланууга болот.

**Адвокаттар коллегияларынан же акысыз юридикалык жардам топторунан сурап-билүүлөр жана фокус-топтору**[6]

Интервьюнун, күнүмдүк ымаланын же темалык фокус-топторду уюштуруунун жүрүшүндө адвокаттар байкоочуларга демейде өз ишинде туш болгон кыйынчылыктарды түшүнүүгө олуттуу даражада мүмкүнчүлүк берген маалыматты

[6] Сот процесстеринин мониторинги. Иш жүргүзгөндөр үчүн маалыматтык жетекчилик. ЕККУ ДИАУБ, 2012-ж., http://www.osce.org/odihr

бериши мүмкүн. Бул уюмдар сот адилеттиги тутумун реформалоонун адвокаттары катары өздөрү чыгышы мүмкүн жана бул катары алар сот адилеттиги тутумунун жалпы проблемалары жөнүндө маалыматтын, ошондой эле аны реформалоо боюнча иш жүзүндөгү сунуштардын баалуу булагы болуп калышы мүмкүн. Андан тышкары, адвокаттардын коллегиялары менен жолугушуулар программанын байланыш чөйрөсүн кеңейтиши жана ошону менен адвокатташтыруу чараларынын ийгилигине олуттуу даражада көмөктөшүшү мүмкүн.

Адвокаттар адвокаттык бирикме менен жетиштүү түрдө милдеттендирбеген мамилелерде болушу мүмкүн, мунун өзү адвокаттардын коллегиялары менен гана эмес, айрым адвокаттар менен да консультациялардын болушун зарыл кылат, анткени, бул алардын алдында турган проблемалардын кыйла толук көрүнүшүн алууга жардам берет.

“Адвокаттык клиникалар” жана акысыз юридикалык жардамдын башка топтору көп учурларда сот адилеттиги тутумунун айрым аспекттерин жана жакырлар же башкача түрдө туш болгон жармач айыпкерлер проблемаларды салыштыргыс түшүнүүнү бериши мүмкүн. Мына ошентип, бул топтор менен байланыш түзүү байкоочу үчүн өзгөчө пайдалуу болуп калышы мүмкүн.

Адвокаттык бирикмелер жана башка топтор менен жолугушууга даярданууда судьялар, прокурорлор жана коргоочулар менен интервьюга карата жогоруда сунуш кылынган иш жүзүндөгү кеңештерден пайдаланууга да болот.

**Жабыр тарткандардан жана күбөлөрдөн сурап-билүү**[7]



Жабырлануучулар (өзгөчө өтө катаал кылмыштардан) менен жолугушууларда байкоочуларга гендердик айырмачылыктарды эске алуу менен алардын психологиялык абалына өзгөчө көңүл буруу керек. Гендердик негизде зомбулуктан жабыр тарткандардан сурап-билүүдө маектешүүнү ошол эле жыныстагы байкоочу өткөрүшү зарыл. Мындай жолугушуулар сурап-билүү өткөрүлүп жаткан адамга аны башка жерде өткөрүү даана ыңгайлуу болгон учурлардан тышкары уюмдун жайында өткөрүлүшү артыкчылыктуу.

Байкоочулар маектешип жаткан адамда байкоочунун мүмкүнчүлүктөрүнө карата негизсиз үмүт пайда болбошу үчүн өз мандатынын шарттарын жана ыйгарым укуктарынын чектерин түшүндүрүп бериши зарыл. Ошону менен бирге,

[7] Сот процесстеринин мониторинги. Иш жүргүзгөндөр үчүн маалыматтык жетекчилик. ЕККУ ДИАУБ, 2012-ж., http://www.osce.org/odihr

байкоочулар маектешип жаткан адамдарга жардам үчүн кайрылууга боло турган түзүмдөрдүн бар экендиги жөнүндө билдире алат.

Эгерде кеп жармач адамдар жөнүндө болуп жатса, анда аларды кайталап жабыр тарттырбоо тобокелдигинен качуу үчүн байкоочулар демейде жабыр тарткандарга жардам берүүчү адвокаттардан же психологдордун уюмдарынан сурап-билүү сыяктуу маалыматтын кыйыр булактарына кайрылат.

Интервью жүргүзүүдө ишенимдүү жагдайды жана интервью берүүчү менен эмне жөнүндө сүйлөшүү жагымдуу экендигине ишенүүнү түзүү маанилүү. Интервью алуучу коопсуздук аспекттерине тиешелүү көңүл бурууга жана интервью берүүчүлөр менен купуялык маселелерин кошуп алганда, алардын берген маалыматы кандай пайдаланыла тургандыгы жөнүндө талкуулоого тийиш.

Интервью алуучу интервью берүүчүнү кызыгуу менен жана кунт коюп угууга жана ага сыйлоону жана сезимталдыкты көрсөтүп (талкууланып жаткан маселелер интервью берүүчүлөр үчүн күчтүү сезимдерди пайда кылышы мүмкүн экендигин эстен чыгарбастан), ак ниет мамиле жасоого тийиш.

Интервью жүргүзгөнгө чейин интервью алуучу ал маселеге карата мурда болгон жана талкуулана турган маалыматка даярданууга жана аны менен таанышууга жана камтуу керек болгон урунттуу суроолорду жазып алууга тийиш. Ал аткарыла турган жана алгылыктуу болгондо, адам укуктарын бузуулардан жабыр тарткандарга же алардын үй-бүлөлөрүнө интервью жүргүзгөнгө чейин алар менен эмне болгондугун майда-чүйдөсүнө чейин баяндап арыз жазууну өтүнүү максатка ылайык болушу мүмкүн. Ал арыз кийин интервью үчүн негиз болуп кызмат кылышы жана талкуулоо зарыл болгон белгилүү бир чекиттерди табуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Мындай жазуу жүзүндөгү арыздардын башка бир артыкчылыгы адамдар, эреже катары, мындайды жазуу жүзүндө жасоо өтүнүлгөн кезде өз сөздөрү үчүн чоң жоопкерчиликти сезгендигинде жана ошондуктан аз даражада апыртып жиберериnde жана так эмес маалыматты беререринде болуп саналаарында турат.

Адамдардан интервьюну бирден алуу артыкчылыктуу, анткени башка адамдар турганда (жадагалса алар үй-бүлө мүчөлөрү же башка жакын адамдар болсо да) интервью берүүчүлөр өздөрүн ыңгайсыз сезет жана бул алардын айткандарына таасир көрсөтүшү мүмкүн. Интервьюнун убагында башка адамдар жасаган билдирүүлөр бири-бирине таасир көрсөтпөшү үчүн ошол эле маселе боюнча башка интервью берүүчүлөр берген маалыматка түздөн-түз шилтеме жасоо максатка ылайык келбейт.



Суроолорду суракка алуу кыраатында эмес түшүнүү кыраатында берүү керек. Интервью алуучу ачык суроолорго (аларга ооба же жок деген жөнөкөй жооп берүүгө болбогон суроолор) артыкчылык берүүгө жана багыттама суроолордон (белгилүү бир жооптун болушун болжолдогон суроолор) качууга тийиш. Суроо берүүнүн жакшы ыкмасы – бул, мисалы, "... эмне болгондугун айтып бериңизчи" же "...жөнүндө мага бир аз түшүндүрүп бере аласызбы" деп суроо.

Көпчүлүк учурларда сезимтал эмес суроолордон баштоо жана кыйла сезимталдарына кийинчерээк гана өтүү сунушталат. Интервью алуучу интервью берүүчүлөр башынан кечириши мүмкүн болгон жабыр тартууларга сыйлап жана ортоктош болуп мамиле жасоого жана жооп үчүн кыйынчылык туудурган (бул суроолорго кийинчерээк кайрылып келүү мүмкүн) суроолорго алардын жооп беришине түрткү бербөөгө тийиш. Жабыркоо алып келген окуяларды башынан кечирген адамдардан, мисалы, эгерде алар кыйноого дуушар болсо, интервью алууда сезимталдыкты көрсөтүү өзгөчө маанилүү.

Интервью берүүчүлөргө карата сезимтал мамиле жасоодон жана аларга ашыкча басым көрсөтүүдөн карманып, интервью алуучу дайыма талкууланып жаткан окуяларга карата майда-чүйдө нерселердин мүмкүн болушунча көп санын алууну максат кылууга тийиш. Ал интервью берүүчүлөрдүн сезимдери же пикирлери жөнүндө маалыматты эмес, фактылар (эмне болду, кайсы жерде ж.у.с.) жөнүндө маалымат алууга көңүл топтоого тийиш.

Интервьюнун аягында интервью алуучу маалымат бергендиги үчүн интервью берүүчүлөргө ыраазычылык билдирүүгө жана эмне жасалаары жана кантип байланышып туруу жөнүндө макулдашып алууга тийиш.

### 1.2.5. Анкета жүргүзүүнү өткөрүү

Мониторингдин айрым программалары белгилүү бир суроолор боюнча маалыматты ишке тиешеси бар адамдардан алуу үчүн анкеталардан пайдаланат. Суроолор жыйнагын түздөн-түз интервьюга жана маалымат чогултуунун башка усулдарына толуктоо катарында пайдаланууга болот. Бир катар жагдайларда сот адилеттиги тутумунун субъекттеринин анкеталарды толтурушу өзгөчө ал субъекттерге түздөн-түз жетүү мүмкүн болбогон кезде же убакыттын кыска аралыгынын ичинде көп суроолор боюнча ар кандай адамдардан маалымат алуу зарыл болгон кезде жеке сурап-билүүнүн жакшы альтернативасы болуп калышы мүмкүн. Кээде респонденттер, өзгөчө эгерде сурап-билүү атын атабай жүргүзүлгөндө,

маалыматты кабарлоодо жана өз пикирин баяндоодо же жазуу жүзүндө сын айтууларда өздөрүн кыйла ишенимдүү сезет. Интервьюга салыштырганда анкеталардын артыкчылыктары да, кемчиликтери да бар.

Анкеталардын мүмкүн болуучу артыкчылыктары:

- ✓ аларды салыштырмалуу тез жана жөнөкөй толтурууга болот;
- ✓ аларга бир убакта көп темаларды киргизүүгө болот, мунун өзү оозеки сурап-билүүдө көп убакытты алышы мүмкүн;
- ✓ аларды жолугушуу оңойго турбаган адамдарга, мисалы, алыскы сотто иштеген же сейрек байкалган иштерди караган судьяларга таратууга болот;
- ✓ анкетага жоопторду салыштыруу жана иштеп чыгуу маектешүүнүн жүрүшүндө алынган маалыматка караганда кыйла жөнөкөйрөөк.



Анкеталардын мүмкүн болуучу кемчиликтери:

- ✓ суроолорго тиешелүү жоопторду камсыз кылуучу анкеталарды иштеп чыгуу үчүн убакыт жана жакшы көндүмдөр талап кылынат;
- ✓ интервьюдан айырмаланып, анкета байкоочу менен респонденттин ортосунда ишеним мамилелерин түзүүгө мүмкүнчүлүк бербейт;
- ✓ жоопторду белгилөө менен тандап алуу респондентке өз ойлорунун баарын айтууга мүмкүнчүлүк бербеши мүмкүн;
- ✓ алынган жооптордун үлүшү чакан болушу мүмкүн;
- ✓ көпчүлүк респонденттер анкетада комментарийлер үчүн орун берилсе да кеңири жооп бербестен торчого жөн гана белги коюуну артыкчылыктуу көрөт. Натыйжада респонденттин көз карашы карама-каршы болуп калышы мүмкүн.

Анкетанын суроолорун кандайча даярдоо жана туюндуруу керек:

1) анкетанын максатын жана, атап айтканда, кандай маалыматты чогултууну күтө тургандыгыңыздарды өзүңүздөр үчүн так туюндуруңуздар;
2) кыйла так натыйжаларды алуу үчүн болгон ар кандай көз караштардын бүткүл жыйындысын камтууга эсептегенде респонденттердин жакшы негизделген тизмегин түзүңүздөр;



3) респонденттер үчүн так, жазуу жүзүндөгү нускамаларды түзгөн жакшы, аларда анкетанын максатын жана маанисин, анкетанын купуя мүнөзүн жана атын атабагандыгын, анкетаны толтуруу ыкмасын, аны өткөрүүнүн сунуш кылынган датасын жана усулун көрсөтүү зарыл. Респонденттерге түшүндүрүүлөр талап

кылынган учурда маалыматтык колдоо үчүн жооптуу адамдын байланыш маалыматтарын да көрсөтүү зарыл;
4) анкетаны мүмкүн болушунча кыска жасоого аракеттениңиз;
5) анкетанын жабык, ошондой эле ачык жооптордуу камтуусун камсыз кылыңыз;
6) суроолорду так туюндуруңуз, багыттама суроолордон качыңыз, андан калса, суроолор бейтарап угулууга тийиш; жооптор үчүн жетиштүү орун калтырыңыз;
7) иш жүзүндөгү суроолордон абстракттууларга жана жабык суроолордон ачыктарына өтүп, эң маанилүү суроолорду адегенде берүү сунушталат;
8) анкетаны уюмдун ичинде же болбосо интервью түрүндө, же болбосо жадагалса – мисалы, бир нече респонденттен же кайсы бир соттун кызматкерлеринен сурап-билүү аракетинин жолу менен тесттен алдын ала өткөрүңүз.

### 1.2.6. Натыйжаларды иштеп чыгуу

Натыйжаларды иштеп чыгуунун ыкмалары пайдаланылган изилдөө усулдарынан көз каранды болот. Эгерде маалыматтарды чогултууда биз коомдук илимдердин усулдарынан пайдалансак, анда аларды иштеп чыгуу да ошол илимдерде кабыл алынган стандарттарга ылайык келүүгө тийиш. Мониторингдин убагында алынган маалыматты башка булактар (изилдөөлөрдүн натыйжалары, статистикалык материалдар жана докладдар, эл аралык уюмдарга өкмөттүк докладдар, парламенттик жана ведомстволук докладдар ж.у.с.) менен салыштыруу керек. Эгерде чогултулган материал биз пайдаланууну каалаган, мисалы, биз үчүн стратегиялык мааниси бар сот процессинде, айрым айкын сот иштери жана чечимдери менен байланыштуу болсо, анда аны иштеп чыгуу да процесстик документтердин талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

### 1.2.7. Отчёт түзүү

Жазуу жүзүндөгү отчётторду даярдоо адам укуктарынын сакталышынын мониторингинин натыйжаларын билдирүүнүн маанилүү каражаты болуп саналат. Принцибинде отчёттор ички жана тышкы болушу мүмкүн. Ички отчёттор ошол эле уюмга иштеген кесиптештерге же өнөктөш уюмдарга маалымат жана жаңыртылган маалыматтарды берүүгө арналат, ал эми тышкы отчёттор (аларга мындан ары “адам укуктары боюнча жарыялоолор” катары шилтеме жасалгандар) тышкы аудиторияга маалымат берүү максатында даярдалат.



Мониторинг боюнча ички отчёттор жалпы же атайын мүнөздө болушу мүмкүн.

Мониторинг боюнча жалпы отчётторду демейде убакыттын үзгүлтүксүз тынымы менен (мисалы, ай сайын же эки айда бир жолу) мониторинг жүзөгө ашырылып жаткан жаатта эмне болуп жаткандыгы жөнүндө кесиптештерге маалымдоо жана жаңы маалымат берүү максатында даярдашат. Мониторинг боюнча атайын отчёттор мониторинг боюнча айрым аракеттердин натыйжалары жөнүндө, мисалы, сот процесстеринин мониторинги боюнча отчёт берүү зарыл болгондо даярдалат. Мониторинг боюнча ички отчёттор жарыялоо үчүн арналбайт. Бирок алар өздөрү камтыган маселелерди чечүүгө багытталган ар кандай иш-чараларды пландаштырууда жана жүзөгө ашырууда негиз болуп кызмат кылат, мисалы, жарыялоо үчүн отчёттор жана/же укук коргоо демилгелери боюнча отчёттор. Ошондуктан алардын тыкыр даярдалышы маанилүү.

Мониторинг жөнүндө атайын отчёттор мониторинг боюнча аткарылган белгилүү бир аракеттердин натыйжаларын жалпылоого тийиш жана байкоо жүргүзүлүп жаткан окуялардын адам укуктарынын стандарттарына ылайык келүүсүнө баа берүүгө тийиш. Алар калыс тил менен жазылууга жана баарынан мурда мониторлор иш жүзүндө көргөндөргө жана уккандарга негизделген фактыларды билдирүүгө тийиш.

Мисалы, сот процесстеринин мониторинги жөнүндө отчёт төмөнкү маалыматты (мисал катары) камтууга тийиш:



1) сот жана айыпкерлер жөнүндө кыска фондук маалымат (резюме);
2) коргоочуларга каршы айыптар жана аларга ылайык айып коюлган мыйзамдар жөнүндө кошмо маалымат;
3) өлкөнүн сот тутумунун жана сот процессин жүзөгө ашырып жаткан соттун көз карандысыздыгын жана эч кимге тартпастыгын кыскача баяндоо жана аларга баа берүү;
4) адилет сот процессинин эл аралык кепилдиктеринин көз карашында сот отурумун өткөрүүнү кеңири баяндоо жана ага баа берүү;
5) соттун чечими жана өкүм жөнүндө маалымат;
6) даттануу жол-жоболорунун болгондугун жана натыйжалуулугун эске салуу;
7) эгерде бул маанилүү болсо, коргоонуунун адам укуктарын коргоонун эл аралык механизмдерин пайдаланууга мүмкүн болгон пландарын эске салуу.

Тышкы отчёттор даректелгенге жараша ар кандай түрдө берилиши мүмкүн. БУУнун комитеттерине же белгилүү бир темалар жана региондор боюнча БУУнун

жол-жоболорунун алкагында аракеттенген атайын докладчыларга докладдар бир түрдө туюндурулат. Өкмөт жана Парламент үчүн отчёттор – башкача, ал эми бул проблема боюнча коомдук дебаттарды козутуу максатында журналисттер үчүн – таптакыр башкача. Бирок биз отчётто келтирген маалыматтар алардын даректелгендери ким экендигине карабастан тыкыр текшерилген болууга тийиш. Кээде ката көрсөтүлгөн бир факт бүткүл докладга, жүргүзүлгөн мониторингдин аныктыгына жана ак ниеттүүлүгүнө ишенимди жокко чыгарып, жана натыйжада уюмдун беделин төмөндөтүп салышы мүмкүн. Биз кандайдыр бир кемчиликтер үчүн доомат койгон уюмдун жетекчилиги анын калыс же так эместигине көрсөтүп, бизди изилдөөчүлөр катары жаманатты кылып докладыбыздын беделин кетирүүгө аракеттениши мүмкүн экендигин эстөө зарыл.

# 2-БӨЛҮМ. ДИНГЕ ИШЕНҮҮ ЖАНА ДИН ТУТУУ ЭРКИНДИГИНИН МОНИТОРИНГИ

## 2.1. Эл аралык жана конституциялык стандарттар

Ой жүгүртүү, динге ишенүү жана дин эркиндигинин кепилдиктери адам укуктары боюнча эл аралык, региондук документтерде жана конституциялык жоболордо бар.

Атап айтканда, Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 18-беренеси: “Ар ким ой жүгүртүү, динге ишенүү жана дин эркиндигине укуктуу, бул укукка өз динин же ынанымдарын өзгөртүү эркиндиги жана өз динин же ынанымдарын жеке, ошондой эле башкалар менен бирге, кудайга сыйынууда, окууда, диний жана ырасым каадаларын жасоодо көпчүлүк алдында же жеке тартипте тутуу эркиндиги кирет.

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын (мындан ары – ЖСУЭП) 18-беренеси[8], ага ылайык:

“1. Ар бир адам ой жүгүртүү, динге ишенүү жана дин эркиндигине укуктуу. Бул укукка дининин же ынанымдарынын болуу же өз тандоосу боюнча аларды кабыл алуу эркиндиги жана өз динин жана ынанымдарын жеке өзү, ошондой эле башкалар менен бирге, ырасым өткөрүүдө, диний жана азем каадаларды аткарууда жана окууда көпчүлүк алдында же жеке тартипте тутуу эркиндиги кирет.

[8] БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 A (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган (Электрондук ресурс). Жетүү режими: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml, Кыргыз Республикасы КРнын Жогорку Кеңешинин 1994-жылдын 12-январындагы № 1406-XII токтому менен кошулган.

2. Анын дининин же ынанымдарынын болуу же өз тандоосу боюнча аларды кабыл алуу эркиндигин чектеген мажбурлоого эч ким дуушар болбоого тийиш.

3. Динди же ынанымдарды тутуу эркиндиги мыйзам менен белгиленген жана коомдук коопсуздукту, тартипти, ден соолукту жана моралды, ошого тете башка адамдардын негизги укуктары менен эркиндиктерин коргоо үчүн зарыл болгон чектөөлөргө гана жатат.

4. Ушул Пактыга катышкан Мамлекеттер ата-энелердин жана тиешелүү учурларда мыйзамдуу камкорчулардын өз ынанымдарына ылайык өз балдарына диний жана адеп-ахлактык тарбия берүүнү камсыз кылуу эркиндигин сыйлоого милдеттенме алат”.

Диндин же ынанымдардын негизинде чыдамсыздыктын жана кодулоонун бардык түрлөрү жоюу жөнүндө декларациянын 4-беренесинде төмөнкүдөй айтылат:
“1. Бардык мамлекеттер диндин же ынанымдардын негизинде кодулоонун алдын алуу жана аны жоюу үчүн жарандык, экономикалык, саясий жана маданий турмуштун бардык жааттарында адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин таанууда, жүзөгө жана ишке ашырууда натыйжалуу чараларды көрүүгө тийиш.
2. Бардык мамлекеттер буга окшогон ар кандай кодулоого тыюу салуу үчүн, ошондой эле бул жаатта диний же башка ынанымдардын негизинде чыдамсыздыкка каршы күрөшүү боюнча бардык тиешелүү чараларды көрүү үчүн болгон күч-аракеттерди көрөт”. (БУУнун Башкы Ассамблеянын 1981-жылдын 25-ноябрындагы 36/55-резолюциясы менен кабыл алынган).

ЖСУЭПнын 18-беренесинин кеңири ченемдик мазмуну БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин[9] (1993-ж., 48-сессия) № 22 Жалпы тартиптеги сын-пикиринде берилген, аларга ылайык **“дин тутуу эркиндиги”** же **“ой жүгүртүү, динге ишенүү жана дин эркиндиги”** түшүнүгү колдонуунун мүмкүн болуучу кеңири алкагын божомолдойт.

Европадагы коопсуздук жана кызматташуу боюнча уюмга (мындан ары – ЕККУ) мүчө мамлекеттер өздөрүнө дин тутуу эркиндигин сактоо боюнча милдеттенмелерди алган. “Адамдык ченөө” документтеринде бир нече жолу баса белгиленгендей, дин тутуу эркиндиги жана башка негизги эркиндиктер боюнча милдеттенмелер адам укуктары жаатындагы макулдашууларга, атап айтканда, ЖСУЭПга[10] негизденет. ЕККУ боюнча милдеттенмелер эл аралык укуктун стандарттарын аткаруунун альтернативасы катары каралбайт жана ал ченемдерге каршы

[9] Жетүү режими: http://www1.umn.edu/humanrts/russian/gencomm/Rhrcomms.html
[10] Жетүү режими: http://www.osce.org/odihr/20056.html

келбейт, бирок ЕККУ дин тутуу эркиндигинин эки көрүнүшүнө өзгөчө көңүл бурат. **Биринчиден,** бул диний түзүмдөрдү каттоо жана алардын ачык статусунун жол-жобосу, **экинчиден,** бул дин жана мамлекеттик билим берүү тутуму.

Мына ошентип, адамдын дин жана ынанымдар эркиндигине укуктарынын ченемдик негизи сегиз компоненттин алкагында топтолушу мүмкүн[11]:

1. **Ички эркиндик:** ар ким ой жүгүртүү, динге ишенүү жана дин эркиндигине укуктуу; буга өз дининин жана ынанымдарынын[12] болуу, аларды кабыл алуу, кармануу жана өзгөртүү[13] эркиндиги кирет.

2**. Тышкы эркиндик:** ар кимдин жеке, ошондой эле башкалар менен бирге, көпчүлүк алдында же жеке тартипте, окууда, кудайга сыйынууда жана диний жана азем каадаларын жасоодо эркиндиги[14].

3. **Мажбурлабоо**: ой жүгүртүү жана динге ишенүү эркиндигине же дининин жана ынанымдарынын болуу же өз тандоосу боюнча аларды кабыл алуу эркиндигине кандайдыр бир чектөөлөрдү белгилөөгө жол берилбейт[15].

4. **Теңдик (кодулоодон эркиндик):** мамлекет өз аймагынын чектеринде жана өз юрисдикциясынын алдында турган адамдардын баарынын укуктарын расасына, терисинин өңүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка ынанымдарына, улуттук жана социалдык тегине, мүлктүк абалына, туулгандыгына же башка жагдайларына карата кандайдыр бир айырмалабастан сыйлоого жана камсыз кылууга милдеттенет[16].

5. **Ата-энелердин укуктары:** мамлекеттер ата-энелердин жана тиешелүү учурларда мыйзамдуу камкорчулардын өз ынанымдарына[17] ылайык өз балдарына диний жана адеп-ахлактык тарбия берүүнү камсыз кылуу эркиндигин сыйлоого, ошондой эле баланын өсүп келе жаткан жөндөмү менен коошкон дин жана ынанымдарынын эркиндигине баланын укуктарын коргоону камсыз кылууга

[11] Дин жана ынанымдар эркиндиги. Негизги принциптер. Дин жана укук боюнча эксперттер Гильдиясы. М., 2012-ж. 25-26-б.
[12] БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин ЖСУЭПнын 18-беренесине карата № 22 (48) Жалпы тартиптеги сын-пикирдин 5-пункту.
[13] ЖСУЭПнын 18-беренеси «теисттик, теисттик эмес жана атеисттик ынанымдарды, ошондой эле эч кандай динди же ынанымдарды тутпоо укугун коргойт».
[14] ЖСУЭПнын 18-беренесинин 1-пункту, АУЕКнын 9-беренесинин 1-пункту.
[15] БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин ЖСУЭПнын 18-беренесине карата № 22 (48) Жалпы тартиптеги сын-пикирдин 3-пункту.
[16] АУЖДнын 2-беренеси, ЖСУЭПнын 2-беренеси, БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин ЖСУЭПнын 18-беренесине карата № 22 (48) Жалпы тартиптеги сын-пикирдин 8-9-пункттары.
[17] ЖСУЭПнын 18-беренесинин 1-пункту.

милдеттенет[18].

6. **Корпоративдик эркиндик жана юридикалык статус:** юридикалык жактын статусун алуу укугу диний коомдоштуктардын диндин жана ынанымдардын эркиндигине укугунун курамдык бөлүгү, өзгөчө диний ынанымдарын жеке, ошондой эле башкалар менен бирге билдирүү эркиндигинин аспекттеринин бири болуп саналат[19].

7. **Тышкы эркиндикти жол берилүүчү чектөөлөр:** динди же ынанымдарды тутуу эркиндиги мыйзам менен белгиленген жана коомдук коопсуздукту, тартипти, ден соолукту жана моралды же башка адамдардын негизги укуктары менен эркиндиктерин коргоо үчүн зарыл болгон чектөөлөргө гана жатат[20].

8. **Ажыратып алгыстык:** мамлекет дин жана ынанымдар эркиндиги укугун камсыз кылуу милдеттеринен жадагалса өтө зарыл учурда (өзгөчө кырдаалда) да чегиниши мүмкүн эмес[21].

КРнын Конституциясы[22] ар кимге ар кандай динди жеке же башкалар менен бирге тутуу же эч кандай динди тутпоо эркиндигин, диний жана башка ынанымдарды эркин тандап алууга, алардын болушуна жана өзүнүн диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурланбоо укугун кошуп алганда, динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигине кепилдик берет[23].

Адамдын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөгө **КРнын Конституциясы жана мыйзамдар тарабынан улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти коргоо, калктын ден соолугун жана адеп-ахлагын коргоо, башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максаттарында гана жол берилет**, ошондой эле мындай чектөөлөр **аскердик же башка мамлекеттик кызматтын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен да** киргизилиши мүмкүн. Киргизилип жаткан чектөөлөр көрсөтүлгөн максаттарга өлчөмдөш болууга тийиш[24].



Динди жана башка ынанымдарды эркин тандап алуу жана алардын болушунун эркиндиги укугуна, ошондой эле диний жана башка ынанымдарды билдирүүгө же алардан баш тартууга


[18] БУУнун Баланын укуктары жөнүндө конвенциясынын 14-беренеси.
[19] ЖСУЭПнын 18-беренесинин 1-пункту.
[20] ЖСУЭПнын 18-беренесинин 3-пункту, БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин ЖСУЭПга карата № 22 (48) Жалпы тартиптеги сын-пикирдин 8-пункту.
[21] ЖСУЭПнын 4-беренесинин 1, 2-пункттары.
[22] 2016-жылдын 11-декабрындагы референдумда кабыл алынган 2016-жылдын 28-декабрындагы № 218 КРнын Мыйзамынын редакциясында, (Электрондук ресурс). Жетүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913
[23] КРнын Конституциясынын 32-беренеси.
[24] КРнын Конституциясынын 20-беренеси (2-б.).

мажбурлоого тыюу салууга эч кандай жагдайларда чектөө болушу мүмкүн эмес[25].

Конституция кандайдыр бир белги боюнча, анын ичинде дин тутууга тиешелүүлүгү же ынанымдары боюнча[26] кодулоого, ошондой эле кодулоого, кастыкка же зомбулукка чакырган улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүнү, гендердик жана башка социалдык артыкчылыкты пропагандалоого тыюу салууну белгилейт[27].

Дин мамлекеттик башкарууга кийлигишпеген мамлекеттин статусу динге ишенүү эркиндигин ишке ашыруунун жана кодулоодон коргоонун эң маанилүү кепилдиги болуп саналат. Дин мамлекеттик башкарууга кийлигишпеген мамлекет – расмий идеология катары эч кандай динди принциптүү түрдө кабылдабаган жана ар кимге дүйнө таанууну эркин тандап алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган бейтарап мамлекет. Мындай мамиле КРнын Конституциясынын 7-беренеси менен камсыз кылынып, анда мындай деп айтылат:

**- эч бир дин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышы мүмкүн эмес;**



**- дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган;**

**- диний бирикмелердин жана дин кызматчыларынын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишүүсүнө тыюу салынат.**

## 2.2. Динди башкалар менен бирге тутуу укугу

Диний бирикмелердин болушу жана диний каадаларды жасоо демейде диндик окууларды жайылтуу жана башка адамдар менен биргелешкен иш менен байланышкандыктан, дин тутуу эркиндиги **өз пикирин билдирүү эркиндиги, биригүү укугу, чогулуштар эркиндиги** сыяктуу башка укуктар жана эркиндиктер менен тыгыз байланышкан.

Башкалар менен бирге дин тутуу укугу динге ишенгендерге мамлекеттин өзүм билемдик кылып кийлигишүүсү жок эркин чогулууга мүмкүнчүлүк берилгендигинде болуп саналат. Мына ошентип, дин тутуу эркиндигинин кепилдиктери менен кодулоого тыюу салуу кепилдиктери менен бирге биригүү эркиндиги укугунун ортосундагы өз ара аракеттенүү диний коомдоштукка расмий таануу берүү маселелерин чечүүдө чоң мааниге ээ болот.

[25] КРнын Конституциясынын 20-беренеси (4-б. 7-п., 5-б. 5-п.).
[26] КРнын Конституциясынын 16-беренеси (2-б.).
[27] КРнын Конституциясынын 31-беренеси (4-б.)

ЕККУнун[28] милдеттенмелери укуктун субъекттүүлүгүнүн статусун алуу жана сактоо укугунун маанилүүлүгүн эбак эле белгилеген. Айрым диний топтор каттоо талаптары менен принциптүү түрдө макул эместигинин айынан мамлекет катталбоону артык көргөн диний топторго санкцияларды же чектөөлөрдү салууга тийиш эмес. Бирок азыркы юридикалык шарттарда көпчүлүк диний топтор өз ишин кыйла натыйжалуу жана ыңгайлуу ыкма менен толук масштабда жүзөгө ашыруу үчүн укуктун субъекттүүлүгүн алууну артыкчылык көрүүдө. Дал ошол укуктун субъекттүүлүгүнүн мүнөздүү маанилүүлүгүнүн айынан бул статусту алуу биригүү, анын ичинде дин тутуу боюнча биригүү укугунун кыйла маанилүү аспекттеринин бири болуп саналат. Тиешелүүлүгүнө жараша укуктун субъекттүүлүгүн алуу укугун мыйзамсыз чектөөлөр биригүү укугу жана дин тутуу эркиндиги укугу сыяктуу укуктар менен шайкеш келбеген болуп саналат. Буга байланыштуу ЕККУ мыйзамдардын негизги проблемаларын аныктап, алар дин же дин тутуу эркиндиги укугун олуттуу чектеши мүмкүн, алардын айрымдары төмөндө келтирилген:

1. укуктун субъекттүүлүгүн алуу үчүн уюмдан каттоону талап кылуу мүмкүн болуп саналат, ошого карабастан жеке адамдарга же адамдардын тобуна, эгерде алар мындайды кааласа, динди каттоосуз тутуу укугу берилүүгө тийиш;
2. укуктун субъекттүүлүгүн алуу кандайдыр бир уюм үчүн мүчөлүккө өтө жогорку минималдуу талаптарды белгилөөбөөгө тийиш;
3. каттоого уруксат берилердин алдында уюмдун өлкөдө узак мөөнөттүн ичинде иштеши жөнүндө талап орундуу эмес болуп саналат;
4. укуктун субъекттүүлүгүн алуунун алдындагы өзгөчө оор чектөөлөр же кечиктирүүлөр тыкыр талданууга дуушар болууга тийиш;
5. уруксатты (же макулдукту) бекитүү боюнча мамлекеттин өзгөчө кеңири ыйгарым укуктарына тиешелүү жоболорго жол берилбөөгө тийиш;
6. уюмдун ички диний иштерине кийлигишүүгө жол берилбөөгө тийиш;
7. мурдагы иш-аракеттерге колдонулган же колдонуудагы укуктарды коргоого жөндөмсүз болгон жоболор (мисалы, жаңы критерийлерге негизденүү менен кайталап каттоону талап кылуу) тыкыр талданууга дуушар болууга тийиш;
8. мамлекет кайсы бир диний топ башкасына баш ийүүгө тийиш экендиги же диндер белгилүү бир төмөнтөн жогору тартипке салынууга тийиш экендиги жөнүндө чечим (мисалы, катталган диний уюмдар башка диний бирикмени каттоого вето коюу укугуна ээ болбоого тийиш) кабыл албоого тийиш.

[28] Дин же дин тутуу боюнча мыйзамдарды талдоо боюнча сунуштамалар. Укук аркылуу демократия үчүн европалык комиссиянын көмөгү менен ЕККУ/АУДИБнын Дин же динге ишенүү эркиндиги жөнүндө маселелер боюнча эксперттердин консультациялык кеңеши тарабынан даярдалган (Венеция комиссиясы). Жетүү режими: www.osce.org/odihr



Мына ошентип, каттоо талаптарын белгилөөдө мамлекет бейтарап абалды так сактоого жана каттоодон баш тартуу үчүн укукка жаткан негиздерди көрсөтүүгө жөндөмдүү болууга тийиш. Мында каттоо жол-жобосунда кароого калтыруу укугуна чек коюлууга жана чечимдерди кабыл алуудагы өзүм билемдик алып салынууга тийиш. Мамлекет ар кандай ынанымдардын салыштырмалуу легитимдүүлүгүнө баа берүүдө аярлыкты көрсөтүүгө милдеттүү.

### 2.2.1. Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдары

Жогоруда белгиленип кеткендей, дин тутуу эркиндиги пикир **эркиндиги, биригүү укугу, чогулуштар эркиндиги** сыяктуу башка укуктар жана эркиндиктер менен тыгыз байланышкан. Кыргыз Республикасында бул укуктарга жана эркиндиктерге Конституция менен кепилдик берилген. Атап айтканда, 31-беренеде **«ар ким өз пикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укуктуу"**, ал эми 34-беренеде **"ар ким тынч чогулуш өткөрүү эркиндигине укуктуу..."** жана 35-беренеде ар ким **"биригүү эркиндигине укуктуу"** экендиги каралган.

Кыргызстанда диний уюм тарабынан укуктун субъекттүүлүгүнүн статусун алууга тиешелүү маселелер 2008-жылдын 31-декабрындагы "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамы менен жөнгө салынат[29].

Жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасында дин тутууну, кудайга сыйынууну, каадаларды жана аземдерди бирге жасоо, диний агартуу жана өзүнүн артынан түшүүчүлөрдү тарбиялоо максатында түзүлгөн, КРнын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган КРнын жарандарынын ыктыярдуу бирикмелери (диний коомдор, борборлор, диний окуу жайлары, мечиттер, чиркөөлөр, синагогалар, сыйынуу үйлөрү, монастрлар жана башкалар) КРдагы диний уюмдар деп табылат. Бул учурда КРнын Конституциясы жана эл аралык келишимдер менен кепилдик берилген биригүү эркиндиги укугу, ошондой эле динге ишенүү жана дин тутуу эркиндиги укугу козголот[30].



Ошол эле убакта бул Мыйзам дин иштери боюнча мамлекеттик органда эсептик каттоосу жок дин уюмдарынын ишине жана иш-милдеттерди аткарышына тыюу салат[31]. Ишти катталбаган диний уюмдун атынан жүзөгө ашырган адам 1998-жылдын 4-августундагы № 114 "Административдик жоопкерчилик

[29] Жетүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202498?cl=ru-ru
[30] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 8-беренеси (1-б.)
[31] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 8-беренеси (2-б.)

жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодексине"[32] (мындан ары – КРнын АЖжКсы) ылайык диний бирикмелердин жетекчилеринин бирикмени мамлекеттик башкаруу органдарында каттоодон четтөө бөлүгүндө диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарды бузгандык үчүн жоопкерчилик тартат[33].

"КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамына ылайык "диний уюм" жашы жеткен куракка толгон жана КРнын аймагында туруктуу жашаган 200дөн кем эмес КРнын жарандарынын демилгеси боюнча түзүлөт[34].

"КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамына ылайык "диний бирикмелер" "бир динди туткан", алардын жок дегенде бири Кыргыз Республикасынын аймагында өз ишин 15 жылдан кем эмес жүзөгө ашырып жаткан 10дон кем эмес диний уюмдар болгондо түзүлөт[35].

Дин иштери боюнча мамлекеттик органда эсептик каттоодон өтүү жөнүндө талап миссияларга, диний окуу жайларына, дин багытындагы объекттерге жана миссионерлерге карата да таандык болот.

Ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдан тышкары диний уюмдарды эсептик каттоо жол-жобосу КРда диний уюмдарды эсептик каттоо жөнүндө убактылуу жобо менен аныкталган[36]. Чет өлкөлүк диний уюмдардын окуу жайларын жана миссияларын жана диний иш максатында КРга келип жаткан чет өлкөлүк жарандарды эсептик каттоонун тартиби буга окшогон мыйзамга баш ийген актылар менен жөнгө салынат. Мыйзамга баш ийген, саналып өткөн ченемдик актылар  Мыйзамга ылайык келтирилген эмес, бирок алардын айрым жоболору дин иштери боюнча мамлекеттик органда эсептик каттоо берүү жөнүндө маселени чечүүдө колдонулат.

Диний уюмду эсептик каттоо үчүн уюштуруучулар эсептик каттоо жөнүндө арызды, уставды, уюштуруу чогулушунун протоколун, дин окуусунун негиздери тууралуу жана ага ылайык келген практика жөнүндө, анын ичинде үй-бүлөгө, никеге, билим берүүгө жана ден соолукка карата мамиле тууралуу маалыматтарды, ошондой эле толук паспорттук маалыматтарды көрсөтүү менен жарандардын, диний уюмду түзүүнүн демилгечилери болуп саналган уюштуруу кеңешинин мүчөлөрүнүн нотариаттан ырасталган тизмесин берет[37].

[32] Жетүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/6?cl=ru-ru
[33] Административдик жоопкерчилик жөнүндө КРнын кодексинин 395-беренеси (1-б.)
[34] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 8-беренеси (3-б.)
[35] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 8-беренеси (5-б.)
[36] КРнын Президентинин 1996-жылдын 14-ноябрындагы № 319 Жарлыгы менен бекитилген. Төмөнкү сайтта жетүүгө болот: ИС ПАРАГРАФ, www.adviser.kg
[37] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 10-беренеси.

Зарыл документтерди тиркөө менен арыз берилген күндөн тартып 30 күндөн кеч эмес диний уюмду эсептик каттоо жүргүзүлүүгө тийиш. Дин иштери боюнча мамлекеттик орган тарабынан кошумча маалыматтар суратылса жана/же арызздануучунун уюштуруу документтери дин таануучулук экспертизага жиберилсе, анда бул учурда кароонун мөөнөтү 1 айга узартылат.

Эсептик каттоонун натыйжалары боюнча арызданууучуга дин ишин жүзөгө ашырууга укук берүүчү күбөлүк берилет. Диний уюмдарды мамлекеттик каттоо юстиция органдары тарабынан жүзөгө ашырылат. Диний уюмдун уставындагы ар кандай толуктоолор жана өзгөртүүлөр дин иштери боюнча мамлекеттик органда ошол эле тартипте эсептик кайра каттоого жатат.

Мына ошентип, КРда уюм тарабынан укуктун субъектүүлүгүнүн статусун алуу 2 этапта өтөт: биринчиси, дин иштери боюнча мамлекеттик органда эсептик каттоодон милдеттүү өтүү, аны аткарбоо мыйзам менен белгиленген жоопкерчиликке алып келет, экинчиси, эсептик каттоо жөнүндө күбөлүк алгандан кийин юстиция органдарында мамлекеттик каттоону алууга болот.

Дин иштери боюнча мамлекеттик орган жана прокуратура органдары негиздер болгондо сотко диний уюмду жоюу же болбосо анын ишине тыюу салуу жөнүндө көрсөтүү берүүгө укуктуу экендигин белгилөө зарыл. Мында жоюлуп жаткан диний уюмдун юридикалык жак катары укукка жөндөмдүүлүгү токтотулат[38].

### 2.2.2. Практикадан алынган мисалдар

**№1 мисал[39]:** Жаран А.У. дин иштери боюнча мамлекеттик органга 2012-жылдын 23-октябрында “Теңирчилик” диний уюмун эсептик каттоо жөнүндө арыз менен кайрылган. Жаран датасы 2014-жылдын 29-январында коюлган баш тарткан жоопту 2014-жылдын 3-июлунда гана алган, бул жөнүндө каттын көчүрмөсүндө жазуу бар. Алынган катта арызданууучуга 2013-жылдын 23-сентябрындагы кат менен жооп жиберилгендиги көрсөтүлгөн. Бирок бул катты анын алгандыгынын далилин дин иштери боюнча мамлекеттик орган бере алган эмес. Бишкек шаарынын райондор аралык сотунун 2016-жылдын 14-мартындагы чечими менен КРнын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын (ДИМК) “Теңирчилик” диний уюмун эсептик каттоо жүргүзүүдөн жана күбөлүк берүүдөн баш тарткандыгы боюнча аракеттери мыйзамсыз деп табылган, сот ДИМКны жол берилген бузууларды четтетүүгө милдеттендирген.

[38] “КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 14-беренеси (3, 4-б.)

[39] КРда динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигинин сакталышы боюнча соттук териштирүүлөрдүн мониторингинин натыйжалары боюнча отчёттон; авторлору: Г.Абдирасулова, Н.Алымбаев, Ж.Давлетбаев, Ч.Мусабекова, 2017-жыл, “Жалпы кызыкчылыктарды издөө” коммерциялык эмес корпорациясы, отчётко шилтеме: http://sfcg.kg

2016-жылдын 21-мартында жаран А.У. соттун чечимин аткаруу жана тиешелүү үлгүдөгү күбөлүк берүү менен “Теңирчилик” диний уюмун эсептик каттоо жүргүзүү өтүнүчү менен ДИМКга кайрадан кайрылган. Бирок, ДИМК демилгечилердин Бишкек шаардык кеңеши менен макулдашылган тизмеси жок, мунун өзү “КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 10-беренесинин талаптарына ылайык келбейт деп жооп берген. Ошондой эле соттун чечими ошол замат каттоо үчүн негиз болуп саналбайт, анткени сот ДИМКны “Теңирчиликтин” каттоо жөнүндө күбөлүк берүү тууралуу маселе боюнча арызын кароого кабыл алууга милдеттендиргендигин белгилеген. Алар документтерди мыйзамдарга ылайык берген учурда гана бекитилген жол-жобого ылайык каттоо жөнүндө маселе каралат.

**Мисалга карата комментарийлер: Диний уюмдарды эсептик каттоо зарыл документтерди тиркөө менен арыз берилген күндөн тартып 30 күндөн кеч эмес жүргүзүлүүгө тийиш жана эгерде дин иштери боюнча мамлекеттик орган кошумча маалыматтарды сураса же болбосо документтерди дин таануучулук эскпертизага жиберсе, арызды кароо дагы бир айлык мөөнөткө узартылышы мүмкүн. Бул учурда болсо жаран А.У. баш тарткан жоопту 20 айдан кийин алган, бул дин иштери боюнча мамлекеттик орган тарабынан эсептик каттоо жүргүзүү мөөнөтүн бузуу болуп саналат.**

**Демилгечилердин жергиликтүү кеңеш менен макулдашылган тизмесин талап кылууга карата маселе өзүнчө карооого арзыйт. Бул жерде “КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын эсептик каттоону алуу үчүн зарыл болгон документтердин тизмегин белгилөөчү 10-беренеси 2014-жылдын 4-сентябрына чейин мурда диний уюмду жана миссияны түзүүнүн демилгечилери болуп саналган, Уюштуруу кеңешинин мүчөлөрү болгон жарандардын тизмесин нотариаттык ырастоо жана жергиликтүү кеңештер менен макулдашуу жөнүндө талапты камтыган. Бирок, 2014-жылдын 4-сентябрында КРнын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын (мындан ары – Конституциялык палата) Чечими менен “жергиликтүү кеңештер менен макулдашылган”[40] дегендикти билдирген ченем КРнын Конституциясынын 20-беренесинин 2-бөлүгүнүнө жана 35-беренесине[41] каршы келет деп табылган. Конституциялык палатанын 2014-жылдын 4-сентябрындагы чечиминин резолюциялык бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык Конституциялык палата КРнын Жогорку Кеңешин бул чечимдин негизинде “КРдагы дин тутуу эркиндиги жана**

[40] “КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 10-беренеси (2-б. үчүнчү абз.)

[41] КРнын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 04-сентябрындагы чечими. (Электрондук ресурс). http://sot.kg сайтында жетүүгө болот.

**диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамына зарыл өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө милдеттендирип токтом чыгарган.**

**№2 мисал[42]:** 2015-жылдын 5-декабрында Чүй областынын Кемин шаарынын шаардык кеңеши тарабынан "Элчилик жыйыны" диний уюмунун ишин токтотуу жөнүндө токтом кабыл алынган. Кемин шаарынын жергиликтүү тургундарынын арыздары мындай токтом кабыл алуу үчүн негиз болгон. 2015-жылдын 21-сентябрында "Элчилик жыйыны" диний уюму Чүй областынын райондор аралык сотуна диний уюмдардын ишин токтотуу маселелери жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын компетенциясына кирбей тургандыгын көрсөтүп, даттануу менен кайрылган жана бул токтомду жокко чыгарууну өтүнгөн. 2015-жылдын 14-декабрында Чүй областынын райондор аралык соту "Элчилик жыйынынын" арызын канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө чечим чыгарган. Бул уюмдун апелляциялык даттануусун карап чыгып, Чүй областтык сотунун экономикалык жана администрациялык иштер боюнча соттук коллегиясы 2016-жылдын 4-мартында гана Чүй областынын райондор аралык сотунун чечимин жокко чыгарган, ошондой эле Кемин шаарынын шаардык кеңешинин токтомун жокко чыгарган.

**Мисалга карата комментарийлер: "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамына ылайык диний уюмду жоюу же болбосо анын ишине тыюу салуу жөнүндө көрсөтүүнү сотко берүүгө негиздер болгондо дин иштери боюнча мамлекеттик орган жана прокуратура органдары укуктуу.**

### 2.2.3. Маалымат чогултуу усулдары

Мындай учурларда (мисалдарда) маалымат чогултуу диний уюмдардын өкүлүн (өкүлдөрүн) сурап-билүүнүн аркасында болушу мүмкүн. Маалымат чогултуунун бул усулу сотко чейинки стадияда, ошондой эле соттук жана эгерде, албетте, диний уюмдун өкүлү тарабынан доо арызы берилген болсо, сот тарабынан кароо аяктагандан кийин да болушу мүмкүн. Сурап-билүү жүргүзүүнүн негизги принциптери менен "Мониторингдин жалпы принциптери" деген 1-бөлүмдүн "1.2. Мониторингдин негизги этаптары" деген кичи бөлүмүнүн "1.2.4. Сурап-билүүлөрдү жана фокус-топторду жүргүзүү" деген бөлүгүнөн таанышууга болот.

[42] КРда динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигинин сакталышы боюнча соттук териштирүүлөрдүн мониторингинин натыйжалары боюнча отчёттон; авторлору: Г. Абдирасулова, Н. Алымбаев, Ж. Давлетбаев, Ч. Мусабекова, 2017-жыл, "Жалпы кызыкчылыктарды издөө" коммерциялык эмес корпорациясы, отчётко шилтеме: http://sfcg.kg

Ошого карабастан, сурап билүүдө байкоочуга окуялардын хронологиялык тартибине көңүл буруу зарыл экендигин белгилөө маанилүү. Кээде ал окуялар тез өнүгүшү же болбосо окуя башталган учурдан тартып жетиштүү түрдө узак убакыт өтүшү мүмкүн жана кайсы бир фактыны (окуяны) ар кандай көз жаздымда калтыруу талдоодо кандайдыр бир баа берүүгө кыйын болушуна алып келиши мүмкүн. Кээде суралып жаткан адам болуп өткөн окуя жөнүндө өз алдынча жазуу жүзүндө баяндоону каалагандыгын билдириши мүмкүн, бул учурда баа берүү үчүн окуялардын даталары, мекемелердин аталыштары, каттардын жөнөтүлгөн жана кабыл алынган даталары ж.у.с. маанилүү экендигин түшүндүрүү зарыл, мисалы:

**- 2012-жылдын 23-октябрында “Теңирчилик” диний уюмунун (тобунун, коомдоштугунун) өкүлү ДИМКга эсептик каттоодон өткөрүү жөнүндө арыз менен кайрылган;**

**- 2014-жылдын 3-июлунда ДИМКдан 2014-жылдын 29-январында чыккан датасы менен баш тартуу катын алган;**

**- 2016-жылдын 20-февралында “Теңирчиликтин” өкүлү ДИМКнын аракеттерине даттануу жөнүндө арыз менен Бишкек шаарынын райондор аралык сотуна кайрылган;**

**- 2016-жылдын 14-мартында ДИМКнын аракеттерине даттануу боюнча “Теңирчиликтин” өкүлүнүн 2016-жылдын 20-февралындагы арызын Бишкек шаарынын райондор аралык соту тарабынан кароо болгон. Арызды канааттандыруу жөнүндө чечим чыгарылган.**

**- ж.у.с.**

Адам укуктарын сактабоого карата фактыларды аныктоодо сурап-билүүнүн жүрүшүндө алынган маалыматка баа берүүнүн кыйындыгы маанилүү учур болуп саналат. Ошондуктан билдирилген маалыматтардын аныктыгын ырастоо зарыл. Бул учурда баяндалган фактыларды ырастоочу документтердин көчүрмөлөрүн алуу зарыл. Диний уюмдун (топтун, коомдоштуктун) өкүлүнүн кайрылуусу (арызы), мамлекеттик органдардын каттары (чечимдери), соттордун чечимдери мындай документтерден болуп саналат.

Эгерде мониторинг менен камтылган иш сот стадиясында болсо, анда түздөн-түз соттук кароонун жүрүшүндө байкоо жүргүзүү мүмкүн. Бул үчүн “...сот процессине байкоо жүргүзүүнүн картасы”

таризин пайдалануу зарыл (Мониторингдин колдонмолору. 2-тиркемени караңыз). Сот процессинин жүрүшүнө жалпы байкоо жүргүзүү сот процессинин адилеттигине баа берүүгө мүмкүнчүлүк берет. Сот процесстеринин мониторинги адам укуктарынын мониторингинин усулдарынын бири болуп саналат жана сот отурумдарында түздөн-түз болуу маалымат чогултуунун этаптарынын бири болуп саналат, сот адилеттиги тутумунун субъекттеринен интервью алууга да болот. Сот процессине байкоо жүргүзүүдө жана сот адилеттигинин субъекттеринен интервью алууда кандай принциптерди сактоо керектиги жөнүндө “Мониторингдин жалпы принциптери” деген 1-бөлүмдүн “1.2. Мониторингдин негизги этаптары” деген кичи бөлүмүнүн “1.2.3. Сот процесстеринин мониторинги” бөлүгүнө кайрылуу зарыл.

## 2.3. “Жеке” ынанымдарды тутуу: прозелитизм

Дининин же ынанымдарынын “болуу же аларды кабыл алуу” эркиндиги өз динин же ынанымдарын өзгөртүү укугун кошуп алганда, динди же ынанымдарды тандап алуу же атеисттик көз караштарды кармануу эркиндигин, ошондой эле өз динин же ынанымдарын тутууну улантуу укугун сөзсүз божомолдойт. “Динди же ынанымды өзгөртүү” укугуна башка адамдарды өз көз караштарынын чындыгына ынандырууга аракеттенүү укугу да кирет. Мына ошентип, өз көз караштарын, ынанымдарын жана ишенимин билдирүү укугу дин же дин тутуу эркиндиги укугунун жана өз пикирин билдирүү эркиндиги укугунун бир бөлүгү болуп саналат. Бирок, бул укук абсолюттук эмес жана кийлигишүү коомдук тартипти же жармач адамдарды укукка сыйбаган пайдалануудан сактоо жагынан негизделгендигин мамлекет далилдей алган учурларда чектелиши мүмкүн.

ЖСУЭПнын 18-беренесинин 2-пунктунда динге ишенгендерди же ишенбегендерди өз диний ынанымдарын же көз караштарын кармануугa, өз дининен же ынанымдарынан баш тартууга же аларды башкаларга алмаштырууга мажбурлоо максатында кара күч же жазык санкцияларын колдонууну же колдоном деп коркутууну кошуп алганда, “дининин же ынанымдарынын болуу же аларды кабыл алуу” укугун азайткан мажбурлоого тыюу салынат[43].

### 2.3.1. Улуттук мыйзамдар

КРнын Конституциясы ар кандай динди жеке же башкалар менен бирге тутуу же эч кандайын тутпоо, диний же башка ынанымдарды тандап алуу, алардын болуу жана өз диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө же алардан баш тартууга[44] мажбурлабоо эркиндиги укугун кошуп алганда, ар кимге динге ишенүү жана дин

[43] ЖСУЭПнын 18-беренесине карата БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин № 22 (48) Жалпы тартиптеги сын-пикирдин 5-пункту.
[44] КРнын Конституциясынын 32-беренеси.

тутуу эркиндигине кепилдик берет жана диний жана башка ынанымдарды тандап алуу жана алардын болуу эркиндиги укугун чектөөгө тыюу салууну, ошондой эле диний жана башка ынанымдарын билдирүүгө же алардан баш тартууга мажбурлоого тыюу салууну белгилейт[45].

"КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамы конституциялык мамилелерди кайталайт жана динди тутууга же тутпоого, кудайга сыйынууга, диний каадаларга жана аземдерге, динге окутуп-үйрөтүүгө катышууга же катышпоого кандайдыр бир мажбурлоого тыюу салат [46].

Ошондой эле "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамы ага ылайык "бир конфессиянын жолдоочуларын башкаларды жолдоого (прозелитизм) багытталган иш-аракетке, ошондой эле ушул багыттагы ар кандай мыйзамсыз миссионердик ишти жүргүзүүгө тыюу салган" жобону камтыйт[47].

Жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдын 3-беренесине негизденип, "прозелитизм – бул башка динди кармануучуларды өз динине тартууга умтулуу", ал эми "миссионердик иш – бул өзү ишенген динди тутууну жайылтууга багытталган иш". Ошол эле убакта 2014-2020-жылдарга дин чөйрөсүндөгү КРнын мамлекеттик саясатынын концепциясы (32-бет) бул аныктамаларды бир түшүнүккө бириктирет, анда "миссионердик иш – бул, анын ичинде чет өлкөлүк жарандар жана уюмдар тарабынан, динге ишенбегендерди же башка диндин өкүлдөрүн тартуу максатында динге ишенүүнү жайылтуу".



КРнын АЖжКсы дин кызматкерлеринин жана диний бирикмелеринин мүчөлөрүнүн диний бирикмелер жөнүндө мыйзамдарды бузгандык үчүн жоопкерчилигин караган беренени камтыйт[48]. КРнын Кылмыш-жаза кодексинде диний каадаларды аткарууга жамынып, жарандардын инсанына жана укуктарына кол салгандык үчүн берене каралган[49].

### 2.3.2. Практикадан алынган мисалдар

**№3 мисал[50]:** 2016-жылдын 6-апрелинде Ысык-Көл областынын Түп районунда ИИБнын кызматкерлери тарабынан уруксат берүүчү документтери жок даават өткөргөндүгү үчүн адамдардын тобу кармалган жана соттун чечими менен дин кызматкерлерине жана диний бирикмелердин мүчөлөрүнө "диний чогулуштарды, жүрүштөрдү жана башка диний аземдерди уюштуруунун жана өткөрүүнүн

[45] КРнын Конституциясынын 20-беренеси (4-б. 7-п, 5-б. 4-п.).
[46] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 4-беренеси (3-б.)
[47] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 5-беренеси (4-б.)
[48] КРнын АЖжКсынын 395-беренеси.
[49] КРнын КЖКсынын 147-беренеси.
[50] КРда динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигинин сакталышы боюнча соттук териштирүүлөрдүн мониторингинин натыйжалары боюнча отчёттон; авторлору: Г. Абдирасулова, Н. Алымбаев, Ж. Давлетбаев, Ч. Мусабекова, 2017-жыл, "Жалпы кызыкчылыктарды издөө" коммерциялык эмес корпорациясы, отчётко шилтеме: http://sfcg.kg

мыйзамдар менен белгиленген эрежелерин бузгандык үчүн” жазаны караган КРнын АЖжКсынын 395-беренесинин 2-бөлүгү боюнча административдик жоопкерчиликке тартылган.

**Мисалга карата комментарийлер: КРда миссионердик ишти жана прозелитизмди жүзөгө ашыруу маселесине өзгөчө көңүл бурулган. Практика көрсөткөндөй, өздөрүндө уруксат берүүчү документтери жок “даавatты” жүзөгө ашырып жаткан адамдар жоопкерчиликке тартылат. “КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамы динди же ынанымдарды тутууга уруксат берүүнү караган жоболорду камтыйбайт.**

**№4 мисал[51]:** 2016-жылдын 11-апрелинде Нарын шаарында ИИБнин кызматкерлери тарабынан уруксат берүүчү документтери жок даават өткөргөндүгү үчүн жарандардын тобу кармалган жана соттун чечими менен мыйзамсыз дааватты токтотуу жөнүндө “...укук коргоо органынын кызматкеринин мыйзамдуу тескемесине баш ийбегендик” үчүн административдик камак түрүндөгү административдик жоопкерчиликке тартылган (КРнын АЖжКсынын 371-беренеси).

**Мисалга карата комментарийлер: Жогоруда белгиленип кеткендей, “КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамы динди же ынанымдарды тутууга уруксат берүүнү караган жоболорду камтыбайт. Бирок тигил же бул учурда да сот отурумунда мыйзамдын кайсы жобосу даават өткөрүүгө уруксат берүүнү талап кылаары; мындай уруксатты кайсы орган берүүгө ыйгарым укуктуу экендиги; диний чогулуштарды, жүрүштөрдү жана башка диний аземдерди уюштуруу, өткөрүү үчүн кандай эрежелер белгиленгендиги такталган эмес.**

### 2.3.3. Маалымат чогултуу усулдары



Практика көрсөткөндөй, даават үчүн кармалган жарандарга карата административдик укук бузуулар жөнүндө протоколдор түзүлөт. Административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүш жана аларды кароо соттор (судьялар), КРнын АЖжКсына ылайык административдик укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укуктуу органдар (кызмат адамдары) тарабынан жүргүзүлөт. Административдик укук бузуу жөнүндө иш ачылды, ал эми ал боюнча өндүрүш –

[51] КРда динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигинин сакталышы боюнча соттук териштирүүлөрдүн мониторингинин натыйжалары боюнча отчёттон; авторлору: Г. Абдирасулова, Н. Алымбаев, Ж. Давлетбаев, Ч. Мусабекова, 2017-жыл, “Жалпы кызыкчылыктарды издөө” коммерциялык эмес корпорациясы, отчётко шилтеме: http://sfcg.kg

административдик камака алуу жөнүндө протокол түзүлгөн учурдан тартып башталды деп эсептелет[52].

Тиешелүүлүгүнө жараша, эгерде мындай иштер мониторинг менен камтылса, анда байкоону түздөн-түз соттук кароонун жүрүшүндө жүргүзүүгө болот. Бул үчүн “Административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча сот процессине байкоо жүргүзүүнүн (жалпы байкоо жүргүзүү) картасы” таризин пайдалануу зарыл (Мониторингдин колдонмолору. 2-тиркемени караңыз). Сот процессине байкоо жүргүзүүдө кандай принциптерди сактоо зарыл экендиги “Мониторингдин жалпы принциптери” деген 1-бөлүмдүн “1.2. Мониторингдин негизги этаптары” кичи бөлүмүнүн “1.2.3. Сот процесстеринин мониторинги” бөлүгүндө кеңири баяндалган.

Кармалган адамдардан сурап-билүүнү өзүнчө жүргүзүү керек, муну сот стадиясында, ошондой эле андан кийин да жасоого болот. Бул учурда “Дааватты” өткөргөндүк үчүн кармалган адамдар үчүн суроолор жыйнакчасынын” суроолорунун тизмесине кайрылууга болот (Мониторингдин колдонмолору. 2-тиркемени караңыз). Сурап-билүүдө байкоочунун окуялардын хронологиялык тартибине көңүл буруусу да зарыл экендигин белгилеп кетүү керек, анткени кайсы бир фактыны (окуяны) ар кандай көз жаздымда калтыруу талдоодо кандайдыр бир баа берүүгө кыйын болушуна алып келиши мүмкүн.



Билдирилген маалыматтардын аныктыгын ырастоо зарыл. Бул учурда баяндалган фактыларды ырастоочу документтердин көчүрмөлөрүн алуу зарыл. Административдик укук бузуулар жөнүндө протоколдордун көчүрмөлөрү, соттордун чечимдери, кармалган адамдардын мамлекеттик органдарга кайрылуулары жана алардын жооптору мындай документтерден болуп саналат.

Көрсөтүлгөн Суроолордун жыйнакчасы жана Байкоо жүргүзүүнүн картасы, алардагы суроолор сыяктуу эле биротоло тариздер болуп саналбагандыгын белгилеп кетүү зарыл. Байкоочу, эгерде айрым маселелер боюнча тактоо талап кылынаарына ишенсе, өзүнүн туюмун жетекчиликке алышы мүмкүн, ал эми кээде аны жетекчиликке алуусу керек.

[52] КРнын АЖжКсынын 548-беренеси.

## 2.4. Диний адабият жана башка материалдар дин тутуу эркиндигинин ажыратып алгыс бөлүгү катары

Диний каадалар же салттар, же ынанымдар менен байланышкан буюмдарды жана материалдарды өндүрүү, күтүү жана пайдалануу, ошондой эле бул жаатта жарыялоолорду жазуу, бастырып чыгаруу жана жайылтуу укугу БУУнун диндин жана ынанымдардын негизинде чыдамсыздыктын жана кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларациясында (мындан ары – Декларация) кеңири бекитилген.

1986-жылдагы ЕККнын Вена жолугушуусунун жыйынтык документи да катышуучу мамлекеттерге **“динге ишенгендердин укуктарын жеке, ошондой эле башкалар менен бирге, өздөрү тандап алган тилде диний адабиятты жана жарыялоолорду, ошондой эле алардын диний ынанымдарына тиешелүү башка буюмдарды жана материалдарды сатып алуу, ээ болуу жана пайдалануу укугун сыйлоо”[53]; “диний коомдоштуктарга, институттарга жана уюмдарга диний жарыялоолорду жана башка басылма материалдарды жана диний ырасым буюмдарын өндүрүүгө, импорттоого жана жайылтууга уруксат берүү”[54]** милдеттенмесин бекиткен.

### 2.4.1. Улуттук мыйзамдар

КРнын Конституциясынын 33-беренесине ылайык **“ар ким маалыматты эркин издөө, алуу, сактоо, пайдалануу жана аны оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкма менен жайылтуу укугуна ээ”.**



“КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамы диний адабиятты, диний арналыштагы укмакөрмөматериалдарды, ошондой эле башка буюмдарды жарыялоону, сатып алууну, сактоону, ташып чыгууну жана ташып келүүнү диний уюмдардын укугу катары карайт[55]. Мында диний уюмдар тарабынан чыгарылуучу адабият, башка басылма, укмакөрмөматериалдар толук аталышын жана конфессиялык таандуулугун көрсөтүү менен маркировкасы болууга тийиш[56].

Диний мазмундагы материалдарды жайылтууга жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан бөлүнүп берилүүчү менчик укугунда диний

[53] 1986-жылдагы ЕККнын Вена жолугушуусунун жыйынтык документинин 16.9-пункту. Жетүү режими: http://www1.umn.edu/humanrts/russian/osce/basics/Roscebasc.html
[54] 1986-жылдагы ЕККнын Вена жолугушуусунун жыйынтык жокументинин 16.10-пункту.
[55] “КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 22-беренеси (1-б.).
[56] “КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 22-беренеси (5-б.).

уюмдарга таандык жерлерде, ошондой эле кудайга сыйынуу жайларында жана атайын дүкөндөрдө гана жол берилет. "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамы (22-бер. 6-б.) материалдарды коомдук жерлерде (көчөлөрдө, бульварларда) таратууга, квартираларды, жеке үйлөрдү, балдар мекемелерин, мектептерди жана жогорку окуу жайларын кыдырууга тыюу салат.

Аларда конституциялык түзүлүштү, диний чыдамсыздыкты, коомдун адеп-ахлактык негиздерин өзгөртүүгө чакырыктар камтылган диний адабиятты, башка басылма, укмакөрмөматериалдарды ташып келүүгө, даярдоого, сактоого, ташууга жана жайылтууга тыюу салынат[57].

Дин иштери боюнча мамлекеттик орган диний адабиятты, башка басылма, укма көрмө материалдарды өндүрүүдө, сатып алууда, сактоодо, ташып келүүдө, ташып чыгууда жана жайылтууда жана диний адабият китепкана фонддоруна келип түшкөндө **мамлекеттик дин таануучулук экспертиза дайындоого укуктуу**. Диний адабият КРнын китепкана фонддоруна келип түшкөндө мамлекеттик **дин таануучулук** экспертиза жүргүзүү милдеттүү болуп саналат. Бул экспертиза КРнын ДИМКнын алдында иштеген дин таануу эксперттик тобу тарабынан жүргүзүлөт.

Катталган диний уюмдар мамлекеттик бийлик жана ЖӨБ органдарынын кайрылуулары боюнча басма сөз басылмаларында, кино-, фото-, укмакөрмөпродукцияда жана башка материалдарда **диний экстремизмдин элементтеринин бар экендиги жөнүндө түшүндүрмөлөрдү берүүгө укуктуу**[58].

### 2.4.2. Практикадан алынган мисалдар

**№5 мисал[59]:** Ошентип, 2015-жылдын 9-августунда "Ильяз" аттуу бир жаран "Таккфир-жихаддык" диний агымды пропагандалоону жүргүзүп жаткандыгы жөнүндө оперативдүү маалыматты текшерүү максатында изин суутпай издөө иш-чаралары жүргүзүлүп, аларда "Ыргал" аттуу жаран аялдан исламдык маанидеги "Сабил жана Субул" деген диний китеп сатып алынып, анын автору А. уулу Ш. болуп саналган. ДИМКнын эксперттик комиссиясынын корутундусунда бул китеп КМДБнын уруксатысыз бастырылып чыгарылгандыгы көрсөтүлгөн, мунун өзү

[57] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 22-беренеси (2-б.).
[58] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 22-беренеси (3-б. үчүнчү абз.).
[59] КРда динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигинин сакталышы боюнча соттук териштирүүлөрдүн мониторингинин натыйжалары боюнча отчёттон; авторлору: Г. Абдирасулова, Н. Алымбаев, Ж. Давлетбаев, Ч. Мусабекова, 2017-жыл, "Жалпы кызыкчылыктарды издөө" коммерциялык эмес корпорациясы, отчётко шилтеме: http://sfcg.kg

"КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 22-беренесин бузат.

**Мисалга карата комментарийлер: "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык дин иштери боюнча мамлекеттик орган диний адабиятты, башка басылма, укмакөрмөматериалдарды өндүрүүдө, сатып алууда, сактоодо, ташып келүүдө, ташып чыгууда жана жайылтууда мамлекеттик дин таануучулук экспертиза дайындоого укуктуу. Диний адабият КРнын китепкана фонддоруна келип түшкөндө мамлекеттик дин таануучулук экспертиза өткөрүү милдеттүү болуп саналат. Ал экспертиза КРнын ДИМКнын алдында иштөөчү дин таануу эксперттик тобу тарабынан жүргүзүлөт.**

**Катталган диний уюмдар мамлекеттик бийлик жана ЖӨБ органдарынын кайрылуулары боюнча басма сөз басылмаларында, кино-, фото-, укмакөрмөпродукцияда жана башка материалдарда диний экстремизмдин элементтеринин бар экендиги жөнүндө түшүндүрмөлөрдү берүүгө укуктуу[60].**

**Бирок, диний уюмдар диний адабиятты өндүрүүгө уруксат берүүгө укуксуз. КМДБ башка диний уюмдар сыяктуу эле диний уюм болуп саналат, ошондуктан бул учурда "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 22-беренеси таптакыр колдонулушу мүмкүн эмес.**

### 2.4.3. Маалымат чогултуу усулдары

Келтирилген мисал "**экстремисттик материалдарды сатып алгандык, даярдагандык, сактагандык, тараткандык, ташыгандык жана жөнөткөндүк, ошондой эле атайылап колдонгондук, анын ичинде экстремисттик же террорчулук уюмдардын символдорун же атрибуттарын көрсөткөндүк"** үчүн КРнын КЖКсынын 299-2-беренесинин 1-бөлүгү боюнча жазык иштерин кароо боюнча соттук практиканын предмети болуп саналат. Бул учурда байкоочуга "экстремисттик материалдарды сактоодо күнөөлөө боюнча иштердин мисалында сот процесстеринин мониторинги" деген 3-бөлүм менен таанышуу жана маалымат чогултуунун көрсөтүлгөн түрлөрүн жетекчиликке алуу керек.

Ошого карабастан, эгерде диний материалдарды, ошондой эле диний арналыштагы башка буюмдарды аларды экстремисттик деп таанылбастан жарыялоого, сатып

[60] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 22-беренеси (3-б. үчүнчү абз.).

алууга, сактоого, ташып чыгууга/ташып келүүгө, ошондой эле жайылтууга тыюу салуу же болбосо чектөө менен байланышкан окуялар мониторингдин объекттери болуп саналса, анда диний уюмдун өкүлдөрүнөн сурап-билүү маалымат чогултуунун кыйла натыйжалуу усулу болуп саналат. Сурап-билүү жүргүзүүнүн негизги принциптери менен "Мониторингдин жалпы принциптери" деген 1-бөлүмдүн "1.2. Мониторингдин негизги этаптары" деген кичи бөлүмүнүн "1.2.4. Сурап-билүүлөрдү жана фокус-топторду жүргүзүү" деген бөлүгүнөн таанышууга болот.



Бул учур үчүн суроолордун кандайдыр бир тизмеси каралган эмес, байкоочу "Тыюу же болбосо чектөө эмне үчүн салынган?" деген бир суроого көңүл топтошу жана калган бардык суроолорду төмөнкү негизгинин тегерегинде түзгөнү максатка ылайык: **а) тыюу же болбосо чектөө ким (кайсы маморган) тарабынан салынган?; б) тыюу же болбосо чектөө салууда кандай негиздер келтирилген?; в) тыюу же болбосо чектөө кайсы документ менен салынган?; г) тыюу же болбосо чектөө салууга даттануу болгонбу?, эгерде болсо, анда кайсы жерге (аталышы)?; д) даттануунун натыйжалары? ж.у.с.**

Сурап-билүүдө байкоочуга даталарга жана мекемелердин аталыштарына көңүл буруу зарыл. Билдирилген маалыматтардын аныктыгын ырастоо керек. Бул учурда суралып жаткан адам белгилеген документтердин көчүрмөлөрүн алуу зарыл, бул тыюу салуу же болбосо чектөө жөнүндө документ, сотко жана башка мамлекеттик органдарга даттануулар, бул маселе боюнча жооп каттар болушу мүмкүн.

## 2.5. Диндин же ынанымдардын негизиндеги чыдамсыздык жана кодулоо

ЖСУЭП (26-бер.) дин тутуу эркиндиги боюнча кодулоого каршы жоболорду карайт, аларга ылайык бардык адамдар мыйзам алдында тең жана эч кандай кодулоосуз мыйзамдын тең коргоо укугуна ээ. Бул ар кандай түрдөгү кодулоого мыйзам менен тыюу салынууга тийиш жана мыйзам бардык адамдарга кандайдыр бир белги боюнча кодулоого каршы тең жана натыйжалуу коргоого кепилдик берүүгө тийиш дегендикти билдирет. Кодулоого, кастыкка же зомбулукка карата чагымчылык болуп саналган улуттук, расалык же диний жек көрүүнүн пайдасына ар кандай чыгууга мыйзам менен тыюу салынууга тийиш[61].

Диндин же ынанымдардын негизинде чыдамсыздыктын жана кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларациянын 2-беренесинде[62] "ар кандай мамлекет,

[61] ЖСУЭПнын 20-беренеси.
[62] Башкы Ассамблеянын 1981-жылдын 25-ноябрындагы 36/55 резолюциясы менен кабыл алынган.

мекеме, адамдардын тобу же айрым адамдар тарабынан эч ким диндин же ынанымдардын негизинде кодулоого душаар болбоого тийиш" деп айтылат.

Кодулабаган мамилеге укуктун бузулушу орун алгандыгын же албагандыгын белгилөөдө кодулоо болгонбу деген суроо биринчи пайда болот. Бирдей кырдаалдарда болгон адамдардын ортосундагы ар кандай айырмачылыктар негиздүү жана калыс критерийлер менен акталган болууга тийиш. Экинчи маселе – кодулоочу кесепеттердин мыйзамы же практикасы барбы?

Мамлекет улуттук жана жергиликтүү масштабда өкмөттүн саясатын кайра кароо үчүн, ошондой эле кодулоонун пайда болушуна алып баруучу ар кандай мыйзамдарды оңдоо, жокко чыгаруу үчүн натыйжалуу чараларды кошуп алганда, кодулоого алып келүүчү шарттарды кыскартуу же четтетүү максатында оң чараларды көрүүсү зарыл. Андай болбогондо, мамлекет кодулабоо принцибин камсыз кылуу боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыгы, ал эми кодулоо өкмөттүн атайын саясаты болгондугу даана көрүнөт.

### 2.5.1. Улуттук мыйзамдар



КРнын Конституциясы кандайдыр бир белги боюнча, анын ичинде дин тутуу же башка ынанымдар боюнча кодулоого[63], ошондой эле улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүнү, кодулоого, кастыкка же зомбулукка чакырган гендердик жана башка социалдык артыкчылыкты пропагандалоого тыюу салууну белгилейт[64].

"КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамына ылайык КРнын жарандары жарандык, саясий, экономикалык, социалдык жана маданий турмуштун бардык жааттарында алардын динге мамилесине жана диний же болбосо атеисттик ынанымдарына карабастан мыйзам алдында тең. Расмий документтерде жарандардын динге карата мамилесин көрсөтүүгө жол берилбейт. Алардын динге карата мамилесине жараша жарандардын укуктарын чектөө же кандайдыр бир артыкчылыктарды белгилөө, ошого тете кастыкты же жек көрүүнү козутуу же болбосо алардын динге мамилесине байланыштуу жарандардын сезимдерин билип туруп мазактоо, тигил же бул дин тарабынан ардакталган дин объекттерин бузуу КРнын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет[65].

(Электрондук ресурс). Жетүү режими: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/relintol.shtml

[63] КРнын Конституциясынын 16-беренеси (2-б. экинчи абз).

[64] КРнын Конституциясынын 31-беренеси (4-б.).

[65] "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамынын 4-беренеси (2, 4-б.).

### 2.5.2. Практикадан алынган мисалдар.



**№6 мисал[66]:** 2015-жылдын 18-сентябрында Бишкек шаарынын Свердлов районунун РИИБсынын ТБсынын тергөөчүсү тарабынан күбө катары суракка чакыртылган чиркөөнүн дин кызматкери өз адвокаты менен бирге диний ынанымдарына байланыштуу мазактоого дуушар болгон. Саат 17ден тартып саат 20ге чейин тергөөчү же аны менен бир кабинетте олтурган анын кесиптеши дин кызматкерин жана анын адвокатын "динди сатып жиберип, динден четтегендер, сектанттар жана мындай адамдарды жок кылуу керек" деп аташкан. 2015-жылдын 23-сентябрында адвокат Бишкек шаарынын Свердлов РИИБсынын ТБсынын тергөөчүлөрүнүн аракеттерине ыйгарым укуктарынан аша чапкандык, диний ынанымдар боюнча ар-намысты жана кадыр-баркты басмырлагандык, ошондой эле диндер аралык араздашууну козуткандык үчүн арыз менен кайрылган. 2015-жылдын 9-октябрында КРнын ИИМсы арызды караган жана кызматтык териштирүү жүргүзүп, тергөөчүлөрдүн аракеттери КРнын ИИБсынын кызматкерлеринин Кесиптик этика кодексинин ченемдерин бузгандыгын белгилеген. 29-октябрда Этика маселелери боюнча комиссия Бишкек шаарынын Свердлов РИИБсынын кызматкерлерине сөгүш берүү жана эскертүү түрүндөгү тартиптик жаза чарага тарткан.

**Мисалга карата комментарийлер: Адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоону жүзөгө ашырууга чакырылган мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү аларды өздөрү бузуу менен жарандарды тигил же бул белгилери боюнча кодуласа жаманатты кылса, анда мамлекет факт боюнча "тиешелүү териштирүү" жүргүзүүгө тийиш. <u>Көз карандысыз орган</u> тарабынан жүргүзүлгөн, мындан ары буга окшогон учурларды болтурбоо максатында күнөөлүү адамдарды белгилеген жана жоопкерчиликке тарткан териштирүү "тиешелүү" териштирүү деп эсептелет. Чыдамсыздыктын жана зомбулуктун ар кандай учурлары мамлекетке натыйжалуу териштирүү жүргүзүү жана күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу үчүн жоопкерчиликти жүктөйт.**

**№7 мисал[67]:** 2016-жылдын 21-октябрында Ысык-Көл областындагы Ак-Суу районунун Теплоключенка айылында түштө айылдын тургуну 60 жаштагы, акыркы 15 жылдын ичинде "баптизм" динин карманган аял каза тапкан. Маркум

[66] КРда динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигинин сакталышы боюнча соттук териштирүүлөрдүн мониторингинин натыйжалары боюнча отчёттон; авторлору: Г. Абдирасулова, Н. Алымбаев, Ж. Давлетбаев, Ч. Мусабекова, 2017-жыл, "Жалпы кызыкчылыктарды издөө" коммерциялык эмес корпорациясы, отчётко шилтеме: http://sfcg.kg

[67] КРда динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигинин сакталышы боюнча соттук териштирүүлөрдүн мониторингинин натыйжалары боюнча отчёттон; авторлору: Г. Абдирасулова, Н. Алымбаев, Ж. Давлетбаев, Ч. Мусабекова, 2017-жыл, "Жалпы кызыкчылыктарды издөө" коммерциялык эмес корпорациясы, отчётко шилтеме: http://sfcg.kg

аялдын туугандары өз жакынын жергиликтүү көрүстөнгө коюуну каалаган, бирок жергиликтүү тургундар ага каршы чыгышкан, анткени ал “мусулмандык” болуп саналат. Казыят жана православие чиркөөсү аны жергиликтүү көрүстөндөргө коюуга каршы чыгышкан. Айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучудан[68] сурап-билүүгө ылайык аял баптист болгон, ал эми баптизм – бул дин эмес, секта. Жергиликтүү калктын арасынан наармазы болгондондор чыккан жана алар сөөктү кайра казып чыгарабыз деп коркуткан. Жергиликтүү калк менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, жыйынтыгында каза болгонду ал айылдын эски көрүстөнүнө көмүү жөнүндө биргелешкен чечим кабыл алынган.

**Мисалга карата комментарийлер: “КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 16-беренесинин 3-пунктуна ылайык динге ишенгендердин көрүстөндөрүнөн пайдалануу эрежелерин жана көрүстөндүк жыйымдар жөнүндө жоболорду таануу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоболору менен жөнгө салынат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдын[69] 18-беренесинин 1-пунктунун 8-пунктчасына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагына таандык болгон жергиликтүү маанидеги маселелерге “көрүстөндөрдүн иш-милдет аткаруусун камсыз кылуу жана азем кызматтарын көрсөтүү” кирет. КРда динге ишенүү жана дин тутуу эркиндигинин принциптерин жүзөгө ашыруу мамлекеттик башкарууга дин кийлигишпеген мамлекеттин конституциялык мүнөздөмөсү менен тыгыз байланышкан, бул мамлекет жана диний бирикмелер бири-биринен өз-өзүнчөлүгүн, б.а. бири-биринин ишине өз ара кийлигишпейт дегендикти билдирет. Мамлекеттин мамлекеттик башкарууга диндин аралашпаган мүнөздөмөсү мамлекеттик расмий адамдары ар кайсы динди кармануугa укуктуу экендигине карабастан, тигил же бул конфессияга кандайдыр бир артыкчылыктарды бербөөгө, анын мамлекеттик чечимдерди кабыл алууга таасир көрсөтүшүнө жол бербөөгө тийиш дегендикти билдирет.**

### 2.5.3. Маалымат чогултуу усулдары

Динге таандуулугу же ынанымдар боюнча кодулоо учурлары жөнүндө маалыматты кодулап мамиле жасоодон жабыр тарткан адамдардын өзүнөн же болбосо кодулоонун күбөлөрүнөн сурап-билүү жолу менен алууга болот. Кодулоодон жабыр тарткандардан же алардын күбөлөрүнөн сурап-билүүгө жакшылап даярдануу жана “Мониторингдин жалпы принциптери” деген 1-бөлүмдүн “1.2. Мониторингдин негизги этаптары” деген кичи бөлүмүнүн “1.2.4. Сурап-билүүлөрдү жана фокус-

[68] Ысык-Көл областындагы Ак-Суу районунун Теплоключенка айылынын айыл өкмөтү үчүн 2016-жылдын 28-ноябрындагы (№ 9 иш боюнча), ушул мониторингдин максаттары үчүн даярдалган суроолордун жыйнакчасы. Караңыз: ушул Отчётко тиркеме.
[69] Булак: ИС ПАРАГРАФ, 31.10.2014 12:12:42 www.adviser.kg

топторду жүргүзүү” деген бөлүгүндө айтылган сунуштамалардын баарын эске алуу керек.



Байкоочуга ачык суроолорго (аларга ооба же жок деп жөнөкөй жооп берүүгө болбогон суроолор) артыкчылык берүү жана багыттама суроолордон (белгилүү жоопторду болжолдогон суроолор) качуу керек. Суроолорду берүүнүн жакшы ыкмасы – бул, мисалы, “...эмне болгонун айтып бериңизчи” же “...жөнүндө мага бир аз түшүндүрүп бере аласызбы” деген суроолорду берүү. Көпчүлүк учурларда сезимтал эмес суроолордон баштоо жана кыйла сезимталдарына кийинчерээк гана өтүү сунушталат.

### 2.6. Динге ишенүү жана дин тутуу эркиндиги камтыган башка чөйрөлөр

Динге ишенүү жана дин тутуу эркиндиги камтыган жогоруда саналып өткөн маселелер биротоло болуп саналбайт. Көрсөтүлгөн чөйрөлөрдөн тышкары диний ынанымдар боюнча мөөнөттүү аскердик кызматтан баш тартуу маселелери, жоолуктарды жана диний кийим-кечени кошуп алганда, диний атрбуттарды алып жүрүү маселелери, диний уюмдарга салык салуу жана менчик укугу маселелери да камтылышы мүмкүн. Диний ынанымдар боюнча жек көрүүнүн негизинде зомбулук көрсөтүүнүн ар кандай фактылары дин тутуу жана ынанымдар эркиндигине да туш келиши мүмкүн экендигин белгилей кетүү зарыл.

Эгерде байкоочунун көрсөтүлгөн чөйрөлөрдөгү тартип бузуулардын фактылары жөнүндө же болбосо алардын диний ынанымдары үчүн жарандарга карата зомбулук жана кодулоо жөнүндө маалыматы болсо, анда кийинки консультациялар жана маалымат чогултуунун усулдарын аныктоо үчүн мониторингдин координатору менен байланышуу зарыл болот.

# 3-БӨЛҮМ. ЭКСТРЕМИСТТИК МАТЕРИАЛДАРДЫ САКТООДО АЙЫПТОО БОЮНЧА ИШТЕРДИН МИСАЛЫНДА СОТ ПРОЦЕССТЕРИНИН МОНИТОРИНГИ

Сот процесстеринин мониторингине киришүүдөн мурда кайсы сот иштери байкоого дуушар болорун түшүнүү зарыл. Соттук угууларга түздөн-түз байкоо жүргүзүү дин тутуу эркиндиги укугун сактоонун мониторингинин бүткүл процессинин бир бөлүгү гана болуп саналгандыктан, тандалып алынган иштерге жараша сот процесстерине байкоо жүргүзүү гана жетиштүү болоорлугу же болбостугу жөнүндө маселе каралат. Маалымат чогултуунун анкета жүргүзүү (судьялардан, прокурорлордон, адвоттардан, соттолуучулардан, жабыр тарткандардан, күбөлөрдөн), мыйзамдарды жана ЖМКдагы маалыматтарды

талдоо сыяктуу кошумча усулдары кошумча колдонмону жана убакытты талап кылат.



Сот процесстеринин мониторингинин колдонмолору адилеттүү соттун критерийлерине тиешелүү негизги маселелерден тышкары мыйзамдардан жана практикадан келип чыгуучу кошумча маселелер менен толукталып турат. Мисалы, экстремисттик материалдарды сактоодо күнөөлөө боюнча жазык иштеринде өндүрүшкө жана материалдын экспертизасын берүүгө, соттолуучунун дин тутуу таандуулугуна карабастан теңдиктин жана кодулабоонун принцибине, кеңири чечмелөөдөн качуу үчүн санкциялардын ченемдеринин тактыгына жана дааналыгына ж.б. карата кошумча маселелер болот.

Бул бөлүмдө экстремисттик деп табылган адабиятты сактоого тыюу салынган мыйзамдардын баяндамасы; материалдардын экспертизасын жүргүзүү, сот тарабынан маалыматтык материалдарды экстремисттик же террорчулук деп табуу боюнча өндүрүш менен байланышкан маселелер жана сот процессинин белгилүү бир стадиясында келип чыгышы мүмкүн болгон башка маселелер келтирилет.

## 3.1. Экстремизмдин белгилери камтылган диний адабиятты, башка материалдарды ташып келүүгө, сактоого, жайылтууга тыюу салуу

Кыргыз Республикасынын Конституциясы улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүнү, кодулоого, кастыкка же зомбулукка чакырган гендердик жана башка социалдык артыкчылыкты пропагандалоого тыюу салат[70]. Максаттары жана аракеттери конституциялык түзүлүштүн негиздерин күч менен өзгөртүүгө, мамлекеттин коопсуздугун ыдыратууга, куралдуу түзүмдөрдү түзүүгө, социалдык, расалык, улуттар аралык, этностор аралык жана диний кастыкты козутууга багытталган коомдук бирикмелерди түзүүгө жана алардын ишине да тыюу салынат[71].

“Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамына ылайык аларда конституциялык түзүлүштү өзгөртүүгө, диний чыдамсыздыкка, коомдун адеп-ахлактык негиздерин өзгөртүүгө карата чакырыктар камтылган диний адабиятты, башка басма сөз, укмакөрмөматериалдарды ташып келүүгө, даярдоого, сактоого, ташууга жана жайылтууга тыюу салынат[72].

[70] КРнын Конституциясынын 31-беренесинин 4-б.
[71] КРнын Конституциясынын 4-беренесинин 4-б. 4, 5-пп.
[72] “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 22-беренесинин 2-п.

Диний эсктремизмдин, сепаратизмдин жана фундаментализмдин идеяларын камтыган басма сөз басылмаларын, кинофотоукмакөрмөпродукцияны жана башка материалдарды ташып келүү, даярдоо, сатып алуу, ташуу, жөнөтүү, сактоо жана жайылтуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет[73].

Диний эсктремизмдин, сепаратизмдин жана фундаментализмдин идеяларын камтыган басма сөз басылмаларын, кинофотоукмакөрмөпродукцияны жана башка материалдарды ташып келүүнү, даярдоону, сатып алууну, ташууну, жөнөтүүнү, сактоону жана жайылтууну контролдоону дин иштери боюнча, улуттук коопсуздук жана ички иштер ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары жүзөгө ашырат[74].

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте катталган диний уюмдар мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кайрылуулары боюнча басма сөз басылмаларында, кино, фото, укма-көрмө продукцияда жана башка материалдарда диний экстремизмдин элементтеринин бар экендиги жөнүндө түшүндүрмөлөрдү берүүгө укуктуу[75].

**Мыйзам текстте бул терминдерди пайдалангандыгына карабастан, “диний экстремизм”, “диний радикализм”, “диний экстремизмдин, сепаратизмдин жана фундаментализмдин идеялары” деген түшүнүктөрдүн мазмунун ачып бербегендигин белгилей кетүү керек.**



Жалпыга маалымдоо каражаттарында азыркы конституциялык түзүлүштү күч менен кулатууга же өзгөртүүгө, Кыргыз Республикасынын жана ар кандай башка мамлекеттин эгемендүүлүгүн жана аймактык бүтүндүгүн бузууга карата чакырыктар, ошондой эле согушту, зомбулукту жана катаалдыкты, улуттук, диний өзгөчөлүктү жана башка элдер менен улуттарга чыдамсыздыкты пропагандалоо да, ошондой эле динге ишенгендердин жана дин кызматкерлеринин диний сезимдерин мазактоого жол берилбейт[76].

[73] “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 22-беренесинин 8-п.
[74] “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 22-беренесинин 9-п.
[75] “Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 22-беренесинин 3-п.
[76] 1997-жылдын 5-декабрындагы № 89 “Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 10-беренеси.

## 3.2. Экстремисттик материалдарды сатып алгандык, даярдагандык, сактагандык, жайылткандык, ташыгандык жана жөнөткөндүк үчүн жоопкерчилик

КРнын КЖКсынын 299-2-чи беренесине ылайык экстремисттик материалдарды **сатып алгандык, даярдагандык, сактагандык, жайылткандык, ташыгандык, жана жөнөткөндүк** үчүн жазык жоопкерчилиги каралган, белгилүү бир кызматты ээлөө же иштин белгилүү бир түрүн иштөө укугунан ажыратуу менен үч жылдан беш жылга чейин эркиндигинен ажыратылууга жазаланат.

Төмөнкүлөр: 1) адамдардын тобу тарабынан; 2) кызматтык абалын пайдалануу менен; 3) чет өлкөлүк, коомдук бирикмелерден жана диний уюмдардан же болбосо башка уюмдардан, ошондой эле чет өлкөлүк жарандардан алынган каржылык же башка материалдык жардамды пайдалануу менен; 4) коомдук иш-чараларды өткөрүүдө; 5) мурда экстремисттик мүнөздөгү кылмыш (экстремисттик иш) үчүн соттолгон адам тарабынан жасалган ошол эле жосундар белгилүү бир кызматты ээлөө же иштин белгилүү бир түрүн иштөө укугунан ажыратуу менен жетиден он жылга чейин эркиндигинен ажыратылууга жазаланат.

КРнын КЖКсы бул беренеде пайдаланылуучу “**экстремисттик материалдар**” деген терминди аныктабайт. Демек, . “Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө” КРнын мыйзамына кайрылуу зарыл.

Ошентип, бул мыйзамдын максаттары үчүн “**экстремисттик материалдар”** түшүнүгү колдонулуп[77], ал – экстремисттик ишти жүзөгө ашырууга чакырган же болбосо мындай ишти жүзөгө ашыруунун зарылдыгын негиздеген же актаган, элге жарыялоо үчүн арналган документтер же болбосо башка алып жүрүүчүлөрдөгү маалымат, улуттук жана (же) расалык артыкчылыкты негиздеген же актаган же болбосо кайсы бир этностук, социалдык, расалык, улуттук же диний топту толук же жарым-жартылай жок кылууга багытталган согуштук же башка кылмыштарды жасоонун практикасын актаган жарыялоолор”.

Мыйзамдын ошол эле беренесинде **“экстремисттик иш (экстремизм)”** түшүнүгү берилет:

1) коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын же болбосо башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан жалпыга маалымдоо каражаттарынын же болбосо аракеттери төмөнкүлөрдү пландаштыруу, уюштуруу, даярдоо жана жасоо боюнча багытталган жеке жактардын иши:

[77] “Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 1-беренеси.

- конституциялык түзүлүштүн негиздерин күч менен өзгөртүүнү жана Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүн бузууну;
- Кыргыз Республикасынын коопсуздугун ыдыратууну;
- бийликтик ыйгарым укуктарды басып же ыйгарып алууну;
- мыйзамсыз куралдуу түзүмдөрдү түзүүнү;
- террорчулук ишти жүзөгө ашырууну;
- расалык, улуттук же диний араздашууну, ошондой эле күч колдонуу же күч колдонууга чакыруу менен байланышкан социалдык араздашууну козутууну;
- улуттук беделди басмырлоону;
- идеологиялык, саясий, расалык, улуттук же диний жек көрүүнүн же болбосо кастыктын жүйөлөрү боюнча, ошого тете кайсы бир социалдык топко карата жек көрүүнүн же болбосо кастыктын жүйөлөрү боюнча жапырт тартипсиздикти, ээнбаштык аракеттерди жана вандализм актыларын жүзөгө ашырууну;
- алардын динге карата мамилесинин белгиси, социалдык, расалык, улуттук, диний же тилдик таандуулугу боюнча жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же болбосо кемчиликдигин пропагандалоону;

2) улутчулдук атрибуттарын же символдорун же болбосо улутчулдук атрибуттары же символдору менен аралашып кетүү даражасына чейин окшош атрибуттарды же символдорду пропагандалоо же көпчүлүк алдында көрсөтүү;

2-1) экстремисттик уюмдун атрибуттарын же символдорун пропагандалоо;

3) көрсөтүлгөн ишти жүзөгө ашырууга же көрсөтүлгөн аракеттерди жасоого көпчүлүк алдында чакыруу;

4) көрсөтүлгөн ишти каржылоо же болбосо көрсөтүлгөн аракеттерди жүзөгө ашырууга же жасоого башкача көмөк көрсөтүү, анын ичинде көрсөтүлгөн ишти жүзөгө ашыруу үчүн каржы каражаттарын, кыймылсыз мүлктү, окутуу, полиграфиялык жана материалдык-техникалык базаны, телефондук, факсимилдик жана байланыштын башка түрлөрүн, маалыматтык кызматтарды, башка материалдык-техникалык каражаттарды берүү жолу менен.

Мыйзамдын 13-беренесине ылайык КРнын аймагында мыйзамдын 1-беренесинин биринчи бөлүгүндө каралган белгилердин бирин гана камтыган басма сөз, укма-, укмакөрмө жана башка материалдарды **бастырып чыгарууга, сактоого, ташууга жана жайылтууга** тыюу салынат[78].

Мындай материалдарга төмөнкүлөр таандык болот:

[78] Мыйзамдын 1-беренесинин түзүмүнө көңүл буруу зарыл. Ал мыйзам жазуу техникасына ылайык келбейт. Ошондуктан жалпысынан 1-беренеге шилтеме жасоо туурараак болмок.

а) тыюу салынган экстремисттик уюмдардын расмий материалдары;

б) тынчтыкка жана адамгерчиликке каршы кылмыштар үчүн эл аралык-укуктук актыларга ылайык соттолгон адамдар авторлору болуп саналган жана мыйзамдын 1-беренесинин биринчи бөлүгүндө каралган белгилерди камтыган материалдар;

в) ар кандай башка, анын ичинде аты аталбаган, мыйзамдын 1-беренесинин биринчи бөлүгүндө каралган белгилерди камтыган материалдар.

## 3.3. Маалыматтык материалдарды экстремисттик деп табуу боюнча өндүрүш

КРнын ЖПКсынын 25-1-главасына жана “Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 13-беренесине ылайык маалыматтык материалдар аларды табуунун, жайылтуунун орду же мындай материалдарды өндүрүүнү жүзөгө ашырган уюмдун турган жери боюнча, материалдарды экстремисттик деп табуу жөнүндө талап билдирген прокурордун арызынын негизинде иштердин айрым категориялары боюнча өндүрүштүн өзгөчөлүктөрү менен сот тарабынан экстремисттик деп табылат. Сот тарабынан доону камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү үчүн каралган тартипте маалыматтык материалдарга жетүүнү убактылуу чектөөгө жол берилет.

КРнын ЖПКсынын 211-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык маалыматтык материалдарды экстремисттик же террорчулук деп табуу жөнүндө арыздар боюнча соттор тарабынан чыгарылган чечимдер жарыяланган учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет. Башача айтканда, иштердин бул категориясы боюнча биринчи инстанциядагы соттордун актылары ЖПКнын 323-беренесине ылайык аппеляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн эмес. ЖПКнын 261-3-беренесине ылайык соттун чечими ЖПКнын 40-главасында каралган тартипте даттанылышы мүмкүн.

Маалыматтык материалдарда мыйзамдын 1-беренесинин биринчи бөлүгүндө каралган белгилердин болгондугун белгилөө жөнүндө соттун чечими тираждын **сатылып кете элек** бөлүгүн алып коюу үчүн негиз болуп саналат. Экстремисттик материалдарды кайталап **басып чыгарууну** жүзөгө ашырган уюм басма ишин жүргүзүү укугунан ажыратылат.

Бирок көрсөтүлгөн 40-главада ЖПКнын 351-беренеси менен биринчи инстанциядагы соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген, аппеляциялык тартипте даттанылбаган актылары кассациялык тартипте кайра каралууга жатпай тургандыгы каралган. Бул ченем 211-берене менен биргелешип, ишти жогору турган сот тарабынан кайталап кароонун конституциялык укугунан иш жүзүндө ажыратат (КРнын Конституциясынын 20-бер. 5-б. 3-п.).

Материалдарды экстремисттик материалдардын тизмесине киргизүү жөнүндө чечим белгиленген тартипте сотко даттанылышы мүмкүн. Экстремисттик материалдардын тизмесине киргизилген материалдар КРнын аймагында жайылтылууга жатпайт.

Маалыматтык материалдарды экстремисттик деп табуу жөнүндө мыйзамдуу күчүнө кирген соттук чечимдин көчүрмөсү **юстиция чөйрөсүндөгү аткаруу бийлик органына** жиберилет. Экстремисттик материалдардын тизмеси ЖМКларда, ошондой эле **экстремисттик ишке каршы аракеттенүүнү жүзөгө ашыруучу юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын** интернет-сайттарында мезгил-мезгили менен жарыяланып турууга жатат.

## 3.4. Дин таануучулук экспертизанын маселелери[79]

Соттук териштирүүлөрдө экспертиза жүргүзүү маселелери көп жолу көтөрүлүп, буга байланыштуу байкоочуларга экспертизалардын түрлөрү жана аны жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу органдар жөнүндө маалыматты билүү зарыл болот.

Иштердин көрсөтүлгөн категориялары боюнча дин таануучулук жана комплекстүү психологиялык-лингвисттик экспертизанын тыянактарынын маанилүүлүгүн, ошондой эле экспертизалардын натыйжалары боюнча диний уюмдар менен башка жеке жана юридикалык жактар үчүн келип чыгышы мүмкүн болгон санкциялардын жана башка кесепеттердин (мисалы, мамлекеттик каттоодон баш тартуу, диний уюмдардын иштери боюнча сот инстанцияларынын тиешелүү чечимдери) олуттуулугун эске алып, мындай изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн КР мыйзамдарына ылайык тартибин жана шарттарын так аныктоо зарыл.

### 3.4.1 Мамлекеттик дин таануучулук экспертиза

**Мамлекеттик дин таануучулук экспертизаны** жүргүзүүнүн тартиби жана шарттары "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамында аныкталган. Диний мазмундагы уюштуруу документтеринин, ошондой эле башка документтердин, рухий (диний) билим берүү программаларынын, диний мазмундагы маалыматтык материалдардын жана диний арналыштагы буюмдардын КРнын мыйзамдарына ылайыктыгын белгилөө максаттарында мамлекеттик дин таануучулук экспертизаны "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамына ылайык КРнын Президентинин карамагында турган Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын (мындан ары – ДИМК) атынан дин иштери боюнча мамлекеттик орган дайындайт.

[79] Кыргыз Республикасында дин таануучулук жана комплекстүү соттук психологиялык-лингвисттик экспертиза жүргүзүү боюнча усулдук жетекчилик . Бишкек, 2017.

Мамлекеттик дин таануучулук экспертиза (мындан ары – МДЭ) ДИМКтин алдында иштөөчү дин таануу эксперттик тобу (мындан ары – эксперттик топ) тарабынан жүргүзүлүп, ал дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты түзүү жана ишке ашыруу боюнча ишти жүзөгө ашырат жана дин жаатындагы КРнын мамлекеттик органдарынын ишин координациялайт. ДИМК төмөнкү учурларда МДЭ жүргүзүүнү дайындайт:

1) диний уюмдарды, чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларын (өкүлчүлүктөрүн) (мындан ары – миссиялар) эсептик каттоо же кайра каттоо жөнүндө арыз келип түшкөндө,

2) миссиялардын ишин токтотуу жөнүндө чечим кабыл алуу үчүн;

3) диний адабиятты, башка басма сөз, укмакөрмөматериалдарды өндүргөндө, сатып алганда, сактаганда, ташып келгенде, ташып кеткенде жана жайылтканда;

4) диний адабият китепкана фонддоруна келип түшкөндө.

Экстремизмдин белгилери табылган учурда МДЭнин эксперттери экспертиза жүргүзүүнү токтотот жана ДИМКке жазуу жүзүндө маалымдайт, андан ары ДИМК комплекстүү экспертиза жүргүзүү үчүн тиешелүү компетенттүү органдарга өткөрүп берүүгө тийиш.

Төмөнкүлөр МДЭнин объекттерине таандык кылынат:

1) диний уюмдарды, чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларын (өкүлчүлүктөрүн) каттоо же кайра каттоо үчүн берилген уюштуруу документтери;

2) диний адабият, башка басма сөз, укмакөрмөматериалдар;

3) диний мазмундагы документтер (миссиянын түзүмүн, дин окуусунун негиздерин, диний практикасын аныктоочу документтер, ошондой эле диний иштин түрлөрүн жана усулдарын мүнөздөөчү документтер).

### 3.4.2. Соттук дин таануучулук экспертиза жана комплекстүү соттук психологиялык-лингвисттик экспертиза

Өз алдынча бир түрдүү экспертиза катары, ошондой эле комплекстүү соттук психологиялык-лингвисттик экспертизанын алкагында **соттук дин таануучулук экспертиза** жүргүзүүнүн тартиби жана шарттары ГПКда, ЖПКда, АЖжКда (негизги аббревиатуралардын тизмесин жогоруда караңыз), "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө", "Соттук-эксперттик иш жөнүндө",

“Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө” КРнын мыйзамдарында, 2014-жылдын 17-мартындагы № 132 “КРдагы соттук-эксперттик иштин айрым маселелери жөнүндө” КРнын Өкмөтүнүн токтомунда, КРнын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматта соттук экспертизаларды жүргүзүү жөнүндө нускамада аныкталган. **Ал экспертиза жазык, жарандык иштер жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүшкө байланыштуу дайындалат.**

**Комплекстүү соттук психологиялык-лингвисттик экспертиза** (мындан – КСПЛЭ) КРнын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызмат (мындан ары – МСЭК) жана башка соттук-эксперттик уюмдар, эксперттер тарабынан соттук-эксперттик иш жөнүндө мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт.

КСПЛЭ объекттерине МДЭнин объекттери, ошондой эле ар кандай алып жүрүүчүдө (кагазда, электрондук түзүлүштө, бул текстти чагылдырган ар кандай форматтагы файл болушу мүмкүн) камтылган текст, жазуунун ар кандай алып жүрүүчүлөрүндө (укма- жана көрмөфонограммалар) чагылдырылган оозеки сүйлөөлөрдүн (митингде, телеберүүдө, ар кандай башка иш-чарада) жазуулары, көрмө- жана кинофильмдер, көрмөсюжеттер, Интернеттеги укмакөрмөпродукт ж.б. таандык кылынат.

Комплекстүү экспертизанын милдеттерине төмөнкүлөр кирет :

- текстте белгилүү бир аракеттерге чакырыктардын бар экендигин белгилөө;
- текстте пропагандалоонун (улуттук, диний, тилдик, расалык артыкчылыкты, өзгөчөлүктү же кемсинтүүнү) бар экендигин белгилөө;
- текстте террорчулукту актоонун же экстремисттик ишти негиздөөнүн бар экендигин белгилөө;
- кептик аракеттердин (тексттин) араздашууну, кастыкты, жек көрүүнү, адамдын кадыр-баркын кемсинтүүнү, белгилүү бир белгилер (жыныс, раса, улут, дин ж.б.) боюнча мазактоону козгоого багытталгандыгын белгилөө.

Эгерде изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн психология, филология жана дин таануу жаатындагы билимдер зарыл болсо, КСПЛЭ дайындалат. Ал өз компетенциясынын чектеринде тиешелүү адистиктердеги эксперттер тарабынан жүргүзүлөт. Ар бир эксперт изилдөөлөрдү өзүнүн атайын билимдеринин чектеринде жүргүзөт ( 2013-жылдын 24-июнундагы №100 “Соттук-эксперттик иш жөнүндө” КРнын Мыйзамынын 27-бер.). Соттук эксперттерге карата талаптар “Соттук-эксперттик иш жөнүндө” КРнын Мыйзамында белгиленип, атап айтканда, 14-беренеде соттук эксперт катары мамлекеттик соттук эксперт, мамлекеттик эмес соттук эксперт же зарыл атайын билимдерге ээ башка адам чыга алаары айтылган. Өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруу тартибинде соттук экспертизаны жүргүзгөн

соттук-эксперттик уюмдун кызматкери мамлекеттик жана мамлекеттик эмес соттук эксперт болуп саналат.

Укук коргоо органдарынын бөлүмчөлөрүнүн эксперттерин кошпогондо, мамлекеттик соттук эксперт мамлекеттик кызматчы болуп саналбайт.

Соттук эксперт катары ишке катышуу үчүн тартылган, кайсы бир соттук-эксперттик уюмдун штатында турбаган адам соттук экспертизаны аны дайындаган органдын (жактын) тапшырмасын аткаруу тартибинде КРнын мыйзамдарына ылайык жүргүзөт. Соттук дин таануучулук экспертиза жүргүзүү ДИМКке тапшырылышы мүмкүн эмес, анткени бул органдын соттук экспертиза жүргүзүүгө ыйгарым укугу жок, бирок ДИМКтин кызматкерин соттук эксперт катары тартууга болот.

Дин таануучулук экспертиза жүргүзүүдө кайсы бир конфессиянын өкүлү эксперт же эксперттик топтун мүчөсү болуп саналышына жол берилбейт. Иш жүзүндөгү диний атаандаштык болгондо мамлекеттик эксперттин же болбосо консультант адистин иш-милдеттерин конфессиялардын биринин өкүлүнө берүү башка дин окууларынын алдын-ала белгилүү жана төп келбеген баа берүүсүн пайда кылышы мүмкүн, анткени ой жүгүртүүнүн калыптанып калган стандарттары көп учурларда көндүм конфессиялык көз караштардын деңгээлинен жогору турууга кедерги болот, ал эми бул өз кезегинде конфессиялар аралык чыр-чатактарга түрткү болушу мүмкүн. Ошондой эле диний уюмдардын өкүлдөрүн консультанттар катары ишке тартуу максатка ылайык келбейт.

### 3.4.3. Экспертиза жүргүзүү жана анын натыйжаларын жол-жоболоштуруу:

(1) биринчи этапта ага экспертиза жүргүзүү тапшырылган эксперт өзүнө берилген материалдарды иликтейт. Экспертиза жүргүзүү үчүн зарыл материалдар болбогондо ал экспертиза дайындаган органга ( жакка) тиешелүү өтүнүч билдирет;

(2) экинчи этапта изилдөө жүргүзүлүп, анын усулун эксперт өз алдынча тандап алат. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжалары боюнча эксперт эксперттин корутундусун же корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүнү түзөт.

Эксперттин корутундусу, корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө билдирүүдөй эле эксперт эркин билген тилде жазуу жүзүндө түзүлөт. Ал үч бөлүктөн – киришүүдөн, изилдөөдөн жана жыйынтыктан (тыянактан) турат. Корутундунун киришүү бөлүгүнүн текстинде төмөнкүлөр келтирилет:

- эксперттин түшүнүк каты,
- экспертизанын аталышы, экспертиза жүргүзүү орду, анын номери,
- материалдар экспертизага келип түшкөн дата,

- изилдөөнүн башталыш жана аяктоо датасы,
- экспертиза жүргүзүү үчүн негиз (экспертизаны дайындаган органдын/жактын чечими, чечим чыгарылган дата),
- экспертизага келип түшкөн материалдардын аталыштары, жеткирүү ыкмасы, таңгактоо түрү жана  изилденүүчү объекттердин реквизиттери,
- эксперт/эксперттер жөнүндө маалыматтар: фамилиясы, аты-жөнү, билими, адистиги ( жалпы жана эксперттик) кызматы, эксперттик иш стажысы,
- экспертиза жүргүзүүдө катышкан адамдар жөнүндө маалыматтар (фамилиясы, аты-жөнү, процесстик абалы),
- иштин корутунду берүү үчүн мааниси бар жана эксперт башкы маалымат катары кабыл алган жагдайлары,
- аны түзүүнүн жана жооп алуунун датасын, анын кароонун натыйжаларын көрсөтүү менен жиберилүүчү өтүнүчтөр жөнүндө маалымат,
- эксперттин чечүүсүнө коюлган маселелер,
- маселе чечүүгө кабыл алынбагандыгы жөнүндө атайын белги, анткени эксперттин компетенциясына ылайык келбейт (маселени чечүү үчүн атайын билимдер талап кылынбаганда же болбосо маселе башка адистиктеги эксперттин компетенциясына киргенде).

Эксперттин демилгеси боюнча коюлган маселелер экспертиза дайындоо жөнүндө чечимде коюлган маселелерден кийин киришүү бөлүгүндө баяндалат. Кайталанган экспертизада корутундунун киришүү бөлүгүндө экспертиза кайталанып жаткан болуп саналары белгиленип, ошондой эле алгачкы экспертиза жөнүндө төмөнкү маалыматтар баяндалат: корутундунун номери жана датасы, алгачкы экспертиза жүргүзгөн эксперт/эксперттер жөнүндө маалыматтар, алгачкы экспертизанын/экспертизалардын тыянактары жана кайталанган экспертиза дайындоонун жүйөлөрү. Кошумча экспертизанын киришүү бөлүгүндө экспертиза кошумча болуп саналары белгиленет. Комплекстүү изилдөө жүргүзгөн эксперттердин корутундусунун киришүү бөлүгүндө экспертиза комплекстүү болуп саналары белгиленип, аны жүргүзүүнүн орду жана ар бир эксперт тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөтүлөт.

Изилдөө бөлүгүндө изилдөө процесси жана анын натыйжалары баяндалып, белгиленген фактыларга илимий түшүндүрмөлөр берилет. Баяндоо так, түшүнүктүү болууга, өз түзүмү боюнча чечилип жаткан маселелерге ылайык келүүгө тийиш. Пайдаланылып жаткан атайын терминдер түшүндүрүлүүгө тийиш. Изилдөө бөлүгүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- эксперттик изилдөөнүн объекттеринин абалы,
- эксперттик изилдөөнүн усулдары менен аларды колдонуунун техникалык шарттары жана алынган натыйжалар,

- коюлган маселелерди чечүүдө эксперт жетекчиликке алган материалдарга, ошого тете изилдөө жүргүзүүдө пайдаланылган адабий булактарга (иштин автору, аталышы, бастырылып чыгарылган жери жана жылы), интернет-булактарга шилтемелер,
- тиркемелерге шилтемелер жана аларга карата зарыл түшүндүрмөлөр,
- изилдөөнүн айрым этаптарына жана тиешелүү тыянактарды туюндуруу үчүн негиз катары бардык алынган натыйжаларга жалпысынан эксперттик баа берүү.

Эгерде экспертиза дайындаган жак тарабынан коюлган айрым маселелерге маңызы боюнча жооп берүүгө мүмкүнчүлүк болбосо, себептери көрсөтүлөт. Эгерде кошумча экспертиза жүргүзүүдө ал тарабынан ошол эле усулдар жана каражаттар пайдаланылса жана алгачкы экспертиза жүргүзүүдөгүдөй эле натыйжаларга жетишилсе, кошумча экспертизанын корутундусунун изилдөө бөлүгүндө эксперт изилдөөнүн жүрүшүн жана натыйжаларын баяндабастан, алгачкы экспертизанын корутундусунун тиешелүү бөлүмдөрүнө шилтеме жасашы мүмкүн. Кайталанган экспертизанын корутундусунун изилдөө бөлүгүндө эксперт, эгерде андайлар орун алса, баштапкы экспертизанын тыянактары менен төп келбөөнүн себептерин көрсөтөт.

Эксперттин тыянактары анын алдына коюлган маселелерге жооптор түрүндө баяндалат. Ар бир коюлган маселеге маңызы боюнча жооп берилет же болбосо аны чечүүнүн мүмкүн эместигинин себеби көрсөтүлөт. Комплекстүү экспертизаларды жүргүзүүдө эксперттердин жалпы тыянагынын алдында айрым эксперттердин жеке жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча туюндурулган жеке тыянактары болушу мүмкүн. Тыянактарды экспертиза боюнча жалпы (синтезделген) тыянакты туюндурууга катышпаган эксперттер да туюндурат. Тыянактардын ирети жүргүзүлгөн изилдөөнүн тартибине ылайык келүүгө тийиш. Экспертке алар боюнча маселелер коюлбаган, бирок изилдөө процессинин жүрүшүндө ал тарабынан белгиленген жагдайлар жөнүндө тыянактар корутунду жоболордо баяндалат.

Тыянактар так жана даана, ар кандай чечмелөөгө жол бербеген тил менен баяндалат. Эгерде тыянак изилдөө бөлүгүндө баяндалган жана коюлган маселеге биротоло жоопту камтыган изилдөөнүн натыйжаларын кеңири баяндабастан туюндурулушу мүмкүн болбосо, корутундунун изилдөө бөлүгүнө шилтеме жасоого жол берилет. Тыянактар так жана ыктымалдуу болушу мүмкүн. Так тыянак эксперттин факт жөнүндө айкын, анык билимдерин камтыйт. Ыктымалдык түрүндөгү тыянак жарым-жартылай негизделген болот жана коюлган маселенин башкача чечилишинин мүмкүн экендигин көрсөтүү менен белгиленип жаткан фактынын ыктымалдыгынын негизинде эксперт тарабынан туюндурулат.

Ыктымалдык тыянак өз алдынча далилдик мааниге ээ болбойт. Корутундунун ар бетине эксперт (эксперттер) кол коет.

Комиссиялык экспертизаларды жүргүзүү адистиги бир же андан ашык эксперттерге тапшырылат. Эксперттердин жетекчиси башка эксперттердин ишин координациялоону комиссиянын мүчөлөрүнүн бирине жүктөйт. Эксперттер комиссиясы мүмкүн болушунча экспертизанын материалдары менен бир убакта таанышып, объекттерди кароону жүргүзөт. Эксперттердин ар бири толук көлөмдө бардык берилген материалдарды толук көлөмдө зарыл изилдөөлөрдү жүргүзүп, андан кийин эксперттер жасалган иштин натыйжалары жөнүндө өз ара кеңешет.

Комплекстүү экспертизаларды жүргүзүү адистиги ар кандай эки же андан ашык эксперттерге тапшырылат. Комплекстүү экспертизага катышкан эксперттердин ар бири берилген материалдарды зарыл изилдөөлөрдү өздөрүнүн атайын билимдеринин негизинде жүргүзөт жана эксперттин алдына коюлган маселеге жооп берүү үчүн негиздер катары жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларына баа берет. Өз кезегинде комиссия изилдөөгө катышкан эксперттердин ар бири аны менен макул болгон шартта жалпы корутунду берет. Эксперттердин биринин өзгөчө пикиринин учурлары атайын айтылат.

Жеке изилдөөлөргө баа берүүнүн натыйжалары жана бул негизде жасалган жеке тыянактар да өзүнчө баяндалат (арадагы синтездөөчү бөлүк). Комплекстүү изилдөөнүн натыйжаларына биргелешип баа берүү түздөн-түз тыянактардын (жалпы синтездөөчү бөлүк) алдында изилдөө бөлүгүнүн аягында баяндалат. Ар бир эксперт жалпы корутундуга же болбосо ал өзү жеке жүргүзгөн изилдөөнүн жүрүшүн жана натыйжаларын чагылдырган бөлүгүнө кол коюуга укуктуу. Комплекстүү экспертиза боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжаларына кеңешме өткөрүүнүн жүрүшүндө эксперттер тарабынан баа берилет, баа берүүнүн натыйжалары боюнча жалпы тыянак туюндурулат. Комиссиянын жалпы корутундусу менен макул болбогон эксперттер пикирлердин төп келбегендигинин жүйөсүн анда көрсөтүү менен өзүнчө корутунду берет.

Эгерде экспертиза дайындоо жөнүндө чечимде көрсөтүлгөн маселелердин бирине да эксперт маңызы боюнча (жок дегенде жарым-жартылай) жооп бере албаса, корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө билдирүү түзүлүп, ал төмөнкү үч бөлүктөн - киришүү, жүйөлөштүрүү жана корутунду бөлүктөрдөн турат. Корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө билдирүүнүн киришүү бөлүгү эксперттин корутундусунун киришүү бөлүгүнө окшош болот. Жүйөлөштүрүү бөлүгүндө корутунду берүүнүн мүмкүн эместигинин себептери кеңири баяндалат. Корутунду бөлүктө эксперттин алдына коюлган ар бир маселе боюнча жооп берүүнүн мүмкүн эместиги көрсөтүлөт.

Эксперт экспертиза дайындаган органга төмөнкү учурларда коюлган маселе боюнча корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө билдирет:

- эгерде бул тоскоолдукту четтетүү мүмкүн болбосо, экспертке берилген материалдардын корутунду берүү үчүн жараксыздыгынын же жетишсиздигинин айынан,
- коюлган маселе эксперттин атайын билимдеринин чегинен чыгып кеткенде,
- эгерде изилдөөнүн кичи усулдарынын жана усулдарынын азыркы деңгээли коюлган маселени бир мааниде чечүүгө мүмкүнчүлүк бербесе,
- коюлган маселени чечүүнүн илимий иштелип чыгарылган усулу болбогон учурда,
- эгерде аныкталган белгилердин жыйындысы карама-каршы жана маселени маңызы боюнча чечүү үчүн жетишсиз болсо.

Эгерде экспертиза дайындоо жөнүндө токтомдо (аныктамада) көрсөтүлгөн бир маселелер боюнча эксперт корутунду берсе, ал эми башкалары боюнча корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө билдирүү үчүн негиз болсо, бирдиктүү документ – эксперттин корутундусу түзүлөт. Эксперттик изилдөөнүн объекттери болгон буюмдар жана документтер эксперттин тиешелүү белгилери менен таңгакталган жана мөөр басылган түрдө экспертиза дайындаган органга/жакка корутунду же корутунду берүүнүн мүмкүн эместиги жөнүндө билдирүү менен бирге кайтарылып берүүгө жатат.

# ТИРКЕМЕЛЕР

## 1-тиркеме. Дин тутуу эркиндигине укуктун сакталышынын мониторинги боюнча байкоочу үчүн эскерме

1. Мониторинг – бул тандалып алынган жаатта адам укуктарын бузуулардын түрлөрү жана алардын жасалышынын жыштыгы менен байланышкан мүмкүн болушунча эң биротоло маалыматтарды активдүү, максатка багытталган жана пландуу чогултуу менен иштеп чыгуу жана ал маалыматтар боюнча иш жүзүндөгү абалды баяндоону түзүү.
2. Мониторинг терең калыс, илимий мүнөздө болот. Ал айыптоочу же коргоочу тараптын, байкоочунун, мамлекеттик же өкмөттүк эмес уюмдун кызыкчылыктарына өкүл болбоого тийиш. Мониторинг боюнча адистер адам укуктары жаатындагы бардык окуяларды эч кимге тартпастан документтештирүүгө тийиш. Алар изилденип жаткан маселелердин ар кандай жактары жөнүндө маалымат алууга жана өздөрү документтештирип жаткан учурлар жана окуялар тууралуу болгон бүткүл маалыматты кароого тийиш. Алар жеке сезимдерине же пикирлерине өз иштерине таасир көрсөтүшүнө мүмкүнчүлүк бербөөгө тийиш.
3. Маалымат **дыкат жана жакшылап** чогултулууга, **так жана анык болууга** тийиш. Мониторинг боюнча адис өзү байкоо жүргүзүп жаткан кырдаал жөнүндө изилдөөнүн колдонмосунда белгиленген жана мониторинг тобунун координатору койгон бардык негизги суроолорго жооп бергендей жетиштүү маалымат чогултууга тийиш.
4. **Зыян келтирбе** принцибин сактоо. Мониторингдин убагында өздөрү менен иштеген адамдар үчүн коркунучту шартташы мүмкүн болгон аракеттерден бардык ыкмалар менен карманууу зарыл. Атап айтканда, маалымат берген адамдардын коопсуздугун эске алуу, ошондой эле мүмкүн болуучу коопсуздук коркунучтарынын проблемасын чечүү үчүн тиешелүү чараларды көрүү керек.
5. Дин уюмдарын каттоо, дин атрибуттарын алып жүрүү, динге ишенгендерди көмүү, диний адабиятты сактоо (экстремисттик материалдарды сактоо боюнча), улуттук, расалык же диний кастыкты козутууга, улуттук ар-намысты басмырлоого багытталган аракеттерже шектелген иштер, ошого тете граждандардын динге карата мамилесинин, улуттук (этностук) же расалык таандыктыгынын белгилери боюнча өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же болбосо начардыгын пропагандалоого айыпталган иштер сыяктуу дин тутуу эркиндиги менен байланышкан бардык процесстер мониторингге жатат. Акыркы окуяларга байланыштуу миссионердик иш (анын ичинде даваат) өткөрүү да туш болот.
6. Мыйзам тарабынан корголуучу жашыруун сырды камтыган маалыматтарды, ошондой эле жетүүгө чек коюлган маалыматты сактоо. Констуцияга жана процесстик мыйзамдарга ылайык бир гана ачык сот процесстерге байкоо жүргүзүүгө укук берилген. Андан тышкары, эгер байкоо жүргүзүлүп жаткан

жазык иши тергөөнүн стадиясында болсо,анда КР ЖПК 173 беренесине ылайык "жазык иштери боюнча тергөөнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар ачыкка чыгарылбоого тийиш".

7. Аракеттердин алгоритми:
   a. Байкоочу туура келген кейсти табат,
   b. Кейс жөнүндө кыскача маалыматты, башкача айтканда иштин фабуласын же жазык ишин козгоо жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн, же иштин жагдайлары баяндалган башка документти макулдашуу үчүн мониторинг тобунун координаторуна жана дин тутуу эркиндиги боюнча экспертке жиберет,
   c. Координатор жана эксперт тарабынан ырасталганда байкоочунун кызматтарын көрсөтүүгө контрактка кол коюу үчүн долбоордун ассистенти менен байланышат,
   d. Координатордон мониторингдин колдонмолорун (документтердин пакетин) алат жана баштапкы нускама жүргүзүүнү өтөт,
   e. Документтердин толтурулган пакетин толтуруу мерчеми боюнча координаторго жиберет.
8. Мониторинг процессинде байкоочудан төмөнкүлөр кирген мониторингдин колдонмолорун дыкат, жакшылап жана анык толтуруу талап кылынат:
   a. Мониторингдин карталары;
   b. Сурап-билүү үчүн анкеталар;
   c. Зарыл болгондо келип чыгышы мүмкүн болгон башка файлдар жана документтер.

Мониторингдин колдонмолорун тиркемеден караңыз.

9. Байкоочу тарабынан координаторго берилүүчү отчётко жана документтердин пакетине төмөнкүлөр кирүүгө тийиш:
   a. Иш жөнүндө жалпы маалымат (иштин тараптары жөнүндө, иш кайсы стадияда экендиги);
   b. Мониторинг картасы;
   c. Иштин катышуучуларынан сурап-билүү анкеталары;
   d. Иштин материалдарынын көчүрмөлөрү (кагаз түрүндө жана электрондук).
   e. Талдоодо фактыларды ырастоо үчүн зарыл болушу мүмкүн болгон ар кандай материалдар.
10. Колдонмолорду толтурууда бардык пункттарды толтуруу же болбосо толук көлөмдө толтурууга мүмкүнчүлүк бербеген себептерди эскертүүдө көрсөтүү маанилүү. **Андай болбогон учурда документтердин пакети акы төлөнүүгө кабыл алынбайт.**
11. Келип чыккан маселелерди жана проблемаларды чечүү үчүн сиз мониторинг тобунун координатору менен жумуш күнүнүн ичинде 9.00дөн 17.00гө чейин байланыша аласыз. Ишемби, Жекшемби – дем алуу күндөрү. Токтоосуз

кийлигишүүнү талап кылган өзгөчө учурларда гана координатордун консультациясына жол берилет.

**Байланыш маалыматтары:**

| Кызматы | Аты | Байланыштары | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| Мониторинг тобунун координатору | | | Мониторингдин бүткүл мезгилинин ичинде мониторинг жүргүзүүгө байланышкан бардык маселелер боюнча |
| Дин тутуу эркиндиги боюнча консультант | | | Сот иштерин тандап алуунун баштапкы этабында мониторингдин максаттарына ылайык келүү учуруна |
| Программалык ассистент | | | Контрактка кол коюуда жана акы төлөө жүргүзүүдө |
| Долбоордун координатору | | | Координатордун, эксперттин жана ассистенттин иши боюнча талаш маселелер, комментарийлер пайда болгон учурда |

12. Бул мониторинг боюнча ар кандай кат алышууда мониторинг тобунун координаторунун, эксперттин, ассистенттин жана долбоордун координаторунун көчүрмөсүнө коюлсун.

## 2-тиркеме. Мониторингдин колдонмолору

### 2.1. Белгилүү бир жазык иши боюнча мониторинг жөнүндө маалымат

*соттук документтер тиркелсин

*компьютерде толтурулсун

| |
|---|
| Байкоочунун аты-жөнү ______________________________ |
| **Сот жөнүндө маалымат**<br>Соттун аталышы /Карап жаткан судья (1-кур.) ____________________<br>Соттун/докладчы-судьянын аталышы (2-кур.) ____________________<br>Соттун/докладчы судьянын аталышы (3-кур.) ____________________<br>КРнын КЖКсынын _________, ___________, ___________ -беренеси боюнча иш<br>Коргоо тарабынын (айыпкер, соттолуучу, коргоочу) аты-жөнү<br>______________________________<br>Айыптоо тарабы ______________________________ |
| **Иштин фабуласы (иштин маңызы):**<br>______________________________<br>______________________________<br>Маалымат алуунун кандай усулдары пайдаланылгандыгы кыскача (сот отурумунда болуу, процесстин катышуучуларына анкета жүргүзүү (кимисине), документтерди талдоо ж.у.с.):<br>______________________________<br>______________________________<br>Мониторингдин алкагында байкоочу тарабынан аныкталган проблемалар (Процесстик кандай бузуулар болгон? Бул эмне менен ырасталат? Процесстин катышуучулары же судья тарабынан кандайдыр бир аракеттер көрүлгөнбү). Мыйзамдардын ченемдерине шилтеме жасоо менен кеңири.<br>______________________________<br>______________________________<br>______________________________ |

## 2.2. Соттон тышкаркы кейстердин мониторинги жөнүндө маалымат (сотко чейин келип чыккан жана чечилүүчү маселелер боюнча)

* документтер тиркелсин
* компьютерде толтурулсун

Байкоочунун аты-жөнү ___________________________________________

**Иштин фабуласы (проблеманын маңызы):**

_______________________________________________________________

_______________________________________________________________

Маалымат алуунун кандай усулдары пайдаланылгандыгы кыскача (иш-чараларга, чогулуштарга, отурумдарга баруу, катышуучуларга, маалыматка ээ болгон адамдарга (кимисине) анкета жүргүзүү, документтерди талдоо ж.у.с.):

_______________________________________________________________

_______________________________________________________________

Мониторингдин алкагында байкоочу тарабынан аныкталган проблемалар (кандай бузуулар болгон? Дин тутуу эркиндиги жана ынанымдар менен бул кандайча байланышкан? Бул эмне менен ырасталат? Проблеманы чечүү боюнча катышуучулар тарабынан кандайдыр бир аракеттер көрүлгөнбү).

_______________________________________________________________

_______________________________________________________________

## 2.3. Жазык иштери боюнча сот процессине байкоо жүргүзүүнүн картасы

А. Сотко чейинки укуктар

**Эгерде маалымат үчүнчү жактардан алынса, анда кимден экенин көрсөтүү керек:** ___________________________________________

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Соттолуучу качан, кайсы жерде жана ким тарабынан кармалган? | | |
| 2 | Кайсы жерде жана канча убакыттын ичинде кармалган? | | |
| 3 | Шектүүнү тергөөдө коргоочу болгонбу (100-бер.)? | Ооба | Жок |

<table>
<tr><td>4</td><td>Тергөөдө тергөөчүдөн жана коргоочудан башка адамдар болгонбу?</td><td colspan="2">Ооба</td><td>Жок</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Кармалгандын туугандарына маалымдалганбы (99-бер.)?</td><td colspan="2">Ооба</td><td>Жок</td></tr>
<tr><td rowspan="2">6</td><td rowspan="2">Соттолуучу врачтык жардам сураганбы?</td><td colspan="2">Ооба,<br>канча убакыттын ичинде<br>______</td><td rowspan="2">Жок</td></tr>
<tr><td>Өтүнүч канааттанды-рылган</td><td>Өтүнүч көңүл бурулбай калтырылган</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Шектүүнү кармоо жөнүндө протокол кармалган иш жүзүндө жеткирилген учурдан тартып үч сааттан кеч эмес түзүлгөнбү (95-бер.)?</td><td colspan="2">Ооба</td><td>Жок</td></tr>
<tr><td>8</td><td>Кармоодо жана тергөөдө анын укуктары ага түшүндүрүлгөнбү (95-бер.)?</td><td colspan="2">Ооба</td><td>Жок</td></tr>
<tr><td>9</td><td>айыпкер качан коюлган жана бөгөт коюунун кандай чарасы тандалып алынган (39-бер.)?</td><td colspan="3"></td></tr>
<tr><td>10</td><td>Бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө чечимге даттануунун тартиби түшүндүрүлгөнбү (104-бер.)?</td><td colspan="2">Ооба</td><td>Жок</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11 | Айыпкер же анын коргоочусу камоонун/ кармоонун мыйзамдуулугун талашканбы? | Ооба | Жок |
| | Качан, кимге жана натыйжалары кандай? | | |
| 12 | Сотко чейинки стадияда адвокат болгонбу? | Дайындоо боюнча | Макулдашуу боюнча |
| 13 | Тергөөчү өз адвокатын сунуштаганбы? | Ооба | Жок |
| 14 | Коргоочу (адвокат) корголуучу менен жолугушууга тергөөчүдөн уруксат алууда кыйынчылыктарга туш болгонбу (110-бер. 11-б.)? | Ооба, атап айтканда: | Жок |
| 15 | Айыпкер өз коргоочусу менен убакытты жана алардын санын чектөөсүз купуя жана бетме-бет жолугушканбы (48-бер.)? | Ооба | Жок |
| 16 | Коргоочунун иштин материалдары менен таанышуу мүмкүнчүлүгү болгонбу (48-бер.)? | Ооба | Жок |
| 17 | Коргоочуга иштин материалдарынын көчүрмөсү же иштен үзүндүлөрдү жазып алуу үчүн шарттар берилгенби (48-бер.)? | Ооба | Жок |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 18 | Коргоого даярдануу үчүн ага жетиштүү убакыт берилгенби (231-бер.)? | Ооба | | Жок |
| 19 | Тергөө жүргүзүүнүн жүрүшүндө башка бузууларга жол берилгенби? | | | |
| 20 | Иш боюнча кыйноолорду же башка катаал мамиле жасоону колдонуу жөнүндө даттануулар берилгенби? | Ооба | | Жок |
| | Бул арыздануулар кимден келген? | Коргоочу-дан | Шектүүдөн/ айыпкерден | Тугандарынан |
| | Арызданууларлын мүнөзүн баяндап бериңиз | | | |
| | Мындай арызданууларды текшерүү үчүн прокурор тарабынан кандай аракеттер көрүлгөн? Натыйжалары кандай? | | | |
| 21 | Тергөө стадиясында же соттук териштирүүнүн жүрүшүндө экспертиза жүргүзүлгөнбү? | Ооба, төмөнкүлөрдүн демилгеси боюнча: | | Жок |
| 22 | Экспертизанын кандай түрү жүргүзүлгөн (астын чийиңиз)? | Соттук-кол таануу экспертизасы;<br>Материалдардын, заттардын жана буюмдардын криминалдык экспертизасы;<br>Көрмө- жана үн жазуулардын соттук экспертизасы;<br>Комплекстүү психологиялык жана лингвисттик экспертиза;<br>Дин таануу экспертизасы;<br>Теологиялык экспертиза;<br>Экспертизанын башка түрү. | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 23 | Соттук экспертиза ким тарабынан жүргүзүлгөн? | Мамлекет-тик соттук эксперттер тарабынан | Атайын билимдерге ээ болгон адамдардын ичинен башка эксперттер тарабынан __________ |
| | | Эксперттик уюм тарабынан | Эксперттик уюмдан тышкары |
| 24 | Сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө дин тутуу эркиндигин чектөөгө сиздин корголуучуңуздун даттануулары болгонбу? | Ооба, төмөнкүлөрдүн демилгеси боюнча: | Жок |
| 25 | **Тергөө жүргүзүүнүн жүрүшүндө башка бузууларга жол берилгенби?** | **Ооба. Кеңири түшүндүрүп бериңиз (атап айтканда кандайлар):** ______________________________ ______________________________ ______________________________ ______________________________ ______________________________ ______________________________ | **Жок** |

Б. Сот стадиясындагы (1 же 2-инстанция) укуктар

**(Маалымат түздөн-түз сот отурумунда болууда толтурулат. Маалымат сиз бул инстанцияга процесс башталгандан тартып катышпаганда гана үчүнчү жактардан алынышы мүмкүн.**
**Маалымат кимден алынгандыгын көрсөтүңүз______________________)**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Соттун имаратында каралып жаткан иштердин расписаниесинде (убакыт жана орун) бул иш жөнүндө маалымат барбы? | Ооба | Жок |
| 2 | Эгерде иштин чечими жабык сот отурумунда кабыл алынса, ал кайсы мыйзамдык негиздерге негизделген? | __________________ __________________ __________________ __________________ | Отурум ачык болгон |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3 | Судья кайсы жазык иши угулуп жаткандыгын жарыялаганбы? | Ооба | Жок |
| 4 | Соттолуучу катышканбы? | Ооба | Жок |
| 5 | Анын коргоочусу катышканбы? | Ооба<br>Дайындоо боюнча Макулдашуу боюнча | Жок |
| 6 | Судья күнөөлөө корутундусунун көчүрмөсүн тапшыруунун өз убагында экендигин аныктаганбы? | Ооба | Жок |
| 7 | Соттолуучуга анын укуктарын түшүндүргөнбү? | Ооба | Жок / Жарым-жартылай |
| 8 | Судья соттолуучунун көз карашын аныктаганбы? | Ооба | Жок |
| 9 | Соттолуучуга өзүнө же жакын туугандарына каршы күбө болбоо укугун түшүндүргөнбү? | Ооба, соттолуучу/лар бул укуктан пайдаланган | Жок, бирок соттолуучу/лар өзүнө жана жакын туугандарына каршы күбө болгон эмес |
| 10 | Соттолуучу бул укуктан пайдаланганбы? | Ооба, бирок соттолуучу бул укуктан пайдаланган эмес | Жок, соттолуучу/лар өзүнө жана жакын туугандарына каршы күбө болгон |
| 11 | Соттолуучу алдын-ала тергөөдө (териштирүүдө) ага карата колдонулган психологиялык же кара күч менен мажбурлоого, кыйноого, коркутууга, алдоого шилтеме жасап, мурда берген көрсөтүүлөрүнөн баш тартканбы? | Ооба | Жок |

<table>
<tr><td rowspan="2">12</td><td>Судьянын же прокурордун жообу кандай болгон?</td><td colspan="3"></td></tr>
<tr><td>Судья же прокурор тарабынан мындай билдирүүлөрдү текшерүү үчүн кандайдыр бир аракеттер көрүлгөнбү?</td><td>Ооба, атап айтканда:</td><td colspan="2">Жок<br><br>Жок, анткени мындай билдирүүлөр болгон эмес</td></tr>
<tr><td rowspan="4">13</td><td rowspan="4">Күбөлөр аларды суроодон мурда сот отурумдар залынан чыгарылып жиберилгенби?</td><td rowspan="3">Ооба</td><td colspan="2">Жок, анткени күбөлөр болгон эмес</td></tr>
<tr><td colspan="2">Жок, анткени бир гана күбө болгон</td></tr>
<tr><td colspan="2">Бир нече күбөлөр болгондугуна карабастан, жок</td></tr>
<tr><td>Коргоо</td><td colspan="2">Күнөөлөө</td></tr>
<tr><td rowspan="2">14</td><td rowspan="2">Көрсөтүү берүүгө байланыштуу күбөгө укуктары түшүндүрүлгөнбү?</td><td rowspan="2">Ооба</td><td>Жок</td><td rowspan="2">Жарым-жартылай</td></tr>
<tr><td>Жок, күбөлөр болгон эмес</td></tr>
<tr><td>15</td><td>Соттолуучу акыркы сөз сүйлөгөнбү?</td><td>Ооба</td><td colspan="2">Жок</td></tr>
<tr><td>16</td><td>Соттолуучу/лар акыркы сөз сүйлөгөндөн кийин сот кеңешме бөлмөсүнө чыгып кеткенби?</td><td>Ооба, бул жөнүндө жарыяланган</td><td colspan="2">Жок, бул жөнүндө жарыяланган эмес</td></tr>
<tr><td>17</td><td>Судья өкүмгө даттануунун тартибин жана мөөнөттөрүн түшүндүргөнбү?</td><td>Ооба</td><td colspan="2">Жок</td></tr>
<tr><td>18</td><td>Судья же процесстин катышуучулары соттолуучунун динге таандуулугу жөнүндө одоно же этикага жатпаган сөздөр менен кылыктарга жол бергенби?</td><td>Ооба, алар төмөнкүлөрдөн көрүнгөн:</td><td colspan="2">Жок</td></tr>
<tr><td>19</td><td>Сот отурумун өткөрүүнүн жүрүшүндө башка бузууларга (судья, процесстин катышуучулары тарабынан) жол берилгенби?</td><td colspan="3">1. Ооба. Кеңири түшүндүрмө бериңиз (атап айтканда кандайларга):<br>______________________________<br><br>2. Жок.</td></tr>
</table>

## 2.4. Маалыматтык материалдарды экстремисттик же террорчулук деп табуу жөнүндө арыздар боюнча сот процессин байкоо жүргүзүүнүн картасы (ЖПК)

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Соттун имаратында каралып жаткан иштердин расписаниесинде (убакыт жана орун) бул иш жөнүндө маалымат барбы? | Ооба | Жок |
| 2 | Судья сот жыйналышынын ачылышы жөнүндө жана кандай иш каралып жаткандыгы тууралуу жарыялаганбы? | Ооба | Жок |
| 3 | Сот отурумунун катчысы процесстин катышуучуларынын келүүсү жөнүндө айтканбы? | Ооба | Жок |
| 4 | Судья келген процесстин катышуучуларынын инсандарын белгилегенби, кызмат адамдарынын, алардын өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктарын текшергенби? | Ооба | Жок |
| 5 | Ишке катышуучу адамдарга алардын процесстик укуктары жана милдеттери түшүндүрүлгөнбү? | Ооба | Жок |
| 6 | Процесстин кайсы бир катышуусу болбогондо ишти кароонун мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселе чечилгенби? | Ооба, андан калса ______________ болгон эмес | ... болбогондугуна карабастан, жок<br>Жок, баары болгон |
| 7 | Судья жазуу жүзүндөгү, буюм далилдерин изилдөөнү жүргүзгөнбү? | Ооба | Жок |
| 8 | Судья тараптардын бирине далилдерди чогултууда көмөк көрсөткөнбү? | Ооба | Жок |
| 9 | Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө экспертиза жүргүзүлгөнбү? | Ооба, төмөнкүлөрдүн демилгеси боюнча ______________ | Жок |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10 | Экспертизанын кандай түрү жүргүзүлгөн (астын чийиңиз)? | Соттук-кол таануу экспертизасы;<br>Материалдардын, заттардын жана буюмдардын криминалдык экспертизасы;<br>Көрмө- жана үн жазуулардын соттук экспертизасы;<br>Комплексттүү психологиялык жана лингвисттик экспертиза;<br>Дин таануу экспертизасы;<br>Теологиялык экспертиза;<br>Экспертизанын башка түрү. | |
| 11 | Соттук экспертиза ким тарабынан жүргүзүлгөн? | Мамлекеттик соттук эксперттер тарабынан | Атайын билимдерге ээ болгон адамдардын ичинен башка эксперттер тарабынан<br>________________________________________________ |
| | | Эксперттик уюм тарабынан | Эксперттик уюмдан тышкары |
| 12 | Отурумдун катышуучуларынын ичинен кимдир биреөнүн чыгып сүйлөө мүмкүнчүлүгүн чектөө болгонбу? | Ооба, бул төмөнкүлөрдөн көрүнгөн: | Жок |
| 13 | Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө судья тараптардын атаандаштыгын сактаганбы? | Ооба | Жок, эмнеден көрүнгөн? |
| 14 | Судья чечимге даттануунун тартибин жана мөөнөттөрүн түшүндүргөнбү? | Ооба | Жок |
| 15 | Судья тараптардын динге таандуулугу жөнүндө одоно же этикага жатпаган сөздөр менен кылыктарга жол бергенби? | Ооба, ал төмөнкүлөрдөн көрүнгөн: | Жок |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 16 | Сотто каралып жаткан маалыматтык материалдарга карата жетүү убактылуу чектелгенби (доону камсыз кылуу боюнча чара)? | Ооба<br><br>Ишке катышып жаткан адамдарга доону камсыз кылуу чарасын көрүү жөнүндө аныктаманын көчүрмөсү жиберилгенби?<br><br>Ооба,<br>Жок | | Жок |
| 17 | Арыз келип түшкөндөн кийин кандай мөөнөттө сот тарабынан каралган? | 3 күнгө чейин | 4-5 күндө | 5 күндөн ашык |
| 18 | Соттун чечими Юстиция министрлигинде жарыяланганбы? | Ооба, шилтеме | | Жок |
| 19 | **Сот отурумун өткөрүүнүн жүрүшүндө башка бузууларга (судья, процесстин катышуучулары тарабынан) жол берилгенби?** | **1. Ооба. Кеңири түшүндүрмө бериңиз (атап айтканда кандайларга):**<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>**2. Жок.** | | |

## 2.5. "Даават" өткөргөндүк үчүн кармалган адамдар үчүн суроолор жыйнакчасы

Байкоочунун аты-жөнү ______________________________

Суралгандын аты-жөнү ______________________________

1. Сиз катталган диний уюмдун мүчөсү болуп саналасызбы?

☐ Ооба ☐ Жок

1.1. Эгерде, саналсаңыз кандай уюмду экендигин тактаңызчы?

______________________________

Эгерде жок болсо, анда сиздин уюмуңуз эмне үчүн катталган эмес?

______________________________

2. Сиз миссионердик иш (даават) үчүн административдик жоопкерчиликке тартылгансызбы?

☐ Ооба ☐ Жок

2.1. Эгерде тартылсаңыз, кайсы берене боюнча тартылганыңызды тактап бериңизчи ______________________________

2.2. Эгерде тартылсаңыз, сот процессинде ким айыптоочу болгондугун тактап бериңизчи ______________________________

2.3. Сиздин сот процессиңизде жергиликтүү имам же казы болгонбу?

☐ Ооба ☐ Жок

2.3.1. Эгерде болсо, анда ал сиздин процессиңизде чыгып сүйлөдү беле?

☐ Ооба ☐ Жок

2.3.2. Анын сүйлөгөн сөзү эмне жөнүндө болгон

______________________________

3. Сиз КМДБ (муфтият) тарабынан кысымды сезесизби?

☐ Ооба ☐ Жок

3.1. Эгерде сезсеңиз кысым кандай түрдө экендигин тактап бериңизчи?

______________________________

4. Сиз өзүңүздүн дин тутуу таандуулугуңузга байланыштуу кодулоону сезесизби?

☐ Ооба ☐ Жок

4.1. Эгерде сезсеңиз, кодулоо эмнеден көрүнөт?

______________________________

5. Сиз өзүңүздүн дин тутуу таандуулугуңузга байланыштуу милиция, судья же прокурор тарабынан сот процессинде кодулоону сездиңизби?

☐ Ооба ☐ Жок

5.1. Эгерде сезсеңиз, кодулоо эмнеден көрүнгөн?

---

6. Милициянын кызматкерлери миссионердик ишти (дааватты) жүргүзүү тартибин Сиз бузгандыңыз жөнүндө эскертти беле?

☐ Ооба ☐ Жок

6.1. Эгерде эскертсе, эмне үчүн бузууну уланта бердиңиз?

---

7. Качан, кайсы жерде жана ким тарабынан кармалгансыз?

---

8. Администрациялык кармоо жөнүндө протокол түзүлгөнбү жана Сиздин укуктарыңыз менен милдеттериңиз түшүндүрүлгөнбү?

☐ Ооба ☐ Жок

9. Кармалган учурдан тартып административдик укук бузуу боюнча соттук териштирүүгө чейин канча убакыт өткөн?

---

10. Судья Сиздин укуктарыңыз менен милдеттериңизди түшүндүрдү беле?

☐ Ооба ☐ Жок

11. Ишке коргоочу катышты беле?

☐ Ооба ☐ Жок

11.1. Эгерде катышса, анда кайсы учурдан тартып?

☐ администрациялык кармоо учурунан тартып

☐ соттук териштирүү учурунан тартып

12. Судья администрациялык укук бузуу жөнүндө иш боюнча токтомго жогору турган сотко даттануу укугун жана тартибин түшүндүрдү беле?

☐ Ооба ☐ Жок

13. Соттун администрациялык камоо түрүндөгү администрациялык жоопкерчиликке тартуу жөнүндө токтому жарыяланган учурдан тартып колдонулганбы?

☐ Ооба ☐ Жок

14. Соттун токтомуна жогорку инстанцияга даттануу болгонбу?

☐ Ооба ☐ Жок

14.1. Эгерде болсо, натыйжасы кандай

___________________________________________________________

15. Кармоо жерлеринде (мисалы, кабыл алып-бөлүштүргүч) диний каадаларды жасоо мүмкүнчүлүгү болгонбу?

☐ Ооба ☐ Жок

2016-жылдын ___-_____________________

Байкоочу _____________________

## 3-тиркеме. Адилеттүү соттун негизги критерийлери: улуттук жана эл аралык стандарттар

Кыргыз Республикасы анда мамлекеттик бийлик мамлекеттик бийликти бөлүштүрүү принцибине[80] негизделген укуктук мамлекет болуп саналат[81]. Бийликтерди бөлүштүрүү принциби мыйзам жазуу иши мыйзам чыгаруу органы, аткаруучу-тескөөчү иш аткаруу бийлик органдары, сот бийлиги соттор тарабынан жүзөгө ашырылат дегендикти билдирет.

Мамлекеттик бийликтин бутактарынын бири катары сот бийлиги укукту, мамлекеттик жана коомдук турмуштун укуктук негиздерин ар кандай бузуулардан коргоого чакырылган. Жарандардын жана юридикалык жактардын эркиндиктеринин, укуктарынын, милдеттеринин жана менчигинин маселелери боюнча биротоло чечим кабыл алуу милдети судьяларга жүктөлгөн. Дал ошондуктан судьялардын көз карандысыздыгы мыйзамдуулуктун өбөлгөсү жана сот адилеттүүлүгүнө жана адам укуктарын коргоого жетишип жаткан бардык адамдар үчүн ажыратып алгыс кепилдик болуп саналат.

Сот бийлиги конституциялык, жарандык, жазык, административдик жана сот өндүрүшүнүн[82] башка түрлөрүнүн аркасында жүзөгө ашырылат жана судьялардын[83] атынан сотторго гана таандык. Мында Конституция ар кимге Конституцияда, мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы алардын катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерде, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен ченемдеринде каралган анын укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоого кепилдик берет[84].

[80] КРнын Конституциясынын 1-беренеси.
[81] КРнын Конституциясынын 3-беренеси.
[82] КРнын Конституциясынын 93-беренеси.
[83] "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" конституциялык Мыйзамдын 11-беренеси.
[84] КРнын Конституциясынын 40-беренеси.

Жазык иши боюнча адилеттүү сотко болгон укук расмий айып коюлган учурдан гана тартып эмес, мамлекет ал жеке адамдын ишин олуттуу чектеген күндөн да тартып башталат. Адилеттүү соттун кепилдиктери айыпкерге каршы тергөө аракеттеринен тартып жана мүмкүн болуучу кассациялык даттануу боюнча соттук аракеттерди кошуп алганда, соттук териштирүүнүн акыркы кадамдарынын аягына чейин камсыз кылынууга тийиш. Мында сотко чейинки, соттук жана соттон кийинки аракеттерди дайым эле так чектөө кыйын жана бир этапта соттолуучунун укуктарын бузуу соттук териштирүүнүн кийинки этабына өзүнүн ыдыратуучу аракеттерин толук көрсөтүшү мүмкүн.

**А. Сотко чейинки укуктар**

1) **Өзүм билемдик менен камоодон жана кармоодон эркиндик укугу**

КРнын Конституциясынын 24-беренесине ылайык **“1. Ар бир адам эркиндикке жана жеке кол тийбестикке укуктуу; 3. Соттун чечимисиз жана мыйзамда белгиленген негиздер менен тартиптен тышкары эч ким камакка алынышы, кайтарууда кармалышы же эркиндигинен ажыратылышы мүмкүн эмес...”**. Ар бир кармалган адам кармоонун мыйзамдуулугун мыйзамда белгиленген тартипте жана мезгилдүүлүк менен текшертүүгө укуктуу. Бул кепилдик КРнын Жазык-процесстик кодексинин 11-беренесинде да каралган.

“Мыйзамда белгиленген” деген түшүнүк мамлекеттин ар кандай аракеттери өзүм билемдикти жана капыстан кийлигишүүнү алып салуу менен белгиленген укуктук чектерде болууга тийиш дегендикти билдирет. Укуктук алкактар жалпыга жеткендей, алдын-ала айтууга болгондой, аны өзүм билемдик менен колдонуудан коргоону камтыгандай болууга тийиш. Жеке адамды эркиндигинен ажыратуу жөнүндө ар кандай укуктук чечим “таразаланган, адилеттүү жана алдын-ала айтууга” болгондой болууга тийиш. Ага ылайык камак жүргүзүлгөн тартип “кодулоочулук мамилени болтурбоого жана иштин жагдайларын тең салмактуу чагылдырууга тийиш”[85].

2) **Суракка алуу убагындагы укуктар. Камоодогу адамдардын маалыматка укугу**

КРнын Конституциясы “**кармалган ар бир адамга, медициналык жактан кароого жана врачтын жардамына болгон укугун кошуп алганда, кармоонун жүйөлөрү жөнүндө токтоосуз түрдө билдирилүүгө тийиш”** (24-бер. 5-б.) Бул ченемдер КРнын Жазык-процесстик кодексинин 95-беренесинде да чагылдырылган.

[85] ЖСУЭПнын 9-беренеси 1-пункт.

“**Кармалган ар бир адамга кармоонун жүйөлөрү жөнүндө токтоосуз түрдө билдирилүүгө,... анын укуктары түшүндүрүлүүгө жана камсыз кылынууга тийиш**” деген түшүнүк ар бир кармалганга (камалганга) өзүнүн камалгандыгынын жалпы себептери жөнүндө “камоо учурунда” маалымдалган болууга тийиш дегендикти билдирет, ал эми коюлган күнөөнү камтыган кийинки маалымат камалганга “токтоосуз” билдирилүүгө тийиш. Камалган адам өзүнүн кармалуусунун мыйзамдуулугуна даттануу үчүн маалыматтын жетиштүү көлөмүнө ээ болууга тийиш[86].

Кармалган адам эркиндиги иш жүзүндө чектелген учурдан тартып кармалгандын укуктары жөнүндө билүүгө тийиш. Камоонун себептери жана кармалгандын же камалгандын укуктарын түшүндүрүү ага түшүнүктүү тилде баяндалууга тийиш. Кармалган, эгерде ал жергиликтүү тилди билбесе, компетенттүү тилмеч алууга укуктуу.

3) **Сотко чейин коргоочуга укук жана коргоого даярдануу үчүн жетиштүү убакыт жана шарттарды берүү укугу**

КРнын Конституциясы **“адамга иш жүзүндө эркиндигинен ажыратылган учурдан тартып коопсуздук камсыз кылынып, ага өзүн-өзү коргоого жана адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдаланууга, ошондой эле коргоочу күтүүгө мүмкүндүк бериле”** тургандыгын кепилдейт**.** (24-бер. 5-б). Бул кепилдик Жазык-процесстик кодекстин 20-беренесинде да каралган.

Андан тышкары, 2009-жылдын 17-июлундагы № 227 “Мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардам жөнүндө” КРнын Мыйзамында “аларда укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн каражаттары болбогондо КРнын жарандарына мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардам берүүнүн шарттары жана тартиби” каралган.

Сотко чейинки аракеттердин жүрүшүндө адвокатты тартуу укугу адилет соттук териштирүүнүн сот өндүрүшүнүн маселелерин чечүүдө эң көп көңүл бурдурган кепилдиги болуп саналат, анткени тажрыйба көрсөтүп жаткандай, бул укуктук ченем баарынан көп бузулат. Өзүн-өзү же адвокаттын жардамы менен коргоо укугу ЖСУЭПда бекитилип, ага ылайык “ар ким ... өзүнүн катышуусу менен соттолууга жана өзүн-өзү же өзү тандап алган коргоочу аркылуу коргоого; эгерде анын коргоочусу болбосо, бул укук жөнүндө маалымат алууга жана сот адилеттигинин кызыкчылыктары муну талап кылганда, ар кандай учурда коргоочуга акы төлөө үчүн жетиштүү каражаты болбосо, мындай учурда өзү үчүн акысыз дайындалган

[86] ЖСУЭПнын 9-беренеси 2-пункт.

коргоочусу болууга укуктуу"[87]. Мына ошентип, айыпкер коргоочунун жардамына жана аны тандап алууга укуктуу же белгиленген учурларда ал мамлекет тарабынан дайындалган адвокат алууга да укуктуу.

Бул жобонун негизинде компетенттүү органдар тарабынан берилүүчү коргоочу айыпкердин натыйжалуу өкүлү болууга тийиш. Коргоонун укукка сыйбаган жүрүм-туруму же компетенттүү эместиги адвокаттын жүрүм-туруму сот адилеттүүлүгүнүн кызыкчылыктары менен коошпой тургандыгы судьяга даана болгон шартта тиешелүү мамлекеттин ЖСУЭПны бузгандык үчүн жоопкерчилигине алып келиши мүмкүн. Эгерде сот же бийликтин башка тиешелүү органдары дайындалган адвокаттарга өз иш-милдеттерин натыйжалуу аткарууда тоскоолдук кылган учурда да бул жобону бузуу орун алат.

ЖСУЭП айыпкер адамдардын өзүн коргоого даярдануусу үчүн жана өздөрү тандап алган коргоочулар менен мамиле түзүүгө жетиштүү убактысы жана мүмкүнчүлүгү болууга тийиш экендигин карайт[88]. Бул жобо адилет соттук териштирүүнүн жана атаандашуу мүмкүнчүлүктөрүнүн теңдигинин принцибин колдонуунун кепилдигинин маанилүү элементи болуп саналат. "Жетиштүү убакыт" деп саналган нерсе ар бир иштин жагдайларына жараша болот. Эгерде акылга сыярлык негиздерге негизденип, коргоочулар коргоону даярдоо үчүн убакыт жетишсиз деп эсептесе, соттук териштирүүнү кыйла кеч мөөнөткө кийинкиге калтыруу жөнүндө өтүнүү милдети аларга жүктөлөт.

4) **Ишти токтоосуз соттук кароо укугу жана камоонун/кармоонун мыйзамуулугун талашуу укугу**

КРнын Конституциясы төмөнкүлөргө кепилдик берет: "**Эч ким соттун чечимисиз 48 сааттан ашык мөөнөткө кармалышы мүмкүн эмес. Ар бир кармалган адам кармалган учурунан тартып 48 саат өткөнгө чейин тез арада жана кандай учурда болбосун кармалышынын мыйзамдуулугу жөнүндө маселени чечүү үчүн сотко жеткирилиши керек. Айрым учурларда кармап туруунун бир кыйла кыска мөөнөттөрү мыйзам менен белгилениши мүмкүн. Кармалган ар кандай адам мыйзамда белгиленген тартипте жана мезгилдүүлүгүнө жараша кармап туруунун мыйзамдуулугун текшерүүгө укуктуу. Эгерде адамды кармоого негиздер жок болуп чыкса, ал адам дароо бошотулушу керек".** (24-бер. 4-б.).

Өлкөнүн Жазык-процесстик кодекси менен **"жаранга мыйзамда белгиленген негиздер боюнча жана тартипте жазык иши боюнча өндүрүштө анын**

[87] ЖСУЭПнын 14-беренеси 3 d) пункту.
[88] ЖСУЭПнын 14-беренеси 3 b) пункту.

**укуктарын жана эркиндиктерин бузуунун натыйжасында келтирилген зыяндын ордун толтуруу"** кепилдиги белгиленген (12-бер. 3-п.).

ЖСУЭПга ылайык "соттук териштирүүнү күтүп жаткан адамдарды кайтарууда кармоо жалпы эреже болбоого тийиш, бирок бошотуу сотко келүүнүн, анын ар кандай башка стадиясында соттук териштирүүгө келүүнүн жана зарыл болгон учурда өкүмдү аткаруу үчүн келүүнүн кепилдиктерин берүүгө жараша коюлушу мүмкүн". Бул ченем айыпкерди сотко чейинки кармоо "жалпы эреже болуп саналбай тургандыгын" жана айыпкер сотко чейин же болбосо күрөөгө, же болбосо кандайдыр бир башка кепилдиктин астында бошотулушу мүмкүн экендигин бир мааниде айтып турат.

"Камоонун же кайтарууда кармоонун айынан эркиндигинен ажыратылган ар ким ал сот анын кармалышынын мыйзамдуулугуна карата токтоосуз токтом жана эгерде кармоо мыйзамсыз болсо, аны бошотуу жөнүндө тескеме чыгара алышы үчүн анын ишин сотто териштирүүгө укуктуу"[89], бул камалгандын же кармалгандын өз иши боюнча укуктук чечим чыгаруу же бошотуу максатында токтоосуз соттук териштирүүнү талап кылуу укугун болжолдойт. Буга карата төмөнкүлөрдү белгилеп кетүү зарыл: а) соттун чечими "кармалуунун мыйзамдуулугуна" гана тиешелүү экендигин; б) соттук териштирүүнү "кечиктирүү" каралып жаткан иштин жагдайлары менен жүйөлөштүрүлгөн болууга тийиш.

"Мыйзамсыз камоонун же кайтарууда кармоонун жабыр тартуучусу болгон ар ким доо күчүнө ээ болгон компенсацияга укуктуу"[90]. Эгерде камоо же кармоо ЖСУЭПнын жоболорун жана/же ички мыйзамдардын тиешелүү жоболорун бузуу менен жүргүзүлгөн учурда бул укук аракетке кирет.

### 5) Тышкы дүйнө менен карым-катнаш укугу

КРнын Жазык-процесстик кодексине ылайык "**тергөө органы анын кармоонун убактысы жана кармалып турган жер жөнүндө кармалгандын жакын туугандарына маалымдоого милдеттүү**" (39-бер. 3-б.). Ар бир айыпкер төмөнкүлөргө укуктуу (ЖПКнын 42-бер.):

- өзүн айыпкер катары тартуу, экспертизаларды дайындоо жөнүндө токтомдордун көчүрмөлөрүн,айыптоо корутудусун жана тездетилген сотко чейинки өндүрүштүн протоколунун көчүрмөсүн алууга;
- өз эне тилинде же өзү билген тилде көрсөтүү берүүгө;
- тилмечтин, ошондой эле коргоочунун кызматынан пайдаланууга, анын ичинде камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын тандап алуу жөнүндө тергөөчүнүн

[89] ЖСУЭПнын 9-беренеси 4-пункт.
[90] ЖСУЭПнын 9-беренеси 5-пункт.

өтүнүчүн соттун кароосунда;
- өзүнүн коргоочусу менен тоскоолдуксуз жекеме-жеке жана аңгемелешүүнүн санына жана узактыгына чек койбостон сүйлөшүүгө;
- жана башка укуктарга…

"Тышкы дүйнө" менен мамиле түзүү укугу үй-бүлө мүчөлөрү, адвокат жана врач менен сүйлөшүү укугун болжолдойт. Камалгандын же кармалгандын үй-бүлөсү алардын үй-бүлө мүчөсүнүн камалышы жана кармалып турган жери жөнүндө токтоосуз маалымдалууга тийиш[91]. Кармалган же камалган камоонун башка жерине которулган учурда анын үй-бүлө мүчөлөрү тиешелүү маалымдама алууга да тийиш. Эгерде кармалган чет өлкөлүк болуп саналса, ага өз өлкөсүнүн расмий өкүлдөрү менен кабарлашууга уруксат берилүүгө тийиш[92].

Андан тышкары, тергөө изоляторунда кармалып тургандар "ал мекеменин алкагында коопсуздукту жана укук тартибин камсыз кылуу кызыкчылыгында зарыл болгон" чектөөлөрдү эске алуу менен өз үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана тааныштарынын келишине укуктуу.

### 6) Кармоонун татыктуу шарттарына жана кыйноолордон эркин болуу укугу

КРнын Конституциясынын 22-беренесине ылайык **"эч ким кыйноолорго, башка адамгерчиликсиз, мыкаачылык же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазалоого туш болушу мүмкүн эмес. Эркиндигинен ажыратылган ар бир адам өзүнө гумандуу мамиле жасалышына жана адамдык кадыр-баркынын сакталышына укуктуу".** Ошондой эле негизги мыйзам **"эч ким кылмыш жасаганын өзү мойнуна алганынын негизинде гана соттолушу мүмкүн эместигин"** карайт. (26-бер. 2-б.).

ЖСУЭП тарабынан өзүнө каршы көрсөтүүлөрдү берүүгө же өзүн айыптуу деп табууга мажбурланбоо укугуна кепилдик берилет[93]. Бул кепилдикти тергөө органдары тарабынан күнөөнү мойнуна алууга жетишүү үчүн айыпкерлерге ар кандай түздөн-түз же түздөн-түз эмес кара күчтүк же өзүн-өзү актабаган психологиялык басымдын жок экендиги катары түшүнүү керек. Андан калса, айыпкер адамга анын мойнуна алуусуна жетишүү үчүн ЖСУЭПнын 7-беренесине каршы келген мамиле жасоо жол берилгис болуп саналат. Ички мыйзамдар мындай материалдар кыйноолор же ал жобо менен тыюу салынган башка мамиле жасоо орун алгандыгынын далили катары пайдаланылган учурларды албаганда, ЖСУЭПнын 7-беренесин бузуу менен алынган көрсөтүүлөр жана

[91] Адвокаттардын 19 базалык принциби, 16-принцип.
[92] Консулдук мамилелер боюнча Вена конвенциясы, 1963-ж. 24-апрели, 36-берене.
[93] ЖСУЭПнын 14-беренеси 3 g) пункту.

моюнга алуулар далилдер катары каралбашын камсыз кылууга тийиш жана бул учурларда айыпкерлердин көрсөтүүлөрү алар тарабынан өзүнүн ыктыярдуу эрки менен берилгендигин далилдөө милдети мамлекетке жатат. "Эркиндигинен ажыратылган адамдарга карата мамиле гумандуу жана адамдык инсандын кадыр-баркын сыйлагандай болууга тийиш"[94].

## Б. Сот стадиясындагы укуктар

### 1) Сот алдындагы теңдик жана тараптардын теңдиги

Кыргыз Республикасында мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей **(Конституциянын 16-бер. 3-б, ЖПКнын 16-бер). Бул укукка анын ичинде ЖСУЭП менен да кепилдик берилген**[95].

Бул жобо бардык адамдар соттук угууларды талап кылынуунун тең укугуна ээ болууга тийиш дегендикти билдирет. Бул кепилдик сотторго жана трибуналдарга карата гана колдонулбастан, ички укук кайсы бир сот органына соттук иш-милдеттерди жүктөгөн бардык учурларда да сакталууга тийиш. Соттор жана трибуналдар алдында теңдик укугу жалпы мааниде тең жетүү жана атаандаштык мүмкүнчүлүктөргө теңдик укугуна кепилдик берет жана мындай териштирүүлөрдөгү тараптарга мамиле жасоо кандай болбосун кодулоодон эркин болууну камсыз кылат. Бул кепилдик окшош иштер окшош жол-жоболордун алкагында каралышын да талап кылат[96].

Тараптардын теңдиги эки тарап бүткүл соттук териштирүүнүн жүрүшүндө бирдей укуктук абалда болууга тийиш экендигин билдирет, б.а. сот тарабынан тең мамиле жасалууга укуктуу[97].

### 2) Иштин мыйзам менен аныкталуучу компетенттүү, көз карандысыз жана эч кимге тартпаган сот тарабынан угулушуна укук

Судьялардын көз карандысыздыгы, кол тийбестиги, алардын Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийгендиги, сот адилеттигин жүзөгө ашыруу боюнча ишке кийлигишүүгө тыюу салуу жөнүндө конституциялык жоболор судьянын укуктук статусун аныктайт жана сот бийлигин мамлекеттик бийликтин көз карандысыз жана эч кимге тартпаган бутагы катары бекитет[98].

[94] ЖСУЭПнын 10-беренеси 1-пункт.
[95] ЖСУЭПнын 14-беренеси 1-пункт.
[96] Жалпы тартиптеги сын-пикир № 32, CCPR/C/GC/32, 2007-жылдын 23-августу.
[97] ЖСУЭПнын 14-беренеси 1-пункт 3 е) пункту.
[98] КРнын Конституциясынын 94-беренеси.

Судьялардын көз карандысыздыгынын принцибинин маңызы Конституцияга жана мыйзамдарга гана баш ийүү менен чечимдерди эркин кабыл алуунун жана кайсы гана тараптан болбосун жана кандай гана себептер боюнча болбосун кандайдыр бир чектөөлөр, тышкаркы таасир көрсөтүү, таасир, басым, коркутуу, түздөн-түз же кыйыр кийлигишүү жок аракеттенүүнүн иш жүзүндө мүмкүнчүлүгүнө ээ боло турган шарттарды камсыз кылууга умтулуудан турат.

Кыргыз Республикасы сот бийлигинин көз карандысыздыгын конституциялык гана эмес, адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы бир катар эл аралык укуктук актыларга кошулуунун, кол коюунун жана аларды ратификациялоонун аркасында бекиткен, ошондой эле БУУнун мүчөсү болуп саналып, иштердин көз карандысыз жана эч кимге тартпаган соттор тарабынан каралышын камсыз кылуу боюнча милдеттенмени өзүнө алган.

Жогоруда баяндалганга байланыштуу сот бийлигинин жана сот бийлигин алып жүрүүчү катары судьянын көз карандысыздыгы судьянын артыкчылыгы катары каралбоого тийиш. Ал соттук чечимдерди чыгарууда тышкы басым жасоого каршы кепилдик болуп саналат жана судьяларга адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо боюнча аларга жүктөлгөн милдеттенмени аткаруу мүмкүнчүлүгүн берүү зарылдыгы менен акталган.

Бирок, адилет соттук териштирүүгө укуктун ченемдик бекитилиши бул укук ишке ашырылып жатат дегендикти алигиче билдирбейт. Анын иш жүзүндө жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу зарыл. Бул мааниде алганда сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылуу, бул адилеттүүлүктүн талаптарына ылайык келет, соттордун чечимдери аткарылган шартта ар кандай декларацияларга караганда көбүрөөктү бериши мүмкүн.

Көз карандысыз жана эч кимге тарптаган жазык сот өндүрүшү КРнын Жазык-процесстик кодекси, “Кыргыз Республиасынын судьяларынын статусу жөнүндө” КРнын конституциялык Мыйзамы[99], “Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө” КРнын Мыйзамы сыяктуу бир катар мыйзамдар менен да кепилденген[100].

ЖСУЭП ар кимдин ага коюлган ар кандай жазык күнөөсүн кароодо ишти “компетенттүү, көз карандысыз жана эч кимге тартпаган сот тарабынан” адилеттүү жана көпчүлүк алдында териштирүү укугун бекитет[101].

Өз юрисдикциясынын чектеринде аракеттенген жана жазык иштерин кароо

[99] 2008-жылдын 9-июлундагы № 141.
[100] 2003-жылдын 18-июлундагы № 153.
[101] ЖСУЭПнын 14-беренеси 1-пункт.

боюнча ыйгарым укуктарга ээ болгон сот компетенттүү сот деп түшүнүлөт. Бул стандартка ылайык жазык ишинин соттулугу мыйзамга ылайык аныкталууга тийиш, судьялар сот адилеттигин өз компетентциясынын алкагында жүзөгө ашырууга тийиш, ал эми процесс мыйзамда белгиленген мөөнөттөрдү бузбастан жүргүзүлүүгө тийиш.

Эч кимге тартпагандык алдын ала пикир түзбөөгө, калыстыкка жана мурдагы пикирдин жоктугуна негизделген. Анын негизинде "эч ким өз кызыкчылыгында соттоого тийиш эмес" деген табигый мыйзамдуу принцип жатат. Сот бийлиги өз чечимдерин эч кимге тартпастан, фактылардын негизинде, мыйзамга ылайык жана алар кайдан гана чыкпасын жана эмне менен гана жүйөлөнбөсүн ар кандай түздөн-түз же кыйыр чектөөлөрдү, укукка сыйбаган таасирди, түрткүлөрдү, басымдарды, коркунучтарды жана кедергилерди болтурбоо менен чыгарууга тийиш.

3) **Ачык соттук териштирүү укугу**

КРнын Конституциясынын 99-беренесинде "**иштерди териштирүү бардык соттордо ачык жүргүзүлөт. Ишти жабык жыйналышта жүргүзүүгө мыйзамда каралган учурларда гана жол берилет. Соттун чечими ачык жарыяланат"** деп айтылат. Бул кепилдик Жазык-процесстик кодекстин 22-беренесинде жана "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Мыйзамдын 6-беренесинде да чагылдырылган.

ЖСУЭПга ылайык "ар ким ага коюлган ар кандай жазык күнөөсүн кароодо ишти адилет жана көпчүлүк алдында териштирүүгө укуктуу"[102]. Мында көпчүлүк алдындалыктын бир катар чектөөлөрүнө жол берилет, атап айтканда, "демократиялык коомдогу моралдын, коомдук тартиптин же мамлекеттик коопсуздуктун же тараптардын жеке турмушунун кызыкчылыктары муну талап кылганда же соттун пикири боюнча өтө зарыл болгон мерчемде – көпчүлүктүн алдындалык сот адилеттигинин кызыкчылыктарын бузган өзгөчө жагдайларда"[103].

Көпчүлүктүн алдындалык эрежеси өкүмдү жарыялоого да жайылтылат, мына ошентип, "мисалы, жашы жетпегендердин кызыкчылыктары башканы талап кылганда же иш балдарга камкорчулукту алууга тиешелүү болгон учурларды албаганда, жазык иши боюнча ар кандай соттук токтом көпчүлүк алдында болууга тийиш"[104].

[102] ЖСУЭПнын 14-беренеси 1-пункт.
[103] ЖСУЭПнын 14-беренеси 1-пункт, Жалпы тартиптеги сын-пикир № 32, CCPR/C/GC/32, 2007-жылдын 23-августу.
[104] ЖСУЭПнын 14-беренеси 1-пункт.

4) **Адилет соттук териштирүү укугу**

“Ар ким адилет соттук териштирүүгө укуктуу”[105]. Бул стандарт жазык сот өндүрүшүнүн ар кандай аспекттерин, анын ичинде жазык иштери боюнча процесстик ишти жүзөгө ашыруунун тартибин жана убакыттык параметрлерин тиешелүү сактоону, негизги соттук териштирүүгө чакырылган адамдардын келишин текшерүүнү жана ишке катышкандарынын бири келбей калганда ишти угуунун мүмкүндүгү жөнүндө маселени чечүүнү, далилдерди мыйзамдарда белгиленген тартипте изилдөөнү, күбөлөрдү, жабырлануучуларды жана процесстин башка катышуучуларын сурак жүргүзүүнүн эрежелерин сактоону, күбөлөрдүн жана жабырлануучулардын көрсөтүүлөрдү ыктыярдуу берүүсүн, соттук жарыш сөздөрдүн стадиясына өтүүнүн эрежелеринин сакталышын камтыйт.

Эгерде, мисалы, соттолуучу жазык процессинин алкагында отурумдар залындагы көпчүлүк тарабынан кастык билдирүүсүнө же тараптардын биринин колдоосуна туш болсо, аларга сот чыдоо менен мамиле жасаса, ишти сотто угуу адилетсиз болуп саналат.

Коргоодо жана айып коюуда ыйгарым укуктардын теңдик принцибин сактоо соттук угуунун адилеттигине баа берүүдө пайдаланылуучу эң маанилүү критерий болуп саналат. Бүткүл соттук териштирүүнүн жүрүшүндө ыйгарым укуктардын теңдиги тараптарга карата сот процессинин ичинде жол-жоболук аракеттерди тең укуктуу колдонуунун болушун божомолдойт. Айыпкерге жана/же анын адвокатына коргоого даярдануу үчүн зарыл болгон убакытты жетишсиз берүү катары эле айыпкерди жана/же анын адвокатын айыптоочунун катышуусунда тиешелүү ишти апелляциялык соттук угууга жол берүүгө кедерги болуу аракеттери бул принципти бузууга таандык кылууга болот.

5) **Сотко катышуу жана өзүн өзү коргоо укугу**

КРнын Жазык-процесстик кодекси “ар кимдин сотко катышуу жана өзүн өзү коргоо укугу” деген бир катар беренелерди карайт. Аларды төмөндө караңыз.

1. **9-берене. Соттук коргоо;**
2. **18-берене. Тараптардын далилтартышынын жана тең укуктуулугунун негизинде сот ишин жүзөгө ашыруу;**
3. **20-берене. Шектүүнүн, айыпкердин, соттолуучунун акталуу укугун камсыз кылуу;**
4. **42-берене. Айыпкердин, соттолуучунун, соттолгон адамдын (акталган адамдын) укуктары жана милдеттери;**

[105] ЖСУЭПнын 14-беренеси 1-пункт, Жалпы тартиптеги сын-пикир № 32, CCPR/C/GC/32, 2007-жылдын 23-августу.

5. **48-берене. Жактоочунун укуктары жана милдеттери;**
6. **228-берене. Кыскартылган жазык ишин кайра баштоо;**
7. **230-берене. Прокурорго жөнөтүлүүчү иш боюнча тергөөнүн аякталышы жөнүндө билдирүү;**
8. **233-берене. Өтүнүчтөр билдирүү жана аларды чечүү;**
9. **239-берене. Ишти сотко жөнөтүү;**
10. **250-берене. Тараптарга иштин материалдары менен таанышуу мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо;**
11. **251-берене. Сот жыйынына чакыруу;**
12. **253-берене. Соттук териштирүүнүн түздөн-түз жана оозеки болушу;**
13. **259-берене. Соттолуучунун соттук териштирүүгө катышуусу;**
14. **260-берене. Соттук териштирүүгө жактоочунун катышуусу;**
15. **265-берене. Соттук териштирүүнү кийинкиге калтыруу жана жазык ишин токтото туруу;**
16. **278-берене. Соттолуучунун инсандыгын аныктоо жана ага айыпкер катары жоопко тартуу жөнүндөгү токтомдун көчүрмөсүн өз убагында тапшыруу;**
17. **280-берене. Соттолуучуга анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрүү;**

Ар бир айыпкер айыптоо сөзүн уга жана аны талаша алышы жана өзүн өзү коргой же өзү тандап алган коргоочунун жардамы аркылуу коргой алышы үчүн өзүнүн катышуусунда соттук териштирүүгө жана бул укук жөнүндө маалымдалууга укуктуу[106]. Бул укук бийликтерге айыпкерге жана анын адвокатына териштирүү өткөрүүнүн датасы жана орду жөнүндө алдын ала кабарлоо, аны соттук териштирүүдөн негизсиз чыгарып салбоо милдетин жүктөйт.

6) **Күнөөсүздүк презумпциясы жана көрсөтүүлөрдү берүүгө же күнөөнү моюнга алууга мажбурланбоо укугу**

КРнын Конституциясынын 26-беренесине ылайык **“1. Ар бир адам мыйзамда каралган тартипте айыптуу экени далилденмейинче жана соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргени аныкталмайынча кылмыш жасаганга күнөөлүү деп эсептелбейт; 2. Эч ким өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдөөгө милдеттүү эмес. Күнөөлүү экенине карата ар кандай шектенүү айыпталуучунун пайдасына чечмеленет; 4. Жазык иши боюнча күнөөнү далилдөө түйшүгү айыптоочуга жүктөлөт; 5. Эч ким жеке өзүнө, жубайына жана мыйзам менен аныкталуучу жакын туугандарынын чөйрөсүнө каршы күбө катары өтүүгө милдеттүү эмес. Мыйзамды бузуу менен алынган далилдер күнөөнү негиздөө жана сот актысын чыгаруу үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес.**

[106] ЖСУЭПнын 14-беренеси 3 d) пункту.

**Көрсөтмө берүү милдетинен бошотуунун башка учурлары мыйзам менен белгилениши мүмкүн".**

Жазык сот өндүрүшүнүн стандарты катары күнөөсүздүк презумпциясы ЖСУЭПда камтылган "жазык укук бузуудагы ар бир айыпкер анын айыптуу экендиги мыйзамга ылайык далилденмейинче күнөөсүз деп эсептелүүгө укуктуу"[107]. Адилет соттук угууну талап кылуу укугунун негизги компоненти болуу менен күнөөсүздүк презумпциясы башкалардын арасынан жазык иши боюнча сот процессинин жүрүшүндө далилдөө жүгү баарынан мурда айыптоочу тарапта жаткандыгын, ал эми ар кандай шек саноо айыпкердин пайдасына чечмеленээрин билдирет. Мындан тышкары, күнөөсүздүк презумпциясы соттук угуунун жүрүшүндө соттолуучуга карата гана эмес, сотко чейинки мезгилдин жүрүшүндө шектүүгө же айыпкерге карата да сакталууга тийиш.

Бул укук судьялар иштин натыйжасы жөнүндө пикирлерин же ойлорун айтуудан өкүм чыгарган учурга чейин карманышын талап кылат. Ошондой эле өкүм чыгарылганга чейин мамлекеттик кызматчы тарабынан жасалган ар кандай көпчүлүк алдындагы айыптоо мүнөзүндөгү комментарий күнөөсүздүк презумпциясынын принцибин бузушу мүмкүн.

Күнөөсүздүк презумпциясы көрсөтүүлөрдү берүүгө жана күнөөнү моюнга алууга мажбурланбоо укугун жана тергөө убагында жана сотто үн катпоону сактоо укугун билдирет. ЖСУЭП, атап айтканда, "ар кимдин өзүнө каршы көрсөтүүлөрдү берүүгө же өзүн айыпкер деп табууга мажбурланбоо укугун" карайт[108].

7) **Кыйноолордун жана мажбурлоонун башка түрлөрүнүн натыйжасында алынган көрсөтүүлөрдү болтурбоо**

КРнын Конституциясынын 22-беренесине ылайык **"эч ким кыйноолорго, башка адамгерчиликсиз, мыкаачылык же кадыр-баркты басмырлаган мамилеге же жазалоого туш болушу мүмкүн эмес. Эркиндигинен ажыратылган ар бир адам өзүнө гумандуу мамиле жасалышына жана адамдык кадыр-баркынын сакталышына укуктуу"**. Ошондой эле негизги мыйзам **"эч ким кылмыш жасаганын өзү мойнуна алганынын негизинде гана соттолушу мүмкүн эмес"** (26-бер. 3-б.).

Кыйноолорду колдонууга тыюу салуу ЖСУЭПда, ошондой эле Кыргыз Республикасы ратификациялаган БУУнун кыйноолорго жана катаал, адамгерчиликсиз же кадыр-баркты басмырлаган мамиле жасоонун түрлөрүнө жана жазаларга каршы

[107] ЖСУЭПнын 14-беренеси 2-пункт.
[108] ЖСУЭПнын 14-беренеси 3 g) пункту.

конвенцияда белгиленген.

Кыйноолорго каршы конвенцияга ылайык мамлекет кыйноолорго дуушар болдум деп билдирген ар кандай адамга компетенттүү бийликтерге даттануу берүүгө жана алар тарабынан мындай даттанууну тез жана эч кимге тартпастан кароо укугун камсыз кылат. Доогерди жана күбөлөрдү начар мамиле жасоонун ар кандай түрлөрүнөн же даттануунун негизинде коркутуудан коргоону камсыз кылуу үчүн алдын ала чаралар көрүлөт[109].

Эгерде соттолуучу соттук териштирүүнүн убагында аны билдирүү жасоого же моюнга алуу көрсөтүүсүн берүүгө мажбурлады деп билдирсе, судья мындай билдирүүнү процесстин ар кандай стадиясында кароого укуктуу. Эгерде ага начар кара күчтүк же психологиялык мамиле жасоонун тышкы белгилери соттолуучудан билинсе, сот иш жүзүндө жадагалса даана билдирилген даттануу же билдирүү жок болгондо да аргасыздан моюнга алууну кароого милдеттүү[110].

Кыйноолорго каршы конвенция мамлекетти, кыйноолорду жасоодо айыпталган адамга каршы пайдаланылган учурларды албаганда, ар кандай билдирүү кыйноонун алдында жасалгандыгы белгиленгенде, ар кандай соттук териштирүүнүн жүрүшүндө далил катары пайдаланылбашын камсыз кылууга милдеттендирет[111].

8) **Квалификациялуу, компетенттүү жана натыйжалуу адвокаттын жардамы менен коргонуу укугу**

КРнын Конституциясы төмөнкүлөргө кепилдик берет: “**эркиндигинен ажыратылган учурдан тартып адамдын коопсуздугу камсыз кылынып, ага өзүн-өзү коргоого жана адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдаланууга, ошондой эле коргоочу күтүүгө мүмкүндүк берилет”** (24-бер. 5-б). **“Ар ким юридикалык квалификациялуу жардам алууга укуктуу. Мыйзамда көрсөтүлгөн учурларда юридикалык жардам мамлекеттин эсебинен жүргүзүлөт”** (40-бер. 3-б.). Бул кепилдиктер Жазык-процесстик кодекстин 20-беренесинде да каралган.

Андан тышкары, 2009-жылдын 17-июлундагы № 227 “Мамлекет тарабынан кепилдик берилүүчү юридикалык жардам жөнүндө” КРнын Мыйзамы менен “аларда укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо үчүн каражаттары болбогондо КРнын жарандарына мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам берүүнүн шарттары жана тартиби” каралган.

[109] Кыйноолорго каршы конвенциянын 13-беренеси.
[110] ЖСУЭПнын 14-беренеси 3 g) пункту.
[111] Кыйноолорго каршы конвенциянын 15-беренеси.

Эл аралык стандарттар мамлекетти соттолуучуга квалификациялуу, компетенттүү жана натыйжалуу коргоону камсыз кылууга милдеттендирет. Эгерде адвокат тиешелүү коргоону камсыз кылбаса, мамлекеттик органдар тиешелүү чараларды алдын ала көрүүгө тийиш.

Жазык укук бузууда айып коюлган учурда ар ким "коргоого даярдануу жана өз тандоосу боюнча адвокат менен кабарлашуу үчүн зарыл убакытты жана шарттарды берүүнү талап кылууга" укуктуу[112]. Коргоого даярдануу үчүн зарыл убакытты жана жетиштүү мүмкүнчүлүктөрдү талап кылуу укугу айыпкерге, ошондой эле анын адвокатына да жайылтылат. Бул укуктук ченем соттук териштирүүнүн бардык этаптарында сакталууга тийиш. "Жетиштүү" убакыт түшүнүгү соттук териштирүүнүн мүнөзүнө жана айкын иштин жагдайларына жараша болот. Бул учурда сот ишинин татаалдыгы, айыпкердин күбөлөрдүн көрсөтүүлөрүнө жетүүсү, ички мыйзамдарга ылайык тигил же бул соттук аракеттердин аткарылышынын мөөнөттөрү ж.у.с. сыяктуу факторлор эске алынат.

9) **Тилмечке жана жазуу жүзүндөгү котормого укук**

Жазык-процесстик кодекс **"Сот иши жүргүзүлүп жаткан тилди билбеген, ишке катышкан адамдарга эне тилинде билдирүү жасоо, көрсөтүү берүү, өтүнүч билдирүү, иштин бардык материалдары менен таанышуу, сотто чыгып сүйлөө жана тилмечтин кызматынан пайдалануу укугу берилет. Айыпкер катары ишке тартуу жөнүндө токтомдун жана өкүмдүн (аныктаманын, токтомдун) көчүрмөлөрү айыпкерге, соттолуучуга соттолгон адамга алардын эне тилинде же алар билген тилде тапшырылат"** (23-бер. 2, 3-б.).

ЖСУЭП ар ким "эгерде соттук угуунун жүрүшүндө пайдаланылган тилди түшүнбөсө же сүйлөбөсө, тилмечтин акысыз кызматтарынан пайдаланууга" укуктуу[113]. Тилмечти тартуу укугу ал өлкөнүн жарандарына, ошондой эле чет өлкөлүктөргө тең мерчемде жайылтылат. Тилмечтин кызматтары акысыз негизде көрсөтүлөт жана соттун өкүмү чыгарылгандан кийин айыпкердин же соттолуучунун каражаттарынын эсебинен кандайдыр бир орду толтурулууга жатпайт.

10) **Күбөлөрдү суракка алуу укугу**

Толук баалуу коргоонуу үчүн күбөлөрдү тартуу укугу айыпкердин (соттолуучунун) укуктарынын бири болуп саналат.

Мисалга алсак, ЖПКнын 42-беренеси айыпкердин далилдерди берүү укугун

[112] ЖСУЭПнын 14-беренеси 3 b) пункту.
[113] ЖСУЭПнын 13-беренеси 3 f) пункту.

карайт. Бул маалыматтар күбөнүн көрсөтүүлөрү менен белгилениши мүмкүн (81-бер.). Ошондой эле шектүүнүн (соттолуучунун) коргоочусу (адвокаты) күбөлөрдүн жазуу жүзүндөгү арыздарын жана түшүндүрмөлөрүн алууга укуктуу (48-бер.). ЖПКнын 60 жана 61-беренелери күбөнүн негизги жоболорун, укуктарын жана милдеттерин аныктайт.

Бул укукту ишке ашыруу үчүн ЖПК күбөлөрдү тартуу, ошондой эле тергөө стадиясында (192-берене), сот отурумунун убагында (291-берене) аны суракка алуу маселеси чечилип жатканда бир катар беренелерди карайт.

Жазык иши боюнча айып коюуда ар ким "ага каршы тартылган күбөлөрдү суракка алууга же суракка алууга жетишүүгө, ошондой эле соттук угуунун жүрүшүндө анын көз карашын коргоочу күбөлөрдүн болуусуна жетишүүгө укуктуу"[114]. Бул ченем мүмкүнчүлүктөрдүн теңдик принцибинин негиз болуучу элементи болуп саналат.

Мындан тышкары, ЖСУЭП айыптоочу тарап соттук угуунун жүрүшүндө өздөрү тарткан күбөлөр жөнүндө коргоого маалымдоого тийиштигин божомолдойт. Мындай маалымдоо айыпкер өзүн коргоого даярдануу мүмкүнчүлүгү болушу үчүн алдын ала берилүүгө тийиш. Айыпкер айыптоочу тараптын күбөлөрү көрсөтүүлөрдү берип жатканда жеке катышууга да укуктуу. Ал, эреже катары, айыпкер тарабынан өч алуу коркунучу менен байланышкан өзгөчө учурларда гана бул укукту ишке ашыруудан чектелиши мүмкүн.

Ага каршы чыккан күбөлөрдү суракка алууга же суракка алууга жетишүүгө айыпкердин укугун бузуулардан качуу үчүн соттор айыпкер тарабынан мүмкүн болуучу өч алуу жөнүндө кайрылууларды өзгөчө дыкат кароого жана айыпкерди негизделген учурларда гана сот отурум залынан чыгарып жиберүүнү санкциялоо берүүгө тийиш. Бирок күбөлөр эч бир учурда айыпкер же анын адвокаты болбогондо суракка алынышы мүмкүн эмес. Ошондой эле аты аталбаган күбөлөр тарабынан берилген күбө болуучу көрсөтүүлөрдү пайдаланууга жол берилбейт. Бул айыпкердин өзүнө каршы көрсөтүүлөрдү берген күбөлөрдү суракка алуу же аларды суракка алууну камсыз кылуу укугун бузуу болмок.

11) **Жазык мыйзамдарынын ченемдеринин өткөн мезгилге карата колдонулушуна тыюу салуу**

КРнын Конституциясына ылайык **"адамдын жоопкерчилигин белгилөөчү же оорлотуучу мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт. Жасалган учурга карата укук бузуу деп таанылбаган иш-аракети үчүн эч ким жоопкерчилик тартпашы керек. Эгерде укук бузуу жасалгандан кийин ал**

[114] ЖСУЭПнын 14-беренеси 3 е) пункту.

**үчүн жоопкерчилик жокко чыгарылса же жеңилдетилсе, анда жаңы мыйзам колдонулат. Жоопкерчиликти белгилөөчү жазык мыйзамы окшоштук боюнча колдонулбайт”** (6-бер., 5-б., 28-бер.).

ЖСУЭПга ылайык укуктук ченемдердин өткөн мезгилге карата колдонулушуна тыюу салуу бардык жазык укук бузууларга таандык болот. Эгерде ал жасалган учурга карата мындай жаза ички жана эл аралык мыйзамдардын ченемдеринде каралбаса, тигил же бул жазык кылмышын жасоодо эч ким күнөөлүү деп табылбагандыктан, ал боюнча жаза ал жасалган учурга карата мыйзамдарда каралбагандыктан, тигил же бул укук бузуу боюнча эч кандай жаза коюлушу мүмкүн эмес. Андан калса, жазыктык жаза колдонулуучу укук бузууну жасагандык үчүн ал кылмыш жасалган учурга карата колдонуудагы мыйзамдарда каралгандардан кыйла катаал жаза чыгарылышы мүмкүн эмес[115].

12) **Бир эле иш боюнча кайталап куугунтуктоого тыюу салуу**

КРнын Конституциясына ылайык **“бир эле укук бузгандык үчүн эч ким кайра юридикалык жоопкерчилик тартпоого тийиш”** (27-бер. 3-б).

Бул жобо белгилүү бир кылмышка байланыштуу соттолгон же акталган адамды ошол эле кылмыш үчүн сотко берүүгө тыюу салат. Бирок, эгерде жогору турган сот өкүмдү жокко чыгарса жана жаңы соттук териштирүү жүргүзүү жөнүндө тескеме чыгарса, бул тыюу салуунун мааниси болбойт. Ошондой эле бул жобо актоо өкүмүн чыгаруу учуруна карата белгилүү болбогон жаңы жагдайлар боюнча жазык өндүрүшүн кайра жаңыртууга тыюу салбайт[116].

## В. Соттон кийинки укуктар

1) **Даттануу укугу**

КРнын Конституциясына ылайык **“соттолгон ар бир адам ишин жогору турган сотто кайра каратууга укуктуу”** (27-бер. 1-б.). “**Сот процессинин катышуучуларынын процесстик укуктары, анын ичинде чечимдерге, өкүмдөргө жана башка соттук актыларга даттануу укугу, ошондой эле аларды жүзөгө ашыруунун тартиби мыйзам менен аныкталат”** (99-бер. 5-б.).

Биринчи инстанциядагы сот тарабынан чыгарылган ар кандай өкүмдүн аткарылышын ал иш апелляциялык соттун кайра кароосу аяктаганга чейин соттун токтотуу милдети апелляцияга укукту ишке ашыруунун түздөн-түз натыйжасы

[115] ЖСУЭПнын 15-беренеси 1-пункт.
[116] ЖСУЭПнын 14-беренеси 7-пункт.

болуп саналат. Бул принцип соттолгон адам биринчи инстанциядагы сот тарабынан чыгарылган өкүмдү ыктыярдуу кабыл алган учурда гана колдонулбай калат. Ал укук бузуунун оордугуна жана биринчи инстанциядагы сот чыгарган өкүмгө карабастан, кылмыш жасагандык үчүн соттолгон бардык адамдар аппеляция укугуна ээ. Адилет соттук кароонун кепилдиктери аппеляциялык процесстик аракеттердин бардык этаптарында кыйшаюусуз сакталууга тийиш[117].

2) **Жасалган соттук ката үчүн зыяндын ордун толтурууну талап кылуу укугу**

“Жасалган жазык кылмыш үчүн адамга карата айыптоо мүнөзүндөгү биротоло чечим чыгарылып, ал эми андан кийин соттук ката жасалгандыгы жөнүндө күбө болгон жаңы ачылган жагдайларды талдоонун негизинде бул чечим кайра каралганда же жадагалса жокко чыгарылганда, эгерде бул жеке адам тиешелүү жагдайларды өз убагында ачпаганга жарым-жартылай же толугу менен күнөөлүү экендиги далилденбесе, ал адам соттук ката жасалгандык үчүн зыяндын ордун толтурууну талап кылууга укуктуу”[118]. Мында соттук катанын компенсациясы тиешелүү сот инстанциясы бул иш боюнча биротоло чечим чыгарган учурда гана мүмкүн болоорун белгилей кетүү зарыл. Жасалган укук бузуунун ордугуна карабастан соттун чечимине даттанылышы мүмкүн.

Бул укукту ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн төмөнкү үч шарт сакталган болууга тийиш: а) жасалган соттук ката расмий түрдө таанылган жана соттун өкүмүн жокко чыгаруу же кечирим берүү жөнүндө соттун чечими менен ырасталган болууга тийиш; б) тиешелүү жагдайларды кечиккен ачуу соттолгондун аракеттери менен байланышпоого тийиш; жана в) жасалган соттук катанын натыйжасында соттолгонго карата биротоло өкүм чыгарылган болууга тийиш.

[117] ЖСУЭПнын 14-беренеси 5-пункт.
[118] ЖСУЭПнын 14-беренеси 6-пункт.

# БУЛАКТАР:

**Улуттук булактар:**

1) 2010-жылдын 27-июнундагы референдумда кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы;

2) 1999-жылдын 13-июнундагы № 62 КРнын Жазык-процесстик кодекси;

3) 2005-жылдын 17-августундагы № 150 "Экстремисттик ишке каршы аракеттенүү жөнүндө" КРнын Мыйзамы;

4) 2008-жылдын 31-декабрындагы № 282 "КРдагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө" КРнын Мыйзамы;

5) 2009-жылдын 17-июлундагы № 227 "Мамлекет тарабынан кепилдик берилген юридикалык жардам жөнүндө" КРнын Мыйзамы.

**Эл аралык булактар:**

1) Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясы, БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1948-жылдын 10-декабрындагы 217 А (III) резолюциясы менен кабыл алынган;

2) 1966-жылдын 16-декабрындагы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Нью-Йорк ш.;

3) Диндин жана ынанымдардын негизинде чыдамсыздыктын жана кодулоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө декларация, Башкы Ассамблеянын 1981-жылдын 25-ноябрындагы 36/55 резолюциясы менен кабыл алынган;

4) БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин № 22 Жалпы тартиптеги сын-пикири, Кырк сегизинчи сессия, 1993-жыл.